# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2010

ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2010

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

## 2 0 1 0

Бишкек 2011

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2010-жыл үчүн отчету**

Улуттук банктын 2010-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасыны «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 8 жана 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2010-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын жалган куран айынын жыйырма экисиндеги № «17/1» жана 2011-жылдын жалган куран айынын жыйырма бешиндеги №18/1 токтомдору менен бекитилген.

2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын жалган куран айынын отузундагы № «20/13» токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Цыплакова Л.Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Алыбаева С.К. |
| | Садыкова Н.О. |
| | Урустемов С.А. |
| | Усупова М.Р. |
| | Хан Р.Д. |
| Жооптуу катчы: | Айдарова А.К. |



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:

Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Макроэкономикалык
анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө

(996 312) 669 157 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: aaidarova@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:

Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө

(996 312) 669 009 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: pr@nbkr.kg
веб-сайт: http://www.nbkr.kg

# МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү....................................................5

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2010-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2010-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ....8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору..................................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору..............................10
1.3. Төлөм теңдеми..........................................................12
1.4. Банк сектору..............................................................15
1.5. Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер сектору..................................................................................20
1.6. Финансы рыноктору..................................................25
1.6.1. Валюта рыногу.................................................25
1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу........................27
1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу...................................28
1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу.................35

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2010-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ........................42

2.1. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу.......................42
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу..................45
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар........46
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен..........................................................49
2.2.3. Репо-операциялары...........................................50
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо..............................51
2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар............................51
2.3. Эл аралык камдарды тескөө...................................52
2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары................54

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛДҮК ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ.........................................................................58

3.1. Банктык көзөмөл.....................................................58
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелерине көзөмөлдүк............................................................................65
3.3. Көзөмөлдүк жана жөнгө салуу методологиясы.....66

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ..............................70

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү.................................70
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр....................................70
4.1.2. Төлөм системасына көзөмөлдүк.....................73
4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар..................................................................74
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү............................................75

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР............................................................................77

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу...............77
5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу..............................................................................82

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ........................................................84

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү..............................................................................84
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдагы иши................................90
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү............................95
6.4. Финансылык кеңешчи милдетин аткаруу............99
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы.....101
6.6. Коомчулукка маалымат берүү............................102

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2010-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ......................................................106

7.1. Консолидацияланган финансылык отчет-тун даярдалышына жана бекитилишине жоопкерчиликтин жетекчилик тарабынан тастыкталышы.......107
7.2. Көз карандысыз аудиторлордун отчету.............108
7.3. Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет...........................................................................109
7.4. Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет............................110
7.5. Чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет....................................................111
7.6. Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет.................................................112
7.7. Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет.............................................113
7.8. Консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр........................................................115

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2010-жылы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги..........................................160
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер)........................................................170
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары..........................194
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси............198



Кыргыз Республикасынын 2010-жылдагы экономикалык өнүгүүсү кыйла татаал социалдык-саясый жагдайда жүргөн. Ушул шартта финансылык туруктуулукту, төлөм системасынын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылуу жана экономикалык өсүштүн калыбына келишине өбөлгө түзүү, Улуттук банктын ишинин биринчи кезекте көңүл бурулуучу багытынан болгон.

Улуттук банк тарабынан ишке ашырылган акча-кредит саясаты макроэкономикалык туруктуулукту колдоонун маанилүү факторунан болгон. Ички саясый таасирлердин жана тышкы чөйрөнүн баа таасирлеринин кесепетинин айкалышында, акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу алда канча татаал болгон.

Акча-кредит саясатынын экономиканын өтө эле төмөндөп кетишине жол бербөө максатында, банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыз кылууга багытталган чаралары, ИДПнын төмөндөө арымын күтүлгөндөгүгө караганда басаңдатууга мүмкүндүк берген. Жылдын экинчи жарымында азык-түлүк рыногундагы баа таасири инфляциялык процесстерди күчөткөн. Ушул шартта Улуттук банк, инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн чектөө үчүн акча-кредит саясатынын таасирин катуулатуу боюнча чараларды көргөн.

Улуттук банктын мына ушундай аракеттери калайык-калктын финансы системасына ишенимин сактап калууга, айрым банктардагы тобокелдиктерге бөгөт коюуга жана системалуу финансылык кризиске жол бербөөгө өбөлгө түзгөн. Кыргыз Республикасынын банк тутутуму негизинен, келип чыккан кыйынчылыктарга туруштук бере алган, бул калктын депозиттеринин агылып кирүүсүн колдоого жана экономиканы кредиттөөнү улантууга мүмкүндүк берген. Улуттук банктын иши банктык көзөмөлдүктү, банктарда ички контролдукту күчөтүүгө жана банктык тобокелдикти тескөө системасын, консолидацияланган көзөмөлдүктү өнүктүрүүгө багытталган.

Кароого алынып жаткан жылда банктык эмес финансы-кредит мекемелер системасын өнүктүрүү иши улантылган. Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиясын ишке ашыруунун натыйжасында, ушул мекемелердин ишинин баардык көрсөткүчтөрүнүн өсүшүнө жетишилген.

Улуттук төлөм системасынын отчеттук жылда ишенимдүү жана үзгүлтүксүз иши финансылык туруктуулукту колдоого түрткү берген. Улуттук банк, төлөм системасын жана чекене финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө ошондой эле, калайык-калктын төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга багытталган, анын инфраструктураларын өнүктүрүү ишин улантКан.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2010-жыл үчүн жылдык отчету, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга ылайык даярдалган жана анда, эл аралык стандарттарга ылайык түзүлгөн, көз карандысыз аудит менен тастыкталган финансылык отчет камтылган.

Отчетту даярдоодо Улуттук банк адаттагыдай эле, транспаренттүүлүк жана маалыматтардын толук чагылдырылышы принциптерине таянган.

**Төраганын милдетин аткаруучу**  ***Жеенбаева Б.Ж.***

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2010-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2010-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ

2010-жылы саясый туруксуздуктун терс кесепеттеринин таасиринен улам, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөөсү катталган. Өнөр жайын эске албаганда, экономиканын баардык негизги секторлорундагы төмөндөө, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүш арымынын басаңдоосун шарттаган. Болуп өткөн окуялардын кесепеттерин четтетүү мамлекеттик чыгашаларды олуттуу көбөйтүүнү талап кылган, бул бюджет тартыштыгынын өсүшүнө алып келген. Чек аралардын убактылуу жабылышы жана контролдук-өткөрмө режиминин катуулатылышы, тышкы экономикалык ишкердик көрсөткүчтөрүнүн начарлоосуна алып келген: төлөм теңдеминин оң сальдосу төмөндөп, күндөлүк операциялар эсебинин абалы начарлаган.

Финансы секторундагы абал 2010-жылда татаал бойдон калган. Бир жагынан алып караганда, кредит портфелинин сапатынын айрым бир начарлоосу, ликвиддүүлүктүн өзгөрүүсү жана валюталык тобокелдиктердин жогорулоосу жүргөн. Экинчи жактан, кредит портфелинин, айрыкча узак мөөнөттүү кредиттөөнүн арткандыгы, кредиттерге пайыздык чендердин төмөндөшү, депозиттик базанын дюрациясынын көбөйүүсү жана экономиканын долларлашуусунун төмөндөөсү белгиленген. Бүтүндөй алганда, штаттык режимде иштеген банктар алгылыктуу динамикага ээ болуп, пайда алуу менен иштеген.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМдер) секторунун өнүгүү тенденциясы ийгиликтүү калыптанган. Отчеттук мезгил ичинде БФКМдердин, алардын карыз алуучуларынын саны, активдердин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү катталган.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору

Бүтүндөй алганда, 2010-жылы Кыргызстандын экономикасы өтө эле оор жагдайды башынан кечирген. Жыл башында соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө өткөндөгү финансылык-экономикалык каатчылыктан кийин иш жигеринин калыбына келиши алкагында, экономикалык өсүш арымынын жогорулоосу белгиленген. Ошондой болсо да, кийинчерээк өлкөдөгү экономикалык жигердүүлүк олуттуу төмөндөгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСКнын) алдын ала маалыматтары боюнча 2010-жылы ИДПнын* көлөмү, ошол учурда орун алган баада 212,2 млрд. сом деңгээлинде калыптанып, 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчтүн 2,9 пайызга өсүшүнө караганда, реалдуу алганда 1,4 пайызга төмөндөгөн. Ал эми «Кумтор» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДПнын көлөмү 2010-жылы 2,1 пайызга төмөндөгөн (2009-жылда өсүш 3,4 пайыз чегинде катталган эле).

Алдын ала маалыматтар боюнча отчеттук жылы ИДПнын дефлятору, 2009-жылдын үчтүн-бештин айларындагы 4,0 пайызга салыштырганда, 6,9 пайызды түзгөн.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Саясый туруксуздук, өткөрмө режиминин чектелиши, Казакстан жана Өзбекстан Республикалары менен чек аралардын жарым жартылай жабылышы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө төмөндөөнү шарттап, соода жүргүзүү багытында жалпы экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашына олуттуу таасирин тийгизген. Алсак, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча соода операцияларынын көлөмү 6,4 пайызга кыскарган. Бул операциялардын түзүмүндө дүң соода жүгүртүүсүнүн төмөндөшү 8,6 пайызды түзүп, чекене соода жүгүртүү 5,5 пайызга төмөндөгөн.

* Отчётто, Ички дүң өнүмү кыскартылган түрдө, мурдатан бери колдонулуп келинген ИДП деп берилет.

***1.1.1-таблица***

Ички дүң өнүмүнүн (ИДПнын) түзүмү

| | 2009 | | | 2010 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырмалуу салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* | Салыштырмалуу салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* |
| **ИДП** | **100,0** | **2,9** | **2,9** | **100,0** | **-1,4** | **-1,4** |
| Айыл чарбасы | 18,8 | 6,7 | 1,6 | 18,5 | -2,8 | -0,5 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,5 | 7,7 | 0,0 | 0,7 | -0,4 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 14,2 | -9,3 | -1,2 | 15,9 | 10,1 | 1,4 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,2 | -2,6 | 0,0 | 2,7 | 11,0 | 0,2 |
| Курулуш | 6,7 | 22,1 | 1,2 | 5,7 | -22,8 | -1,5 |
| Соода; автомобильдерди оңдоо | 16,8 | 2,3 | 0,4 | 16,1 | -6,4 | -1,1 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 1,3 | 4,2 | 0,1 | 1,2 | -9,6 | -0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 8,8 | 5,1 | 0,4 | 9,1 | 2,5 | 0,2 |
| Финансылык иштер | 0,7 | 6,0 | 0,1 | 0,6 | 0,9 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар | 4,6 | 1,1 | 0,0 | 4,4 | -0,1 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,3 | 2,5 | 0,1 | 5,6 | 2,2 | 0,1 |
| Билим берүү | 4,4 | 1,4 | 0,1 | 4,4 | 0,6 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана соц. кызмат көрсөтүүлөр | 2,6 | -0,3 | 0,0 | 2,3 | 0,8 | 0,0 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо | 2,1 | -6,3 | -0,1 | 2,1 | -0,4 | 0,0 |
| Продуктыларга таза салык (субсидияларды алып салуу менен) | 11,0 | 2,9 | 0,4 | 10,5 | -1,4 | -0,2 |

*Булагы: КР УСК маалыматтары.*

*Айыл чарбасы*

Айыл чарбасынын дүң өнүмүнүн көлөмү 2010-жылда 116,0 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда 2,8 пайызга төмөндөгөн. Мында, айыл чарбасынын ИДПнын түзүмүндөгү салыштырма салмагынын төмөндөө тенденциясы сакталып калган. Алсак, ИДПнын түзүмүндөгү айыл чарбасынын үлүшү 2009-жылдагы 18,8 пайызга салыштырганда, 18,5 пайызды түзгөн. Айыл-чарба азык-түлүгүн өндүрүүнүн кыскарышы, өлкөдө инфляцияны тездеткен кошумча фактордон болгон.

*Өнөр жай өндүрүшү*

Өнөр жай продукцияларын өндүрүү 124,4 миллиард сом чамасында катталган, анын физикалык көлөмү 9,8 пайызга өскөн. Ал эми «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 11,7 пайызды түзгөн. 2010-жылда калыптанган өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү көбүнесе, өнөр жайындагы төмөндөө 8,1 пайызды түзгөн 2009-жылдагы төмөнкү база эффекти менен шартталган. ИДПнын түзүмүндөгү өнөр жайынын салыштырма салмагы 2009-жылдагы 16,9 пайыздан 2010-жылдагы 19,4 пайызга чейин өскөн. Мунун натыйжасында бул сектор Кыргызстандын экономикасынын түзүмүндө эң чоң үлүштү ээлөөгө жетишкен.

Өнөр жайынын өсүшүнө олуттуу салымды, өсүшү 10,1 пайызды түзгөн кайра иштетүү өнөр жайы тармагы кошкон. Кайра иштетүү өнөр жайынын түзүмүндө экспортко багыт алган секторлордо: текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (143,3 пайыз), башка металл эмес минерал продукцияларын өндүрүүдө (139,8 пайыз), металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын жасап чыгаруу өндүрүшүндө (106,7 пайыз) эң эле динамикалуу өсүш катталган.

Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагы өнөр жайдын өсүшүнө олуттуу салым кошкон. Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, ушул тармактын иш жигери 2009-жылдагы 2,6 пайыз чегинде төмөндөөгө салыштырганда, отчеттук жылда 11,0 пайызга өскөн.

*Курулуш*

Курулуштун жалпы дүң көлөмү 2010-жылы 36,0 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда 22,8 пайызга төмөндөгөн. Ал эми 2009-жылы бул көрсөткүч 22,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон эле. Отчеттук мезгил ичинде курулуш иштери чөйрөсүнүн кыскаруусу, негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн төмөндөөсү менен шартталган.

*Инвестициялык ишкердик*

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, негизги капиталга инвестициялардын көлөмү реалдуу алганда 9,8 пайызга төмөндөө менен 44,1 млрд. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, 2009-жылы бул көрсөткүч 30,8 пайызга көбөйгөн эле. Кайра иштетүү өнөр жайы объекттеринде, электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү багытында, мейманканаларды жана тойканаларды куруу чөйрөсүндө өздөштүрүлгөн каражаттардын төмөндөөсү, 2010-жылда негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн кыскаруусунун негизги себебинен болгон. Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө, ички булактардын эсебинен 2,3 пайызга сыяктуу эле, тышкы булактардын эсебинен 27,9 пайызга кыскаруу катталган. Калайык-калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялар 26,5 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен, жеке курулуш ишинин көлөмүнүн төмөндөөсү жана жеке ишкердикке инвестициялардын азаюусу менен шартталган. Ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен инвестициялар 70,0 пайыздык өсүшкө ээ болгон (негизинен «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларынын эсебинен).

2010-жылы орточо айлык эмгек акынын өсүш арымы реалдуу алганда басаңдап, 2009-жылдагы 8,0 пайызга салыштырганда 5,8 пайызды түзгөн.

### 1.2. Мамлекеттик финансы сектору

*Бюджет саясатын жүргүзүү шарттары*

Саясый туруксуздуктун кесепеттери мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүш арымынын басаңдашына алып келген, атап айтканда, расмий трансферттердин түшүүлөрү олуттуу кыскарып, экинчи жактан социалдык коргоого алуу, экономикалык маселелер, коргонуу, коомдук тартипти сактоо жана коопсуздук маселелери чөйрөсүнө бюджеттик чыгашаларды көбөйтүү жүрүп, бул мамлекеттик бюджеттин дисбалансынын олуттуу көбөйүүсүнө түрткү берген.

*Бюджет тартыштыгынын көбөйүүсү*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2009-жылдагы 1,5 пайызга караганда, 2010-жылы ИДПга карата 5,1 пайызды түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатууну кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин кирешелери 3,7 пайызга көбөйүү менен 57,4 млрд. сомду же ИДПга карата 27,0 пайызды түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууну кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 68,2 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 17,0 пайызга көбүрөөктү түзгөн, ал эми ИДПга карата чыгашалар 28,9 пайыздан 32,1 пайызга чейин көбөйгөн.

***1.2.1-график.***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




2010-жылы салыктык кирешелер, 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 9,0 пайызга көбөйүп, 39,4 млрд. сомду түзгөн. Бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрдүн үлүшү 68,6 пайыз чегинде катталган, бул 2009-жылдагыга салыштырганда 3,3 пайыздык пунктка көп. Бажы жана салык органдары тарабынан салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 40,4 жана 59,6 пайызы камсыз кылынган.

***1.2.2-график***

Мамлекеттик бюджеттин салыктык түшүүлөрүнүн түзүмү




*Салыктык түшүүлөрдүн өсүшү*

Салыктык кирешелердин өсүшү эң оболу, «Кумтор Оперейтинг Компани» ЖАКтын дүң кирешесинен салыктык түшүүлөрдүн 2,2 эсеге же 2,4 млрд. сомго, ошондой эле импорттон түшүүлөрдүн көбөйүүсү менен шартталган (УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча 2010-жылда импорттун СИФ баасындагы көлөмү 6,5 пайызга көбөйгөн). Алсак мисалы, сырттан алынып келинген продукцияларга КНСтен түшүүлөр 16,8 пайызга көбөйгөн. Ал эми өлкө ичинде өндүрүлгөн товарларга жана сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө КНСтен түшүүлөр 7,8 пайызга төмөндөгөн, алардын салыктык кирешелердин жалпы көлөмүндөгү үлүшү төмөн бойдон калган (10,8 пайыз). Бүтүндөй алганда, КНСтен түшүүлөр 8,4 пайызга же 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 1,1 млрд сомго көбөйгөн.

Мамлекеттик бюджеттин 2010-жылдагы операциялык ишкердикке кеткен чыгашалары 61,6 млрд. сомду же ИДПга карата 29,0 пайызды түзгөн (2009-жылы ИДПга карата 24,9 пайыз).

*Мамлекеттик чыгашалардын социалдык багыттуулугу*

Мамлекеттик чыгашалар саясатында, калктын аз камсыз болгон катмарына социалдык даректүү жардамдарды сунуштоого өзгөчө көңүл бурулган. Алсак, социалдык коргоого алууга чыгашалар 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда көбөйгөн (2,0 эсеге), бул калктын эң эле аярлуу катмарына коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана электр энергиясы үчүн компенсациялык төлөөлөргө, Улуу Ата Мекендик согуш ардагерлери үчүн пенсия өлчөмүн (базалык бөлүгүн 25,0 пайызга, камсыздандыруу бөлүгүн – пенсия өлчөмүнө жараша 100 сомдон 500 сомго чейин) жана жөлөкпулдарды жогорулатууга байланыштуу келип чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде функционалдык классификациялоого ылайык, төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өсүшү байкалган: социалдык коргоого алууга – 2,0 эсеге, экономикалык маселелерге – 34,9 пайызга, коргонууга, коомдук тартипти сактоого жана коопсуздукка – 32,6 пайызга, эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга – 12,9 пайызга, саламаттыкты сактоого – 10,4 пайызга, билим берүүгө – 4,3 пайызга жана турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө – 2,6 пайызга. Ал эми мамлекеттик бюджеттин чыгашалары «Курчап турган чөйрөнү коргоо» статьясы боюнча 2,4 пайызга, «Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар» статьясы боюнча 1,7 пайызга кыскарган.

***1.2.3-график***

Мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын функционалдык классификациялоо




*Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар*

Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 7,9 млрд. сомду же 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,2 пайыздык пунктка көбөйүп, ИДПга карата 3,7 пайызды түзгөн; анын ичинен пайыздык төлөөлөр ИДПга карата 0,9 пайыз чегинде катталган.

Мамлекеттик бюджеттин финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларынын, аларды сатуудан артышы 2010-жылда 6,6 млрд. сомду же ИДПга карата 3,1 пайызды түзгөн (2009-жылы бул, ИДПга карата 4,1 пайыз чегинде катталган эле).

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[1]

Төлөм теңдеминин оң сальдосу 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 74,6 пайызга төмөндөө менен 56,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

*Күндөлүк эсептин абалы*

Күндөлүк трансферттер боюнча акчалай түшүүлөрдүн өсүшүнө карабастан, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр эсебинин терс сальдосу олуттуу көбөйгөн, ал эми «кирешелер» статьясы боюнча агылып чыгуулар, күндөлүк эсептин абалынын

[1]Алдын ала алынган маалыматтар боюнча

начарлоосуна алып келген. Күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 497,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган, бул ИДПга карата 10,8 пайызга туура келет, ал эми 2009-жылы бул көрсөткүч 2,4 пайыз чегинде катталган эле.

***1.3.1-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы сооданын абалы*

Сырьелук товардык рыноктордогу эл аралык баа динамикасы, коңшу өлкөлөр менен чек аралардын жабылышы менен катары эле, Кыргыз Республикасынын тышкы соода операцияларынын көлөмүн аныктаган негизги факторлордон болгон.

Өлкөнүн тышкы соодасынын мүнөздүү өзгөчөлүгүн эске алганда, импорттук түшүүлөр сыяктуу эле, экспорттук берүүлөр, анын ичинде реэкспорт олуттуу таасирге дуушар болгон. Алсак, тышкы соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмү 4,8 млрд. АКШ долларына чейин көбөйгөн, бул көбүнесе импорттун 11,1 пайызга өсүшү менен шартталган, мында экспорт бир аз гана – 1,6 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

Нарктык көлөмү дүйнөлүк рыноктордо мунайга баанын өсүшүнүн кесепетинен 31,8 пайызга өскөн мунай заттарынын түшүүсү, импорттун көлөмүнүн көбөйүүсүнө негизги салым кошкон. Мында, керектөө товарларынын импортунун өсүшү 7,8 пайыз деңгээлиндеги алгылыктуу чекте болгон.

Экспорттогу алгылыктуу тенденциянын түптөлүшү биринчи кезекте алтынды берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн 22,0 пайызга өсүшү менен шартталган, ал эми бул өз кезегинде, баанын 19,9 пайызга жана берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 1,7 пайызга өсүшүнөн улам келип чыккан. Алтынды эске албаганда, экспорт 7,7 пайызга төмөндөп, 1,1 млрд. АКШ долларын түзгөн. Ушуну менен катары эле, реэкспорттолгон товарлардын көлөмүнүн дээрлик эки эсеге төмөндөгөндүгү катталган.

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча 9,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү ушул баланстын терс сальдосуна салыштырганда, 325,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс сальдодо чыккан. Кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы соода балансынын тартыштыгынын олуттуу көбөйүүсү, резидент эместерден алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшү шартында, аларга сунушталган кызмат көрсөтүү көлөмүнүн олуттуу төмөндөшүнөн улам келип чыккан. Алынган ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү шартында, кыдыруулар чөйрөсүндө сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу төмөндөгөндүгү байкалган.

Кыргыз Республикасынын эмгек мигранттарынын негизги массасы орун алган өлкөлөрдүн экономикаларынын каатчылыктан кийин бара-бара калыбына келип жатышы, эмгек мигранттарынан валюталык түшүүлөрдүн көлөмүнүн көбөйүүсүнө түрткү берген. Натыйжада, чет өлкөлөрдө иштеп жаткандардын акчалай

которууларынын таза агымы, 2009-жылга салыштырганда 25,5 пайызга өсүү менен 1,2 млрд. АКШ долларын түзгөн.

Кирешелердин терс сальдосу 21,0 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишкердигине төлөөгө каралган кирешелердин кыскарышы менен шартталган.

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби, отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 168,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан (2009-жылы 572,7 млн. АКШ доллары чегинде болгон). Мигранттар алып чыгып кеткен активдердин көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсү, капиталдык товарлар түрүндөгү трансферттердин өсүшүнө салыштырганда, капитал менен операциялар эсеби боюнча 27,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү терс сальдонун калыптанышына алып келген.

*Капиталдын жылышы эсебинин абалы*

Кароого алынып жаткан жылы финансылык эсеп боюнча валюталык түшүүлөр тике жана портфелдик инвестицияларда катталган. Тике чет өлкө инвестицияларынын агылып кирүүсү 174,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2009-жылдагы ушул көрсөткүчтүн маанисинен 8,0 пайызга аз. Портфелдик инвестициялар боюнча таза агым 103,1 млн АКШ долларында катталуу менен резидент эместердин биздин өлкөнүн резиденттеринин колунда турган карыздык баалуу кагаздарынын кыскаруусу менен камсыз кылынган.

Ал эми «башка инвестициялар» статьясы боюнча 81,3 млн. АКШ доллары деңгээлинде агылып чыгуу катталган. Бул, алардын чет өлкөлөрдөгү активдеринин азайышына караганда, «тышкы дүйнө» алдында резиденттердин милдеттенмелеринин көбүрөөк деңгээлде кыскарышынын натыйжасында жүргөн. Мындан тышкары, тышкы милдеттенмелердин кыскаруусу боюнча төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл, бул көрсөткүч банк статистикасынын негизинде катталган, банк тутумунан капиталдын агылып чыгуусунун таасиринен улам түптөлгөн, анда «АзияУниверсалБанк»[1] (АУБ) ААКсынын көрсөткүчтөрү да камтылган. Мындан тышкары, мамлекеттик сектор тарабынан тартылган кредиттердин көлөмү төмөндөп 157,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Муну базалык мезгилдин жогорку деңгээли менен түшүндүрүүгө болот[2].

Ошондой эле, резиденттердин тышкы активдеринин азайгандыгы да катталган, бул эң башкысы, коммерциялык банктардын чет өлкөлөрдөгү активдеринин азайуусу жана ишканалардын чет өлкөлөрдөгү эсептеринде каражаттардын көлөмүнүн бир азга өсүшү менен шартталган.

***1.3.2-график***

Финансылык эсеп




[1]Маалымат үчүн: 2010-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча «АУБ» ААКсынын операцияларын эске албаганда, банк тутумунун тышкы милдеттенмелери 28,4 млн. АКШ долларына төмөндөгөн болсо, тышкы активдер 8,7 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

[2]Маалымат үчүн: 2009-жылы Россия Федерациясынын Өкмөтүнөн 300 млн. АКШ доллары өлчөмүндө мамлекеттик кредит алынган.

*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

2010-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясы 385,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн, бул республикага капиталдын агылып кирүүсүнө байланыштуу операциялардын толук эсепке алынбай калышын же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жетиштүү эсепке алынбай калгандыгын тастыктайт.

*Эл аралык камдар*

Дүң эл аралык камдардын (резервдердин) көлөмү 2010-жылдын акырына карата 1,7 млрд. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин деңгээли товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун болочоктогу зарыл көлөмүнүн ордун жабуунун 4,3 айына туура келген.

## 1.4. Банк сектору

*Коммерциялык банктардын саны*

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк иштеп турган. Банк тутумунун иши боюнча баяндама, банктар сунуштаган жылдык регулятивдик отчеттордун негизинде даярдалган.

Коммерциялык банктар 2010-жылы, атап айтканда чын куран айынын жетисинен тартып, өлкөдөгү саясый туруксуздуктун, анын кесепетинен келип чыккан экономикалык оорчулук шартында иштөөгө мажбур болушкан, бул 2009-жылдагыга салыштырганда, банк секторунун негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын төмөндөшүнө алып келген. Чек аралардын жабылышы жана өлкөнүн түштүгүндө 2010-жылдын кулжа айындагы каргашалуу окуялар, банктардын карыз алуучуларынын төлөө жөндөмдүүлүгүнүн басаңдашына, алардын кредиттик портфелинин сапатынын начарлоосуна алып келген, бул албетте коммерциялык банктардын ишинен да көрүнгөн.

2010-жылдын чын куран айында социалдык оорчулуктун өөрчүшү, бизнес чөйрөсүндө финансылык башаламандык шартында, Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтү менен Улуттук банк алдында банк тутумунун бүтүндүгүн сактап калуу маселеси курч коюлган. «АзияУниверсалБанк» ААКсында жана аны менен байланыштуу банктарда келип чыккан проблемалардын өөрчүп кетишине жол бербөө, терс жагдайдын бүтүндөй банк тутумуна тарап кетишине бөгөт коюу максатында, аманатчылардын ж.б. кредиторлордун таламында проблемалуу банктардын активдерин сактап калууга контролдукту орнотуу, ошондой эле акча каражаттарынын жана капиталдын жылышына тиешелүү оперативдүү маалыматтарды алуу жана аларга контролдук кылуу максатында, бир катар банктарга убактылуу жетекчилик жана тике банктык көзөмөлдүктүн атайы чаралары (режими) киргизилген. Натыйжада, системалуу кризиске бөгөт коюлган. Мына ушул көрүлгөн чаралар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузууга жол берүүнүн, шектүү операцияларды жана проблемалуу банктардагы[1] айкын финансылык абалды жаап-жашыруу максатында, финансылык отчетторду бурмалоолордун көп сандаган фактыларын аныктоого мүмкүндүк берген. Кийинчерээк «АзияУниверсалБанк» ААКсы соттун чечими менен төлөөгө жөндөмсүз катары таанылып, банкроттук жол-жобосу козголуп, жаңы банкты түзүү аркылуу аны реструктуризациялоо - атайы администрлөө ыкмасы аныкталган. Төрт банкта: «Акылинвестбанк» ААКсында, ИБ «Ысык-Көл» ААКсында, «КыргызКредит Банк» ААКсында, «Манас Банк» ЖАКта убактылуу жетекчилик режими сакталып калган.

Банк тутумунун олуттуу бөлүгүн түзгөн калган банктар, штаттык режимде иштөө менен жыл жыйынтыгында банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана продуктылардын негизги топтомун сунуштоону камсыз кылып, пайда алуу менен

[1] 2010-жылда атайы администрлөө режими киргизилген банктар «проблемалуу банктар» категориясына чегерилген.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

иштөөгө жетишкен.

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] 2,3 млрд. сомго же 16,9 пайызга төмөндөө менен 2010-жылдын акырына карата абал боюнча 11,6 млрд. сомду түзгөн. Мында, төлөнгөн уставдык капитал[2] 13,2 пайызга төмөндөгөн. Ошондой болсо да, «АзияУниверсалБанк» ААКсын жана төрт проблемалуу банктарды эске албаганда, регулятивдик суммардык капитал 5,5 пайызга көбөйүү менен 10,8 млрд. сомду түзгөн.

***1.4.1-график***

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталынын динамикасы




Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы (сол шкала)
Регулятивдик суммардык капиталдын өсүш арымы (оң шкала)

*Коммерциялык банктардын милдеттенмелери*

Коммерциялык банктардын суммардык милдеттенмелери[3] 2010-жылы 13,3 пайызга төмөндөө менен 46,0 млрд. сомду түзгөн. Мында, суммардык милдеттенмелердеги чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 54,9 пайызды түзгөн (2009-жылдын акырына карата 65,9 пайыз). Ошондой болсо да, «АзияУниверсалБанк» ААКсын жана төрт проблемалуу банкты эске албаганда, суммардык милдеттенмелер 43,0 пайызга көбөйүп, 41,5 млрд. сомду түзгөн.

[1] Банктын регулятивдик суммардык капиталына уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгымы), отчеттук жылдагы пайда (чыгым) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар кирет.

[2] Бул категорияда жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар камтылат.

[3] Суммардык милдеттенмелерде банк тарабынан тартылган бардык каражаттар камтылган.

***1.4.1-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелер категориясы | 2009-ж.* | | 2010-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *үлүшү пайыздар* | *млн. сом* | *үлүшү пайыздар* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | 21 147,5 | 39,9 | 14 048,9 | 30,5 |
| Жеке адамдардын депозиттери | 9 606,9 | 18,1 | 12 106,4 | 26,3 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 2 413,7 | 4,5 | 1 442,8 | 3,1 |
| Улуттук банк алдында милдеттенмелер | 4,0 | 0,0 | 0,7 | 0,0 |
| Корреспонденттик эсептер | 531,7 | 1,0 | 443,2 | 1,0 |
| Башка банктардын депозиттери | 4 539,3 | 8,6 | 4 197,4 | 9,1 |
| Кыска мөөнөткө жайгаштыруулар | 62,7 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 6 559,0 | 12,4 | 5 129,1 | 11,1 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 300,1 | 0,6 | 231,0 | 0,5 |
| Алынган кредиттер | 4 368,8 | 8,2 | 3 690,1 | 8,0 |
| Субординацияланган карыз | 132,6 | 0,2 | 129,0 | 0,3 |
| Башка милдеттенмелер | 3 392,2 | 6,4 | 4 605,9 | 10,0 |
| **Бардыгы болуп** | **53 058,5** | **100,0** | **46 024,5** | **100,0** |

** Маалыматтар «АзияУниверсалБанк» ААКсынын көрсөткүчтөрүнө корректировкалоолорсуз келтирилген.*

*Депозиттер*

Отчеттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттери[1] 16,8 пайызга төмөндөө менен 27,6 млрд. сомду түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 8,1 млрд. сомго же 34,2 пайызга төмөндөгөн. Жеке адамдардын депозиттери 2010-жыл ичинде 2,5 млрд. сомго же 26,0 пайызга өскөн (2009-жылда 2,7 млрд. сомго же 39,4 пайызга өскөн эле). Жеке адамдардын депозиттеринин түзүмүндө мөөнөттүү депозиттердин абсолюттук сыяктуу эле, салыштырмалуу түрдө өсүшү белгиленген.

***1.4.2-график***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*




** Маалыматтар «АзияУниверсалБанк» ААКсынын көрсөткүчтөрүнө корректировкалоолорсуз келтирилген.*

*Банк тутумунун активдери*

Банктардын суммардык активдери 13,8 пайызга азайып, 58,6 млрд. сомду түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы активдер 32,5 пайызга азайган болсо,

[1] Бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин, финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин эске албаганда.

улуттук валютадагы активдер 8,2 пайызга көбөйгөн. «АзияУниверсалБанк» ААКсын жана төрт проблемалуу банкты эске албаганда, суммардык активдер 33,0 пайызга көбөйүү менен 52,8 млрд. сомду түзгөн.

***Таблица 1.4.2.***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдер категориясы | 2009-ж.* | | 2010-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | *үлүшү пайыздар* | *млн. сом* | *үлүшү пайыздар* |
| Акча каражаттары | 3 738,7 | 5,5 | 3 870,5 | 6,6 |
| Улуттук банктагы коррэсептер | 5 446,1 | 8,0 | 5 513,7 | 9,4 |
| Башка банктардагы коррэсептер жана депозиттер | 18 612,1 | 27,4 | 10 491,9 | 17,9 |
| Баалуу кагаздар портфели | 7 662,8 | 11,3 | 4 142,5 | 7,1 |
| Кыска мөөнөткө жайгаштыруулар | 739,1 | 1,1 | 1 004,2 | 1,7 |
| Репо боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 300,1 | 0,4 | 101,8 | 0,2 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 797,2 | 1,2 | 1 064,5 | 1,8 |
| Кардарларга кредиттер | 25 117,0 | 36,9 | 26 310,8 | 44,9 |
| Атайы РППУ** | -1 204,9 | -1,8 | -2 820,6 | -4,8 |
| Негизги каражаттар | 4 047,5 | 6,0 | 4 335,0 | 7,4 |
| Башка активдер | 2 727,7 | 4,0 | 4 594,5 | 7,8 |
| **Бардыгы болуп** | **67 983,3** | **100,0** | **58 608,8** | **100,0** |

** Маалыматтар «АзияУниверсалБанк» ААКсынын көрсөткүчтөрүнө корректировкалоолорсуз келтирилген.*
*** Атайы РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү кредиттер, жоготуу катары таанылгандар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түшүнүү зарыл.*

*Жогорку ликвиддүү активдер*

Коммерциялык банктар тарабынан акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү жайгаштырууларга жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттар көлөмү чогуу алганда 4,7 пайызга жогорулап, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча, активдердин бул категориясы 10,4 млрд. сомду түзгөн. Кардарларга кредиттердин калдыгынын көлөмүнүн[1] да 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 4,8 пайызга өсүшү жана коммерциялык банктар системасынын «негизги каражаттар» статьясы боюнча 7,1 пайыз чегинде өсүш байкалган.

***1.4.3-график***

Коммерциялык банктардын активдеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*




** Маалыматтар «АзияУниверсалБанк» ААКсынын көрсөткүчтөрүнө корректировкалоолорсуз келтирилген.*

[1] Кардарларга кредиттер - чегерилген дисконтту минуска чыгаруу менен кардарларга кредиттер жана финансылык ижара (бул категорияга финансы-кредит мекемелерине кредиттер кирбейт).

*«Таза» кредиттер*

Суммардык «таза» кредиттердин[1] көлөмү 0,6 пайызга азайып, отчеттук жылдын акырына карата 24,6 миллиард сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү 5,5 пайыздык пунктка көбөйүп, 41,9 пайызды түзгөн.

Банктардын регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча «классификацияланбаган»[2] активдер классификациялануугa тийиш болгон активдердин суммасынын 90,5 пайызын, «классификацияланган»[3] активдер – 9,5 пайызды түзгөн. Отчеттук жылда банк тутумунун кредит портфелинин сапаты начарлаган, 2009-жылдын акырындагы 8,2 пайызга караганда, классификацияланган кредиттер 15,8 пайызды түзгөн.

***1.4.3-таблица***

Активдерди, балансттан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(эгерде башкасы көрсөтүлбөгөн болсо, пайыздарда)*

| Категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. | 2010-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. |
| **Бардыгы болуп классификацияланбаган** | **94,7** | **90,5** | **91,8** | **84,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| нормалдуу | 46,7 | 48,4 | 3,4 | 1,5 |
| канааттандыраарлык | 42,0 | 36,0 | 77,5 | 70,4 |
| байкоого алынган | 6,1 | 6,1 | 10,8 | 12,3 |
| **Бардыгы болуп классификацияланган** | **5,3** | **9,5** | **8,2** | **15,8** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| субстандарттык | 2,4 | 2,9 | 3,4 | 4,3 |
| шектүү | 0,9 | 2,1 | 1,8 | 3,9 |
| жоготуулар | 1,9 | 4,5 | 3,0 | 7,7 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, млн. сом** | **50 231,1** | **54 771,0** | **25 117,0** | **26 310,8** |

*Кирешелер жана чыгашалар*

2010-жылы коммерциялык банктардын пайыздык эмес кирешелери жана чыгашалары көбөйгөн (тиешелүүлүгүнө жараша 5,3 пайызга жана 13,5 пайызга), ал эми пайыздык кирешелери жана чыгашалары азайган (тиешелүүлүгүнө жараша 18,2 пайызга жана 34,7 пайызга). Коммерциялык банктар системасынын «таза операциялык киреше» көрсөткүчү отчеттук жыл ичинде 1,2 млрд. сомду түзүп, 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 39,1 пайызга төмөндөгөн. Ошондой болсо да, банк тутуму 2010-жылды 741,8 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алуу менен жыйынтыктаган. Ал эми 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык көрсөткүч 1,6 млрд. сомду түзгөн эле (53,5 пайызга азайуу).

***1.4.4.-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| **Категориялар** | **2009-ж.** | **2010-ж.** |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп, пайыздык кирешелер | 6 155,0 | 5 032,6 |
| Бардыгы болуп, пайыздык чыгашалар | 2 145,2 | 1 399,9 |
| Таза пайыздык кирешелер | 4 009,8 | 3 632,8 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 374,6 | 678,7 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык кирешелер | 3 635,3 | 2 954,1 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес кирешелер | 10 968,8 | 11 553,8 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес чыгашалар | 8 258,1 | 9 372,2 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 989,2 | 1 211,0 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 192,0 | 325,8 |
| Салыкка чейинки таза киреше (чыгым) | 1 797,2 | 885,3 |
| Пайда салыгы | 200,7 | 143,4 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 596,5 | 741,8 |

[1] Кардарларга «таза» кредиттер – кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине кредиттер жана финансылык ижара, мында потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдар, ошондой эле чегерилген дисконт минуска чыгарылат.

[2] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канааттандырылган жана байкоого алынгандар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

[3] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуулар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

Ошентип, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын ишинде төмөнкүдөй тенденциялар орун алган:

• жеке адамдардын депозиттеринин көлөмүнүн көбөйүүсү (26,0 пайызга өсүш), бул калайык-калктын коммерциялык банктарга карата ишеними сакталып калгандыгын чагылдырат;

• коммерциялык банктар системасынын финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн, суммардык активдердин номиналдык жылдык ИДПга карата катышы катары аныкталган көрсөткүчтүн төмөндөөсү. Бул катыш отчеттук жылдын акырына карата 27,6 пайызды түзгөн (2009-жылдын акырына карата 34,6 пайыз);

• классификацияланган кредиттердин кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн жана үлүшүнүн көбөйүүсү (2009-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 млрд. сомдон же 8,2 пайыздан, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча тиешелүүгүнө жараша 4,2 млрд. сомго жана 15,8 пайызга чейин);

• 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча активдердин кирешелүүлүгү (ROA) 1,3 пайыздык пунктка азайуу менен 1,2 пайызды түзгөн, капиталдын кирешелүүлүгү (ROE) 6,6 пайыздык пунктка азайып, 7,1 пайызды түзгөн.

### 1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМдер) сектору

*БФКМдердин түзүмү*

2010-жылы БФКМдердин санынын өсүшү уланган, бул микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүнө өбөлгө түзгөн. 2010-жылдын акырына карата абал боюнча Улуттук банктан лицензиялануууга жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес мекемелер системасына: эки адистештирилген финансы-кредит мекемеси – «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсы (Финкомпания), «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы (БРАФ), 217 кредиттик союз, 397 микрофинансылык уюмдар (анын ичинде 4 микрофинансылык компания, 266 микрокредиттик компания жана 127 микрокредиттик агенттик) жана 290 алмашуу бюросу кирген.

Отчеттук жылда БФКМдердин жалпы саны көбөйүп, алардын активдери жана кредит портфелинин көлөмү арткан.

***1.5.1-таблица***

2006-2010-жылдар ичинде БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финкомпания | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| БРАФ | - | - | - | 1 | 1 |
| Кыргыз Республикасын өнүктүрүү банкы* | - | - | - | 1 | - |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 168 | 233 | 291 | 359 | 397 |
| Кредиттик союздар | 305 | 272 | 248 | 238 | 217 |
| Ломбарддар** | 148 | 181 | 196 | 231 | 410 |
| Алмашуу бюролору | 263 | 318 | 353 | 372 | 290 |

** Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн 2010-жылдын чын куран айынын отузундагы декретинин негизинде, Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын бугу айынын жетисиндеги №29/1 токтому менен «Кыргыз Республикасын өнүктүрүү фондусу» ЖАКка 2009-жылдын аяк оона айынын экисинде берилген №4 лицензия, бугу айынын жетисинен тартып кайтарып алынган.*

*** 2009-жылдын аяк оона айынын сегизинен тартып лицензиялоо токтотулган.*
*2010-жыл үчүн маалыматтар УСКдан алынган.*

2010-жылы Улуттук банк тарабынан жаңы кредиттик союздарга эки лицензия, алмашуу бюролоруна 309 лицензия (алардын ичинен 11 жокко чыгарылып, 8 кайтарылып алынган) МКК/МКАны каттоодон өткөрүү боюнча 82 күбөлүк берилген. Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарын сакта-

багандыгы үчүн 15 лицензия жана 17 күбөлүк кайтарылып алынып, ишин токтоткондугуна байланыштуу 65 банктык эмес мекеменин күбөлүгү жана лицензиялары жокко чыгарылган.

Берилген регулятивдик отчетторго ылайык отчеттук мезгил ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы активдери 22,2 пайызга көбөйүү менен 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 16,9 млрд. сомду түзгөн. БФКМдердин[1] кредит портфелинин өлчөмү 2009-жылдагыга салыштырганда 24,7 пайызга көбөйүп, 11,1 млрд. сомду түзгөн.

***1.5.1-график***

«Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фонду» ЖАКты эске албаганда, БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы




***1.5.2-график***

«Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фонду» ЖАКты эске алуу менен БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы




[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар Финкомпаниянын жана БРАФтын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген. Анткени, кредиттер аларды рекредиттеген ФКМдерге берилген.

*БФКМдердин региондор боюнча кредит портфели*

Отчеттук жылы, БФКМдердин кредит портфелинин эң чоң көлөмү Ош, Жалал-Абад областтарында жана Бишкек шаарында жайгаштырылган.

***1.5.2-таблица***

БФКМдердин кредит портфелинин региондор боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| | 2009-ж. | 2010-ж. |
|---|---|---|
| Бишкек ш. | 1497,1 | 1940,8 |
| Баткен областы | 888,6 | 828,8 |
| Жалал-Абад областы | 1462,4 | 1951,6 |
| Ысык-Көл областы | 1080,7 | 1118,3 |
| Нарын областы | 385,6 | 769,2 |
| Ош областы | 1904,7 | 2104,3 |
| Талас областы | 739,4 | 948,6 |
| Чүй областы | 932,5 | 1320,3 |
| Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары | - | 106,1 |
| **Бардыгы болуп** | **8 891,0** | **11 088,0** |

***1.5.3-график***

Экономика секторлору боюнча кредит портфели (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*




*БФКМдердин түрлөрү боюнча кредит портфели*

Микрокредиттөө БФКМдердин негизги иш багытынан болгон. Отчеттук жылда алардын кредит портфелинин өлчөмү 2009-жылдагыга салыштырганда, 24,7 пайызга көбөйүү менен 11,1 млрд. сомду түзгөн. Карыз алуучулардын саны 20,5 пайызга өсүп, 391 миңге жакын адамды түзгөн.

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү 89,0 пайыздан (7,9 млрд. сом) 90,0 пайызга (9,9 млрд. сом) чейин өскөн болсо, кредиттик союздардын үлүшү 11,0 пайыздан (958,8 млн. сомдон) 10,0 пайызга чейин (1,1 млрд. сомго) төмөндөгөн.

*БФКМдердин пайдасы*

2010-жылы БФКМдер тарабынан алынган чогуу алгандагы таза пайда 658,7 млн. сомду түзгөн. Бул 2009-жылдагы алардын чогуу алгандагы пайдасынан 9,7 пайызга же 71,0 млн. сомго аз. («Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКты эске албаганда 729,7 млн. сом).

***1.5.4-график***

«Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКты эске албаганда БФКМдердин таза пайдасынын жана ROA, ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




***1.5.5-график***

«Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКты эске алуу менен БФКМдердин таза пайдасынын жана ROA, ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




Отчеттук мезгил ичинде микрофинансылык уюмдар тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөгөндүгү жана кредиттик союздардын чендери боюнча алардын бир аз өскөндүгү катталган.

БФКМдердин кредит портфелинин эң эле олуттуу өсүш арымы микрофинансылык уюмдардын ишинин эсебинен камсыз кылынган.

Кароого сунушталган регулятивдик отчетторго ылайык «БРАФ» ЖЧКсынын чогуу алгандагы активдери 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 2,0 млрд. сомду түзгөн, мында кредиттик портфель 1,0 млрд. сом чегинде катталган. Жаңыдан берилген кредиттердин жалпы суммасы отчеттук жыл ичинде 805,0 млн. сомду, тике репо-келишимдери боюнча операциялардын көлөмү 800,0 млн. сомду, ал эми экинчилик рыногунда МКОго салымдардын көлөмү 500,0 млн. сомду түзгөн. *БРАФ*

***1.5.3-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер
*(пайыздарда)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финкомпания | 15,1 | 14,3 | 13,5 | 14,6 | 15,5 |
| БРАФ | - | - | - | 11,0 | 7,2 |
| Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу | - | - | - | 3,5 | - |
| Микрофинансылык уюмдар | 33,5 | 32,9 | 32,4 | 34,5 | 31,7 |
| Кредиттик союздар | 25,9 | 25,8 | 28,0 | 29,5 | 30,7 |
| Ломбарддар* | 149,5 | 167,9 | 132,3 | ... | ... |

** 2009-жылдын аяк оона айынын сегизинен тартып лицензиялоо токтотулган.*

*«…» - маалыматтар жок.*

*МФУ*

МФУлардын кредит портфелинин өсүшү да байкалган. Алсак, отчеттук жылда алардын чогуу алгандагы кредит портфели 25,4 пайызга көбөйүү менен жыл акырына карата 9,9 млрд. сомду түзгөн. МФУлардын карыз алуучуларынын саны 21,3 пайызга өсүп, 372 миң адамга жакынды түзгөн. Алардын төлөө мөөнөттөрү боюнча кредит портфели негизинен, орто жана кыска мөөнөттүү үч жылга чейинки кредиттерден турган.

МФУлар негизинен кредиттөөгө алган тармактардан болуп, үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 45,2 пайызы туура келген айыл чарбасы (2009-жылдын акырына карата – 40,9 пайыз), ошондой эле соода жүргүзүү санал-ган - 28,6 пайыз (2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата – 27,8 пайыз). МФУлардын кредит портфелинин өсүшүн камсыз кылган негизги булактардан болуп: эл аралык финансы институттарынан тартылган каражаттар, ошондой эле алардын капиталды көбөйтүүсү эсептелген.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2010-жылы 18,9 пайызга көбөйүү менен жыл акырында 1,1 млрд. сомду түзгөн. Кредиттик союздардын кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү – 49,0 пайызы айыл-чарбасына, ал эми 32,3 пайызы соодага туура келген (2009-жылы, тиешелүүлүгүнө жараша 50,3 жана 33,1 пайыз чегинде катталган эле). Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны отчеттук жыл ичинде 5,6 пайызга көбөйүү менен жылдын бештин айынын отуз бирине карата 19,3 миң адамды түзгөн. Карыз алуучулардын санынын артышы кредиттик союздар системасынын сапаттык жактан чыңдалуусуна байланыштуу болгон, бул өз кезегинде, алардын кызмат көрсөтүүлөрүнө карата калайык-калктын талабы менен шартталган. Азия Өнүгүү банкынын «Айылдык-финансылык институттар» долбоорунун аягына чыгышына байланыштуу, кредиттик союздарда башка каржылоо булактарына керектөөлөр келип чыккан. Алар бул маселени катышуучулардан депозиттерди тартуу аркылуу чечүүгө аракеттенишүүдө. 2010-жылдын акырына карата абал боюнча 11 кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Кредиттик союздардын катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 2,0 пайызга көбөйүү менен 35,0 млн. сомду түзгөн, ал эми башка ФКМдер алдындагы милдеттенмелер 29,0 пайызга көбөйүп, 542,8 млн. сом чегинде катталган.

## 1.6. Финансы рыноктору

### 1.6.1. Валюта рыногу

*Валюта рыногундагы негизги тенденциялар*

2010-жылы сомдун АКШ долларына карата курсунун басаңдоо тенденциясы сакталып калган. Чет өлкө валютасына карата жогорку талап күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосунун көбөйүүсү менен шартталган. Өлкөдө болуп өткөн саясый окуялардан жана алардын кесепеттеринен улам, экономикалык агенттердин девальвациялык күтүүлөрүнүн күч алышы да чет өлкө валютасына карата талапты арттыруу менен алмашуу курсуна кошумча басым жасаган. Мында, келип түшкөн трасферттердин көлөмүнүн көбөйүүсү соода балансынын жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосунун өсүшүнүн ордун жаба алган эмес.

Жыл жыйынтыгы боюнча АКШ долларынын эсептик курсу 6,8 пайызга, 47,0992 сом/АКШ долларына чейин өскөн.

***1.6.1.1-график***

Валюта курсунун жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялар көлөмүнүн динамикасы




*Алмашуу курсунун динамикасы*

2010-жылдын биринчи жарым жылдыгында АКШ долларынын курсу ай сайын орточо алганда 0,9 пайызга көбөйүп отуруп, туруктуу өсүшкө ээ болгон. Бул, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр менен чек аранын жабылышынан улам, аларга суроо-талап артып жаткан учурда чет өлкө валютасынын агылып кирүүсүнүн төмөндөшүнөн, анын ичинде азык-түлүк товарлары жана күйүүчү-майлоочу материалдар (КММ) боюнча импорттук контракттардын кымбатташынын эсебинен, рынокто суроо-талап менен сунуштун келип чыккан дисбалансы менен шартталган. Ушуну менен бирге эле, экономикада белгисиздик жагдайы жана банк тутумундагы проблемалар экономикалык агенттердин күтүүлөрүнөн көрүнүп, ал ошол учурда чет өлкө валютасына карата кошумча талапты жараткан. Жылдын баш оона айынан тартып тогуздун айына чейин АКШ долларынын курсу 46,25-46,94 сом/АКШ доллары чегинде өзгөрүлүп турган, ал эми аяк оона айынын жыйынтыгы боюнча сомдун 0,2 пайызга чыңдалуусу катталган. Бул, чет өлкө валютасына карата талаптын салыштырмалуу төмөндөшүнө, ошондой эле анын акча которуу системалары боюнча агылып кирүү көлөмүнүн артышына байланыштуу жүргөн. Андан ары чет өлкө валютасынын курсу жогорулоо жагына сыяктуу эле, төмөндөөгө ык коюу менен өзгөрүлүп турган. Буларга карабастан, ички рынокто анын чыңдалуу тенденциясы сакталып калган.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында Улуттук банк, банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Бүтүндөй алганда жыл ичинде, Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын көлөмү 292,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн бир аз ашкан (1,4 пайызга). Операциялардын негизги бөлүгү (Улуттук банктын АКШ долларын сатып алуу/сатуу боюнча операцияларынын бүтүндөй көлөмүнүн 91,3 пайызы) көлөмү 18,8 пайызга өсүп, 263,7 млн. долларга чейин өскөн чет өлкө валютасын сатууга туура келген (алардын ичинен 0,5 млн. АКШ доллары накталай доллардан болгон). Чет өлкө валюталарын сатып алуу көлөмү 28,9 млн. АКШ долларды түзүү менен 56,7 пайызга кыскарган. Улуттук банк ошондой эле, 245,0 млн. рубль суммасында орус рублин сатып алуу операциясын да ишке ашырган.

***1.6.1.1-таблица***

Валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча операциялар

*(млн. сом.)*

| | 2009-ж. | 2010-ж. | Өсүш арымы *пайыздар* |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөм, анын ичинде:** | **155 732,8** | **160 520,7** | **3,1** |
| *Валюта тооруктарында нак эмес валюта менен спот-операциялар* | 29 888,3 | 31 472,9 | 5,3 |
| Улуттук банк менен операциялар | 11 575,5 | 13 822,7 | 19,4 |
| банктар аралык операциялар | 18 312,8 | 17 650,3 | -3,6 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюта менен спот-операциялар* | 1 464,7 | 1 554,4 | 6,1 |
| *Нак валюта менен спот-операциялар* | 117 201,4 | 126 125,1 | 7,6 |
| Улуттук банк менен операциялар | 594,5 | 23,6 | -96,0 |
| банктар аралык операциялар | 83 413,7 | 96 317,8 | 15,5 |
| алмашуу бюролорунун | 33 193,2 | 29 783,8 | -10,3 |
| *Своп-операциялар* | 7 178,5 | 1 368,3 | -80,9 |
| Улуттук банк менен операциялар | 0,0 | 683,5 | 0,0 |
| банктар аралык операциялар | 7 178,5 | 684,8 | -90,5 |

*Валюта рыногунун валютанын түрлөрү боюнча түзүмү*

2010-жылы валюта рыногунда иш жигери бир аз жогорулагандыгы катталган. Бул, экспорттук-импорттук операциялар көлөмүнүн жана акча которуу системалары боюнча чет өлкө валюталарынын агылып кирүү көлөмүнүн көбөйүүсү менен шартталган. Ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын көлөмү 160,5 млрд.сом эквивалентин түзүү менен 3,1 пайызга өскөн. Орус рубли жана башка валюталар[1] менен операциялардын өсүшү, операциялар көлөмүнүн көбөйүүсүн камсыз кылган. АКШ доллары менен операциялар 3,3 пайызга кыскарган, ал эми алардын үлүшү 3,7 пайыздык пунктка азайуу менен 66,3 пайызды түзгөн. Рубль менен операциялар 44,2 пайызга көбөйгөн, алардын үлүшү 6,0 пайыздык пунктка, 20,7 пайызга чейин өсүшкө ээ болгон. Казак тенгеси менен операциялар көлөмү 10,7 пайызга төмөндөп, алардын үлүшү 9,1 пайыздан 8,0 пайызга чейин азайган. Евро менен операциялар да 15,1 пайызга азайган. Мында, алардын үлүшү 1,0 пайыздык пунктка, 4,9 пайызга чейин төмөндөгөн. Ал эми башка валюталар менен операциялар көлөмү 52,3 пайызга кыскаруу менен алардын салыштырма салмагы 0,3 пайыздан 0,1 пайызга чейин азайган.

*Валюта рыногунун нак жана накталай эмес сегменттери*

Мурдатан бери эле операциялардын негизги бөлүгү валюта рыногунун накталай сегментинде ишке ашырылап келет, алардын үлүшү отчеттук жылда операциялардын жалпы көлөмүнүн 79,7 пайызын түзгөн. Нак валюталарды сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн олуттуу көлөмү коммерциялык банктарда

[1] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму жана кытай юани.

келишилген (60,8 пайызы), ал эми алардын өсүш арымы алмашуу бюролорундагыга караганда, байкаларлык жогору болгон. Валюта рыногунун накталай эмес сегментинде бүтүмдөрдүн негизги бөлүгү банктар аралык валюта тооруктарында[1] АКШ долларында келишилген. Ушул операциялардын сомдук эквиваленттеги көлөмү 29,8 млрд. сомду түзүп, 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 6,2 пайызга көбөйгөн. Өсүш Улуттук банктын АКШ долларын сатып алуу/сатуу боюнча операцияларынын 6,2 пайызга көбөйүүсү менен камсыз кылынган.

*Своп-операциялар*

Отчеттук жылы своп-операциялардын көлөмү 1,4 млрд. сом эквивалентин түзүү менен 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 80,9 пайызга кыскарган. Алардын ичинен Улуттук банктын тике своп-операцияларына 683,5 млн. сом эквиваленти туура келген.

*Алмашуу бюролорунда негизги валюталардын курстарынын динамикасы*

Алмашуу бюролорунда нак АКШ долларынын курсунун динамикасы, банктар аралык валюта тооруктарындагы анын динамикасындай эле калыптанган. Жыл жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда АКШ долларын сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 6,7 пайызга өсүп, бештин айынын акырына карата 47,2161 сом/АКШ долларын түзгөн. Сом ошондой эле, орус рублине жана теңгеге карата да басаңдаган: алмашуу бюролорунда рублди сатуунун орточо алынган курсу жыл ичинде 5,9 пайызга өсүү менен 1,5242 сом/рублди, ал эми казак теңгесинин курсу 7,3 пайызга өсүп, 0,3170 сом/теңгеге чейинкини түзгөн. Еврого карата сом 2,5 пайызга чыңдалуу менен 62,3694 сом/евро чегинде катталган.

### 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

*Улуттук валютадагы операциялар*

Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда 2010-жылы түптөлгөн жагдай, ликвиддүүлүк деңгээли жана анын банк тутумунда концентрациялануусу менен аныкталган. Мында, чендердин орточо деңгээлинин төмөндөшү жана бүтүмдөрдүн мөөнөттөрүнүн диапазонунун кыскарышы катталган.

Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу алкагында, ички рынокто банктар аралык кредиттик операциялардын көлөмүнүн төмөндөөсү жүргөн. Ушул рыноктогу сом менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 2009-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 32,7 пайызга кыскаруу менен 7,7 млрд. сомду түзгөн. Сом менен ишке ашырылган операциялардын негизги көлөмү мурдагыдай эле, репо-операциялары сегментинде ишке ашырылган. Мында, отчеттук жылы алардын үлүшү Улуттук банктын «овернайт» кредиттерин берүү боюнча операцияларынын көлөмүнүн төрт эсеге, 2,7 млрд. сомго чейин көбөйүүсүнө байланыштуу 15,6 пайыздык пунктка, 59,7 пайызга чейин кыскарган.

*Пайыздык чендердин динамикасы*

2010-жылдын биринчи чейрегинде карыздык каражаттарга талаптын төмөндүгү, ошондой эле финансы рыногунун башка сегменттеринде чендердин төмөндөшүнөн улам, сом түрүндө берилген кредиттерге пайыздык чендер төмөндөтүлгөн. Чын куран айынан тартып, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин наркы Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн жогорулоосу алкагында өсө баштаган, андан кийин рыноктогу пайыздык чендердин өсүш арымы жана өзгөрүлмөлүүлүгү, инфляция арымынын күч алышы жана ички финансы рыногунун башка сегменттеринде чендердин өсүшүнүн таасири астында, көбөйгөн. Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде репо-операциялар боюнча орточо чен 2009-жылдагы ченге салыштырганда 4,6 пайыздык пунктка төмөндөө менен 3,7 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы жөнөкөй банктар аралык кредиттер боюнча орточо жылдык чен 3,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 4,5 пайызды түзгөн.

Репо-операцияларынын мөөнөттүүлүгүнүн орточо деңгээли жети күндөн беш күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча он алты күндөн жети күнгө чейин кыскарган.

[1] Тооруктар Улуттук банкта тоорук-маалымат электрондук системасы аркылуу ишке ашырылат.

***1.6.2.1-график***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү




*Ички рыноктогу чет өлкө валютасында операциялар*

Ички банктар аралык кредит рыногунун валюта сегментинде 2009-жылы ишке ашырылган операциялар көлөмү 81,5 пайызга кыскарып, 131,3 млн. сом эквивалентин түзгөн. Бул сегменттеги чендер акча рыногунун башка сегменттериндеги чендердин динамикасынын таасири астында калыптанган. Бүтүндөй алганда, ички банктар аралык рынокто чет өлкө валютасында сунушталган кредиттер боюнча орточо чен 2009-жылдагыга салыштырганда 3,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 2,9 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөттүүлүк 63 күндөн 5 күнгө чейин кыскарган.

***1.6.2.1-таблица***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы орточо салмактанып алынган пайыздык чендер

| | **2009-ж.** | **2010-ж.** |
|---|---|---|
| Улуттук валютада кредиттер боюнча чен | 7,8 | 4,5 |
| Чет өлкө валютасында кредиттер боюнча чен | 6,0 | 2,9 |
| Репо операциялары боюнча чен | 8,3 | 3,7 |
| «Овернайт» кредити боюнча чен | 8,8 | 3,2 |

*Банк-резидент эместер менен операциялар*

Ички рынокто банктар аралык кредиттерди берүүдөн тышкары айрым банктар, кредитор катары иш алып баруу менен банк-резидент эместер менен да операцияларды жүргүзүшкөн. Банк-резидент эместерге берилген кредиттердин жалпы көлөмү 27,0 пайызга кыскарып, 217,2 млрд. сом эквивалентин түзгөн. Ушул кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо жылдык деңгээли 2009-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда бир азга - 0,2 пайызга чейин төмөндөгөн (0,05 пайыздык пунктка).

## 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

2010-жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү сунушталган:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- Улуттук банктын ноталары;

- мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
- мамлекеттик казына милдеттенмелери (МКМ);
- мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар – казына векселдери (МКВ(ж)) жана казына милдеттенмелери (МКМ(ж));
- жөнөкөй жана которулма векселдер;
- муниципалдык облигациялар.

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү жыл ичинде 6,0 пайызга кыскаруу менен 8,6 млрд. сомду түзгөн. МКМ, МКО жана муниципалдык облигацияларды эске албаганда, мамлекеттик баалуу кагаздардын дээрлик баардык түрүнүн эмиссия көлөмүнүн азайуусуна байланыштуу, жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмү төмөндөгөн. Ушунун өзү, тиешелүү деңгээлде мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүнө да таасирин тийгизген (1.6.3.1.1 график).

Мамлекеттик казына милдеттенмелери негизинен, өткөн жылдары Финансы министрлиги тарабынан Өкмөттүн Улуттук банк, коммерциялык банктар жана банктык эмес мекемелер алдында карызын реструктуризациялоо учурунда чыгарылган. 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын кайра тариздөө үчүн 619,0 млн. сом суммасындагы МКМ эмиссиясы ишке ашырылып, ал Улуттук банктын уставдык капиталын көбөйтүүгө багытталган. Мурда чыгарылган казына милдеттенмелери боюнча карыздардын ордун жабуу көлөмү 165,2 млн. сомду түзгөн. Натыйжада, жүгүртүүдөгү ушул милдеттенмелердин көлөмү жыл ичинде 39,1 пайызга өсүү менен 1,6 млрд. сомду түзгөн. Ушул баалуу кагаздардын бүтүндөй көлөмү (99,9 пайызы) Улуттук банктын портфелинде турган. Мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндө мамлекеттик казына милдеттенмелеринин салыштырма салмагы 18,8 пайызга чейин өскөн (+6,1 пайыздык пунктка).

Өкмөттүн Улуттук банк алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде өткөн жылдары эмитирленген МКВ(ж) көлөмү отчеттук жылда өзгөргөн эмес, ал эми мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндөгү алардын салыштырма салмагы 6,0 пайыздан 6,4 пайызга чейин өскөн. Ушул эле учурда, кароого алынып жаткан жылы МКМ(ж)нын бир бөлүгүнүн орду жабылып, натыйжада Финансы министрлигинин мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздары боюнча карызы 23,3 пайызга төмөндөө менен отчеттук жылдын акырына карата 1,3 млрд. сомду түзгөн.

Финансы министрлиги тарабынан банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карыздарын кайра тариздөө процессинде чыгарылган жүгүртүүдөгү жөнөкөй жана которулма векселдердин көлөмү, эки эсеге кыскаруу менен 35,2 млн. сом чегинде катталган. Ал эми алардын үлүшү 0,4 пайызга чейин азайган.

Кароого алынып жаткан мезгилде Бишкек шаарынын мэриясы 2009-жылы чыгарылган баалуу кагаздар боюнча карыздын ордун жабуу, жол куруу жана аны реконструкциялоо боюнча ишти каржылоо максатында кайрадан муниципалдык баалуу кагаздарды жайгаштырган. Жайгаштыруу көлөмү 225,0 млн. сомду түзгөн болсо, алар боюнча кирешелүүлүк 7,0 пайыз чегинде белгиленген. Мында, ушул облигациялардын мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүндөгү үлүшү өзгөрүүсүз – 2,2 пайыз чегинде калган.

***1.6.3.1.1-график***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмү




### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо максатында, 3, 6 жана 12 айлык мөөнөттөргө чыгарылат. Ушул баалуу кагаздарды баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор, мамлекеттик казына векселдерин чыгарууну тейлөө боюнча башкы агент болуп саналган Улуттук банкта жума сайын өткөрүлүп турат.

***1.6.3.1.1.1-график***

МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




*МКВ рыногундагы талап жана сунуш*

Банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээли жетишээрлик жогорку чекте сакталып турган отчеттук жылдын биринчи чейрегинде, МКВнын биринчилик рыногунда суроо-талаптын көбөйгөндүгү, атаандаштыктын жогорулагандыгы жана кирешелүүлүктүн төмөндөгөндүгү белгиленген. Эмитент ушул мезгилде өз баалуу кагаздарын сунуштоону улам арттырып отурган. Натыйжада, жалган куран айынын акырында МКВ кирешелүүлүгүнүн орточо алынган деңгээли, 2009-жылдын бештин айында белгиленген 6,4 пайыздан төмөндөө менен 4,9

пайызды түзгөн. Андан соң, экинчи чейректен тартып МКВга талап, банктарда ликвиддүүлүктүн төмөндөшүнө жана алардын ликвиддүүлүктү тескөө саясатынын өзгөрүүсүнө байланыштуу, байкалаарлык кыскарган. Бир жагынан алганда, рыноктун катышуучулары терс күтүүлөрдүн жана рынокто тобокелдиктин өөрчүшү таасири астында, өз аракеттерине оңдоолорду киргизишкен. Натыйжада, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү кескин өсүп кеткен. Ушуга байланыштуу чын куран жана бугу айларында МКВны сунуштоо төмөндөгөн. Кулжа айынан тартып Финансы министрлиги бюджеттин тартыштыгынын өсүшү шартында, өз векселдерин сунуштоону көбөйткөн. Бирок мында суроо-талап төмөн бойдон калган. Мындан тышкары, рынокто кирешелүүлүктүн өзгөрүлмөлүүлүгүнүн жогорулоосу белгиленген, натыйжада жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВны жайгаштыруу боюнча бардык аукциондор жана жүгүртүү мөөнөтү 3 ай, 12 ай болгон МКВларды жайгаштыруу боюнча жылдын теке айынан аяк оона айына чейинки аралыкта жарыяланган айрым аукциондор, өткөрүлбөгөн катары таанылган. Чын куран айынан аяк оона айына чейинки аралыкта МКВлардын кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли 15,2 пайызга чейин жогорулаган.

Айрым банктарда ликвиддүүлүктүн өсүшү жүргөн тогуздун айынан тартып МКВ рыногунун коньюктурасы жакшыра баштаган, бул суроо-талаптын көбөйүүсүнөн жана кирешелүүлүктүн төмөндөшүнөн көрүнгөн. Мында, жетинин айынын акырынан тартып, Финансы министрлиги жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВга талап төмөн болуп турган шартта, аларды сунуштоо көлөмүн кыскарткан. Сатуу түзүмүн кыска мөөнөттүү МКВ жагына өзгөртүү, казына векселдеринин жалпы орточо алынган кирешелүүлүгүнө оңтойлуу таасирин тийгизген, анын деңгээли жыл акырына карата 11,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

МКВлардын отчеттук жыл ичиндеги жалпы орточо жылдык кирешелүүлүгү, 2009-жылдагы кирешелүүлүккө салыштырганда 2,3 пайыздык пунктка төмөндөө менен 10,4 пайызды түзгөн. Мында, кирешелүүлүктүн төмөндөөсү МКВнын бардык түрү боюнча катталган: жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВ 6,3 пайыздык пунктка, 4,6 пайызга чейин, 6 айлык МКВ 12,3 пайыздан 7,4 пайызга чейин, ал эми 12 айлык МКВ 12,1 пайызды түзүү менен 1,6 пайыздык пунктка.

***1.6.3.1.1.2-график***

МКВнын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк



*Жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү*

Мамлекеттик казына векселдеринин эмиссиясынын жалпы көлөмү, 2009-жылдагы көлөмгө салыштырганда 22,8 пайызга кыскарып, отчеттук жылы 3,5 млрд. сомду түзгөн. Мында, кыска мөөнөттүү векселдердин үлүшү жыл башындагы 27,1 пайыздан жылдын акырындагы 35,8 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Натыйжада, МКВнын бүтүндөй портфелинин дюрациясы 175 күндөн жыл акырына карата 164 күнгө чейин төмөндөгөн.

***1.6.3.1.1.1-таблица***

МКВ эмиссиясынын көлөмү жана жылдык орточо кирешелүүлүк

| | 2009-ж. | | | 2010-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп,** *анын ичинде:* | **4 567,8** | **100,0** | **12,7** | **3 527,4** | **100,0** | **10,4** |
| Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлар | 1 224,1 | 26,8 | 10,9 | 520,3 | 14,8 | 4,6 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлар | 1 088,2 | 23,8 | 12,3 | 522,8 | 14,8 | 7,4 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлар | 2 255,4 | 49,4 | 13,6 | 2 484,3 | 70,4 | 12,1 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

МКВга ээлик кылып туруучулар түзүмүндө мурдагыдай эле, коммерциялык банктар басымдуу абалды ээлеген. Ошондой болсо да, алардын портфелиндеги векселдердин көлөмү 19,4 пайызга кыскарып, жыл акырына карата абал боюнча 2,5 млрд. сом же жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмүнүн 86,5 пайызын түзгөн (-3,8 пайыздык пункт). Жыл башынан тартып МКВга ээлик кылып турган банктардын саны 17 түзүү менен эки банкка кыскарган. Жалпы банктык портфелге концентрациялануу 0,12ден 0,17ге чейин өскөн. Бул рынокту, бирдей үлүшкө ээ алты банк ортосунда бөлүштүрүүгө эквиваленттүү. Банктардын үлүшүнүн кыскаруусу, портфелдеринин үлүшү 4,5 пайыздык пунктка, 12,2 пайызга чейин көбөйгөн институционалдык инвесторлордун ишинин жандануусунан улам келип чыккан. Жеке адамдардын-резиденттердин жана резиденттен болгон юридикалык жактардын менчигинде турган МКВ көлөмү отчеттук жылда кыскарып натыйжада, алардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 0,7ден 0,1 пайызга чейин жана 1,2 пайыздан 1,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

*МКВ экинчилик рыногундагы операциялар*

Экинчилик рыногунда коммерциялык банктар репо шарттарында кредиттик бүтүмдөргө келишүүдө МКВларды күрөө катары жигердүү пайдаланышкан. Отчеттук жылы банктар аралык репо-операцияларынын көлөмү 46,6 пайызга, 4,6 млрд. сомго чейин кыскарган. Экинчилик рыногунда «аутрайт» операцияларынын көлөмү дээрлик үч эсеге өсүп, 519,6 млн. сом чегинде катталган. Ушул бүтүмдөрдө МКВны төлөөгө чейинки орточо алынган мөөнөт 124 күндү, ал эми жылдык орточо чен 9,5 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

*МКО рыногундагы талап жана сунуш*

Мамлекеттик казына облигациялары Финансы министрлиги тарабынан 2009-жылдын тогуздун айынан тартып жайгаштырылып келүүдө. Бул баалуу кагаздар, мамлекеттик баалуу кагаздар чөйрөсүн кеңейтүү жана бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо мөөнөттөрүн узартуу максатында жүгүртүүгө чыгарылган эле. Бул облигациялардын жүгүртүү мөөнөтү эки жылды түзөт.

Отчеттук жылы ушул баалуу кагаздарга суроо-талап, МКО биринчилик рыногунда негизги инвестордон болгон коммерциялык банктардын ресурстарынын кыска мөөнөттүүлүгүнөн улам, төмөн бойдон калган. Эмитент өз кезегинде

бюджеттин муктаждыгына жана суроо-талап деңгээлине жараша, сунуш көлөмүн корректировкалаган. Айрым айларда инвесторлордун жоктугунан же алардын санынын жетишсиздигинен улам, аукциондор өткөрүлбөгөн катары таанылган. Суроо-талаптын жана атаандаштыктын төмөндүгүнүн натыйжасында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү жыл ичинде жогорулап, жыл башындагы 9,0 пайызга салыштырганда, жылдын акырында 18,9 пайызды түзгөн. МКОлордун орточо жылдык кирешелүүлүгү 15,9 пайыз чегинде катталган.

МКОлорду сатуунун жылдык көлөмү 913,6 млн. сомду түзгөн, ал эми жүгүртүүдөгүлөрүнүн көлөмү жыл ичинде эки эсеге көбөйүү менен 1,9 млрд. сом чегинде катталган.

***1.6.3.1.2.1-график***

МКОго суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




### 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2010-жылы рынокто жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталар жайгаштырылган. Улуттук банк, акча-кредит саясатынын алдыга койгон милдеттерине жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлине жараша, аларды сунуштоо көлөмүн жөнгө салуу менен үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу инструменти катары ноталарды пайдаланууну уланткан.

Бүтүндөй алганда, жыл ичинде 8,9 млрд. сом суммасында ноталар жайгаштырылган, ал эми 2009-жылы бул көрсөткүч 20,7 млрд. сом чегинде катталган эле.

***1.6.3.1.3.1-график***

Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар.




*Улуттук банктын ноталар рыногундагы талап жана сунуш*

Отчеттук жылдын алгачкы чейрегинде банктардагы үстөк камдардын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, ноталарга талап, сатуунун сунуш кылынган көлөмүнөн артуу менен жогорулаган. Бул, чейрек ичинде рыноктун бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн бара-бара төмөндөшүнө алып келген. Чын куран айындагы окуяларга жана аукциондорго жигердүү катышып келген айрым банктардын рыноктон чыгуусуна байланыштуу, экинчи чейрек ичинде жалпы суроо-талаптын байкалаарлык кыскаргандыгы белгиленген. Улуттук банк бир эле учурда, банк тутумунда ликвиддүүлүктү колдоого алуу максатында ноталарды чыгаруу көлөмүн кыскартуу жана 28 күндүк ноталардын эмиссиясына гана тиешелүү чечим кабыл алынган.

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын бардык сегменттеринде ушул мезгил ичинде пайыздык чендердин жогорулоосунан кийин, Улуттук банктын ноталары рыногундагы жагдай турукташкан. Институционалдык инвесторлор бул рынокто негизги инвесторлордон болушкан. Тогуздун айынан тартып, банктарда ликвиддүүлүк өсө баштаган. Ал эми Улуттук банк акча-кредит саясатын катуулатуу боюнча кабыл алган чараларынын алкагында, жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталарды сунуштоо аркылуу, өз баалуу кагаздарын сунуштоо көлөмүн арттыра баштаган. Талап деңгээлинин төмөн болуп турушу шартында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өсүшкө ык койгон.

Ноталардын баардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 4,0 пайыздык пунктка, 2,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын жылдык орточо кирешелүүлүгү 2,4 пайызды (-2,4 пайыздык пунктту), 14 күндүк ноталар 2,3 пайызды (-4,6 пайыздык пунктту) түзгөн болсо, 28 күндүк ноталар сегментинде жылдык орточо кирешелүүлүк 4,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2,8 пайызды түзгөн.

Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү отчеттук жылдын акырына карата 669,2 млн. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылып турууучулар түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 48,1 пайызды, институционалдык инвесторлордуку 51,6 пайызды, ал эми резиденттерден болгон юридикалык жактардыкы 0,3 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталары 12 банктын портфелинде турган.

***1.6.3.1.3.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




### 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу

2010-жылдын үчтүн айы-тогуздун айы ичинде үч фондулук биржа («Кыргыз фондулук биржасы» ЖАК, «Кыргызстандын фондулук биржасы-БТС» ЖАК, «Борбордук Азия фондулук биржасы» ЖАК) аянттарында ишке ашырылган бүтүмдөр боюнча тооруктардын чогуу алгандагы көлөмү 12,4 млрд. сомду (-69,4 пайызды) түзгөн. Бардык тоорук аянттарында тооруктардын көлөмүнүн төмөндөгөндүгү катталган: «Кыргыз фондулук биржасы» ЖАКтын тоорук аянтында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 83,3 пайызга, 436,1 млн. сомго, «Борбордук Азия фондулук биржасы» ЖАКтын аянтында»[1] – 58,9 пайызга, 392,6 млн. сомго чейин, ал эми «Кыргызстандын фондулук биржасы-БТС» ЖАКтын аянтында 408,8 млн. сомду түзүү менен 14,9 пайызга кыскарган.

Отчеттук жылдын акырына карата баалуу кагаздар рыногунда алты акционердик инвестициялык фондулар, ошондой эле эки пайлык инвестициялык фонд ишкердикти жүргүзүшкөн. Бирок, алардын үлүшү финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо бир аз эле бойдон (ИДПга карата 0,01 пайыз деңгээлинде) калган.

### 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

2010-жылдын акырына карата депозиттик базанын көлөмү[2], коммерциялык банктардын берген отчетторуна ылайык 34,1 млрд. сомду түзүү менен жыл башынан бери 14,0 пайызга кыскарган. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмү 28,4 пайызга кыскаруу менен 17,7 млрд. сом эквивалентин түзгөн шартта, улуттук валютадагы депозиттер 10,1 пайызга, 16,3 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Ушул эле учурда, АКШ долларынын курсунун өзгөрүү таасирин эске албаганда, жыл башынан тартып валюталык аманаттардын 32,5 пайызга төмөндөгөндүгү катталган. «АзияУниверсалБанк» ААКсынын отчетторунун бурмалангандыгын (жасалма жогорулатылгандыгын) эске алуу менен бул банкты кошпогондо, банк

[1] 2010-жылдын чын куран айынын экисине карата абал боюнча алынган маалыматтар. Бишкек шаарынын Экономикалык иштер боюнча райондор аралык сотунун 2010-жылдын баш оона айынын он бириндеги чечими менен «Борбордук-Азия фондулук биржасы» ЖАК банкрот деп таанылган.

[2] Өкмөттүн депозиттерин жана башка финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

тутумунун депозиттик базасынын көлөмү төмөндөгөн эмес, тескерисинче 35,2 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук жылы[1] валюталык аманаттардын кыскаруусу депозиттик базанын долларлашуусунун 10,5 пайыздык пунктка, бештин айынын акырына карата 52,1 пайызга чейин кыскарышына алып келген. Ошону менен бирге эле, улуттук валютадагы депозиттердин нак акча көлөмүнө (МО) карата катышы 43,8 пайыздан 39,4 пайызга чейин кыскарган.

***1.6.4.1-график***

Депозиттик базанын көлөмү* (бир мезгилдин акырына карата)




** Маалыматтар «АзияУниверсалБанк» ААКсынын көрсөткүчтөрүнө корректировкалоолорсуз келтирилген.*

*Депозиттик базанын аманатчылар боюнча түзүмү*

Юридикалык жактардын депозиттеринин депозиттик базанын түзүмүндөгү үлүшү 67,0 пайыз чегинде олуттуу бойдон калган. Юридикалык жактардын сом түрүндөгү аманаттары жыл ичинде 5,8 пайызга өскөн. Ишканалардын чет өлкө валютасындагы депозиттеринин көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн 40,7 пайызга төмөндөөсүн жогоруда белгиленгендей эле, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын балансынын бурмаланышы менен түшүндүрүүгө болот. Калайык-калктын депозиттеринин үлүшү 24,3 пайыздан 33,0 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө сом түрүндөгү аманаттардын 21,7 пайызга басымдуу өсүшү катталган болсо, валюталык аманаттар 13,6 пайызга көбөйгөн.

*Депозиттик базанын мөөнөтү боюнча түзүмү*

Депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмүндө юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин кыскарышынын натыйжасында, тартылган ресурстардын мөөнөтү узартылган. Демек, мөөнөттүү депозиттердин үлүшү жыл башындагы 29,9 пайызга караганда, 34,3 пайызды түзүү менен өсүшкө ээ болгон. Депозиттик базанын түзүмүндөгү талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын жана эсептешүү эсептеринин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 18,3 жана 47,5 пайыз чегинде катталган. Жыйынтыгында, депозиттик базанын дюрациясы 0,9 айга өсүп, 4 айга жеткен, ал эми мөөнөттүү депозиттер боюнча 11,8 айды түзүү менен 1,5 айга көбөйгөн.

Жыл жыйынтыгы боюнча депозиттер рыногунун концентрациялануусунун 0,22ден 0,10го чейин кыскаргандыгы белгиленген, бул рыноктун концентрациялануу деңгээлинин төмөндүгүн чагылдырат.

*Депозиттик база боюнча пайыздык чендер*

Отчеттук жылдын акырына карата улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган пайыздык чени 0,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 4,6

[1] Мындан ары, депозиттер жана кредиттер рыногуна жүргүзүлгөн иликтөөлөр, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, «АзияУниверсалБанк» ААКсын эске алуу менен келтирилет.

пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча чен 0,8 пайыздык пунктка, 2,9 пайызга чейин өскөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] отчеттук жыл ичинде 129,5 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 54,9 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер боюнча 65,6 пайызга, 56,0 млрд. сомго чейинки өсүш сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча да 47,6 пайызга, 73,4 млрд. сомго чейинки өсүш катталган. Мында, депозиттердин негизги агылып кирүүсү юридикалык жактардын улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыз кылынган.

*Кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен*

Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин үлүшүнүн көбөйүүсүнөн улам, жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин төмөндөгөндүгү белгиленген. Улуттук валютадагы орточо салмактанып алынган пайыздык чендер 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 0,8 пайыздык пунктка, 2,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 10,1 пайызды түзүү менен 1,1 пайыздык пунктка өскөн. Ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо чен 0,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 1,1 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен, бир жылдан  үч жылга чейинки мөөнөттөгү депозиттерди эске албаганда, мөөнөттүү депозиттердин бардык түрү боюнча чендердин төмөндөшүнүн эсебинен 0,7 пайыздык пунктка, 7,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Мында, калктын аманаттары боюнча чендер өскөн: улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча 0,1 пайыздык пунктка, 11,1 пайызга чейин, чет өлкө валютасындагы чен (1,3 пайыздык пунктка) төмөндөп, 8,0 пайызды түзгөн.

***1.6.4.2-график***

Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




[1] Жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмүндө юридикалык жактардын эсептешүү эсептерине келип түшкөн каражаттар эске алынбайт.

*Кредит рыногундагы негизги тенденциялар*

Отчеттук жылда экономиканын реалдуу секторун кредиттөө арткандыгы белгиленген. Жылдын биринчи чейрегинде өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келиши алкагында кредиттөө салыштырмалуу жогорку арымда өсүшкө ээ болгон. Чын куран жана бугу айларында банктар кредиттөө көлөмүн олуттуу төмөндөткөн болсо да, кийинки айларда банктардын кредит портфелинин өсүшү калыбына келген, ал эми пайыздык чендер ишкерлерди колдоого алуу максатында төмөндөтүлгөн. Экинчи чейректен тартып банктардын кредит портфелинин сапатынын байкалаарлык начарлоосу белгиленген. Банктык эмес финансы кредит мекемелери да, өз кезегинде кредиттөө көлөмүн арттырышкан.

2010-жылдын акырына карата банктардын жана БФКМдердин кредиттеринин жалпы көлөмү 8,7 пайызга көбөйүү менен 41,9 млрд. сомду түзгөн (2009-жылы ал, 16,7 пайыздык өсүшкө ээ болгон эле).

*Банктардын кредит портфели*

Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] жылдын акырына карата 26,4 млрд. сомду түзүү менен 4,6 пайызга өскөн (2009-жылы 1,5 пайызга кыскарган эле). Алмашуу курсунун жогорулоосунун (6,8 пайызга) таасирин эске албаганда, банктардын кредит портфелинин өсүшү 1,1 пайызды түзгөн. Кредит портфелинин көбөйүүсү улуттук валютадагы кредиттердин 22,2 пайызга, 11,7 млрд. сомго чейин өсүшү менен камсыз кылынган. Ушул эле учурда, чет өлкө валютасындагы кредиттер 14,7 млрд. сомду түзүп, 6,1 пайызга кыскарган (АКШ долларынын курсунун өзгөрүүсүнүн таасирин эске албаганда, кыскаруу 11,8 пайыз чегинде катталган). Жыйынтыгында, кредит портфелин долларлаштыруу 62,1 пайыздан 55,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

2009- жана 2010-жылдар үчүн «АзияУниверсалБанк» ААКсы боюнча маалыматтарды корректировкалоону эске алганда, банк тутумунун кредит портфели 9,9 пайызга көбөйгөн. Анын ичинде улуттук валютадагы кредиттер 24,3 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагылар 0,6 пайызга көбөйгөн.

*Кредит портфелинин мөөнөттүүлүк түзүмү*

2010-жылы узак мөөнөттүү кредиттөөнүн артышынын алгылыктуу тенденциясы белгиленген, бул кредит портфелинин дюрациясынын 24,9дан 26,5 айга чейин өсүшүнө алып келген. Банктардын кредит портфелинин түзүмүндө төлөө мөөнөтү алты айдан бир жылга чейинки жана үч жылдан ашык мөөнөткө берилген кредиттердин үлүшү өскөн.

***1.6.4.3-график***

«Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКтын кредиттерин эске алуу менен экономикадагы кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




[1] Түзүлгөн РППУ жана чегерилген дисконтту эске алуу менен

Кредиттөө рыногунун концентрациялануусу жыл башынан тартып өзгөрбөстөн, жогору болбогон чекте - 0,09 чегинде катталып калган. Ошол эле учурда, банктардын кредит портфелинин тармактарда концентрацияланышын чагылдырган индекс жогорку деңгээлде – 0,46 сакталып калган, бул көпчүлүк банктардын кредиттери эки тармак ортосунда бөлүштүрүлгөндүгүн айгинелеп турат. Эгерде, ар бир тармакта кредиттердин концентрациялануусун өзүнчө карап көрө турган болсок, анда алардын көпчүлүгүндө (11 тармактын жетисин) концентрациялануу жогору бойдон – 0,18ден көбүрөөк сакталып калган, бул ушул тармакка банктардын анчалык көп эмес санда катышкандыгын айкындап турат.

*Кредит портфели боюнча пайыздык чендер*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча пайыздык чендердин жылдык орточо деңгээли улуттук валютада 22,9 пайызды (-2,4 пайыздык пунктту) түзгөн, ал эми чет өлкө валютасында чен 1,3 пайыздык пунктка, 19,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

***1.6.4.4-график***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына караты).




***1.6.4.5-график***

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер динамикасы



*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктардын жаңыдан берилген кредиттеринин көлөмү 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 3,7 пайызга өсүү менен 22,8 млрд. сомду түзгөн. Көбөйүү, сом түрүндөгү кредиттердин 19,6 пайызга өсүп, 11,9 млрд. сомго жетишинин натыйжасынан болгон. Кредиттердин валюталык бөлүгү жыл ичинде 10,9 млрд. сом эквивалентин түзүп, кыскаруусун сактап калган (-9,4 пайыз).

«АзияУниверсалБанк» ААКсынын кредиттерин эске албаганда, жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 15,4 пайызга, 21,3 млрд. сомго чейин өскөн. Алардын ичинен улуттук валютадагы кредиттер 27,3 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагылар 4,6 пайызга көбөйгөн.

*Берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

Жаңыдан берилген кредиттердин көбөйүүсү экономиканын көпчүлүк тармактарында байкалган. Жыл жыйынтыгы боюнча айыл чарбасына кредиттердин үлүшү 1,4 пайыздык пунктка, 12,6 пайызга чейин, курулушка 4,4 пайызга чейин (+0,5 пайыздык пунктка) жана ипотекага 4,0 пайызга чейин (+1,5 пайыздык пунктка) өсүшкө ээ болгон. Ошол эле учурда, соодага кредиттердин үлүшү 0,4 пайыздык пунктка, 54,4 пайызга чейин, өнөр жайына кредиттер 6,1 пайыздан 5,4 пайызга чейин, керектөө максаттарына кредиттер 9,6 пайыздан 8,3 пайызга чейин кыскарган. Даярдоого жана кайра иштетүүгө, транспортко, байланышка, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө, кредиттердин салыштырма салмагы, суммада алып караганда, 2,2 пайызды түзгөн. Башка кредиттердин үлүшү 1,6 пайыздык пунктка азайып, 8,7 пайызды түзгөн.

*Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактынып алынган чен, жыл ичинде 23,7 пайызды түзүү менен 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,9 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Ипотекага, курулушка, байланышка ж.б. максаттарга кредиттерден тышкары, экономиканын реалдуу секторунун дээрлик бардык тармактарында пайыздык чендердин төмөндөшү катталган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 1,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 19,8 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча эң жогорку пайыздык ченден болуп, байланышка берилген кредиттер боюнча чен, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча, керектөө кредиттерине чендер саналган.

*БФКМдин кредиттөөсү*

Отчеттук жылы БФКМдер да кредиттөөнү арттырууну улантышкан. «Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын кредиттерин эске алганда, БФКМ секторлору тарабынан экономиканы кредиттөөгө алуу 18,8 пайызга өскөн.

II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2010-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Бүтүндөй 2010-жыл ичинде Улуттук банкка, бир жагынан инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн чектөө, экинчи жактан экономиканы колдоо үчүн аны акча сунушу менен камсыз кылуунун зарылчылыгы ортосунда балансташууга жетишүүнүн, оор милдетин чечүүгө туура келген. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу ички саясый таасирлердин жана тышкы чөйрөнүн баа таасирлеринин кесепеттеринин айкалышында кыйла татаалдашкан. Эгерде, жыл башында акча-кредит саясаты инфляциялык тобокелдиктерди басаңдатууга багытталган болсо, өлкөдөгү чын куран айындагы окуялардан кийин акча-кредит саясатынын багыты, банк тутумунун туруктуулугун жана бүтүндүгүн сактап калуу, аны ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу зарылчылыгына, акырында келип, экономиканын өтө төмөндөп кетүүсүнө жол бербөө жагына ыктаган. Азык-түлүк рынокторундагы регионалдык таасирлер, жылдын экинчи жарымында инфляциялык процесстерди күчөткөн, ага каршы Улуттук банк, баанын өсүшүн токтотуу максатында акча-кредит саясатын катуулатуу чаралары аркылуу аракеттенген. Отчеттук жыл ичинде инфляция 19,2 пайызды түзгөн жана эң башкысы ал, монетардык эмес мүнөздөгү себептер менен шартталган.

Дүң эл аралык камдардын көлөмү 1,7 млрд. АКШ доллары деңгээлине чейин өскөн. Эл аралык камдар өзүндө валюта портфелин, атайы карыз алуу укугун (СПЗ) жана алтын түрүндөгү активдерди камтуу менен өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарындагы, эл аралык финансылык институттарындагы жана жогорку кредиттик рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарындагы жогорку ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган. Эл аралык камдар эң башкысы, акча-кредит саясатынын максаттарында, ошондой эле Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн пайдаланылган.

### 2.1. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу

*Акча-кредит саясатынын максаттары*

Улуттук банк акча-кредит саясаты стратегиясын эрежедегидей эле, өзүнүн негизги иш максатына ылайык – тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу, узак мөөнөткө каралган экономикалык өсүшкө түрткү берүү үчүн баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун колдоону көздөө менен орто мөнөттүк мезгил аралыгына иштеп чыгат. Акча-кредит саясатынын стратегиясын жана бир мезгил үчүн макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү аныктаган «Акча-кредит саясатынын негизги багыттары» Улуттук банк Башкармасы тарабынан жактырылат.

Акча-кредит саясат жагында чечимдерди кабыл алууну Улуттук банк Башкармасы жана Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети жүзөгө ашырат. Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту жана кийинки мезгилге акча-кредиттик программаны чейрек сайын кароого алып турган. Акча-кредит саясатынын инструменттери жана алардын параметрлери боюнча оперативдүү чечимдер, Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан жумалык негизде кабыл алынып турган. Бул комитет, ар айлык негизде акча-кредиттик программада белгиленген параметрлерге жетишүү үчүн багыттарды, ошондой эле Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун иш максаты үчүн базалык чен өлчөмүн аныктап турган. 2010-жылы Улуттук банк Башкармасынын жана Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин, банк тутумунун ликвиддүүлүгү жана анын туруктуулугун ошондой эле, бүтүндүгүн калыбына келтирүүгө тиешелүү стратегиялык жана оперативдүү мүнөздөгү маселелерди чечүү үчүн атайы отурумдары өткөрүлгөн.

Акча-кредит жана бюджет саясатынын макулдашылган чаралары, Улуттук банктын жана Финансы министрлигинин өкүлдөрүнөн турган Ведомстволор аралык координациялык кеңештин алкагында, оперативдүү деңгээлде ишке ашырылып келген.

Жогоруда аталган «Акча-кредит саясатынын негизги багыттары» документи-нин убакыт аралыгы үч жылдан бир жылга чейин өзгөртүлгөн, бул документти иштеп чыгуу учурунда орто мөөнөттүк мамлекеттик бюджеттин параметрлеринин, ошондой эле региондогу тышкы макроэкономикалык факторлордун белгисиздигинин орун алышынан улам келип чыккан. Акча-кредит саясатынын 2010-жылга негизги багыттарында аныкталган инфляцияга баа берүүнүн өзөгүндө, экономикалык өсүштү колдоо жана калкты социалдык жактан коргоого алууну күчөтүү үчүн бюджеттик өбөлгөлөрдүн масштабдуу чараларынын алкагында инфляциялык басымдын жогорулоосу, ошондой эле электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин көтөрүлүшү ыктымалдыгын болжолдоолор камтылган эле. Инфляцияны алгылыктуу арымда токтотуп туруу, 2010-жылда биринчи кезектеги милдет катары аныкталган.

Отчеттук жылдын алгачкы чейрегинде Улуттук банк жүргүзгөн акча-кредит саясаты болжолдонгон макроэкономикалык көрсөткүчтөргө жана кыска мөөнөткө каралган акча-кредиттик программага ылайык келген. Бардык акча топтомдору өсүп, алмашуу курсунун өсүшү кыска мөөнөттүк программада белгиленген эсептик мааниге дал келген. Инфляция динамикасы туруктуу болгон, албетте мына ушулар сезондук жайкы дефляцияны эске алганда, алдыга коюлган максаттарга жетишүүгө ишенимди түптөгөн.

Республикада болуп өткөн саясый окуялар акча-кредит саясатын жүргүзүү шарттарынын жана мүнөзүнүн өзгөрүүсүнө олуттуу таасир эткен. Жылдын чын куран айынан кийинки алгачкы ай ичинде инфляция алгылыктуу чекте сакталып турса да, банк тутумунда системалуу кризистин келип чыгуу тобокелдиги, ошондой эле тереңдеген стагнация коркунучу келип чыккан шартта, Улуттук банктын бардык аракеттери банк жана финансы системасынын туруктуулугун камсыз кылууга жана экономикалык өсүшкө өбөлгө түзүүгө багытталган. Коммерциялык банктардын экономиканы кредиттөөсү үчүн ресурстук базанын азайгандыгын көңүлгө алуу менен Улуттук банк, ачык рынокто операцияларды жүргүзүү аркылуу үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу көлөмүн олуттуу төмөндөткөн: жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү кулжа айынын акырында жалган куран айынын акырындагы 1,0 млрд. сомго караганда, 200 млн. сомду түзгөн. Ошону менен бирге эле, банктарды кайра каржылоо боюнча операциялар көлөмү көбөйтүлүп, коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдар өлчөмү 9,5 пайыздан 8 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Улуттук банк ички валюта рыногунда чет өлкө валютасына карата талап жогорулап жаткан шартта, АКШ долларынын алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында, долларды сатуу көлөмүн көбөйткөн.

Улуттук банк баш оона айынан тартып банк секторунда ликвиддүүлүк проблемасы орун алып турган шартта, аларды колдоого алуу үчүн микрофинансылык уюмдарга сом түрүндөгү ликвиддүүлүктү сунуштоо боюнча коммерциялык банктар менен своп-операцияларды жүргүзүүнү баштаган. Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун иш жигери арттырылган. Экономикалык өсүшкө түрткү берүү максатында, бугу айында Улуттук банк, бул мекеменин иш максаттары үчүн базалык ченди 8 пайыздан 7 пайызга чейин төмөндөтүп, ошондой эле анын кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чен өлчөмүн аныктоо үчүн базалык ченге карата тармактык ондоо коэффициенти 1ге чейин төмөндөтүлгөн. Бул коэффициент 2010-жылдын акырына чейин сакталып турган.

***2.1.1-график***

АКШ долларынын сомго карата расмий курсунун, инфляциянын жана банктардан тышкары акчанын жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы




***2.1.2-график***

Инфляциянын, Улуттук банктын жана банктар аралык репо операцияларынын чендеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Көрүлгөн ушул чаралар кредиттөөнү көбөйтүүгө жана өлкө экономикасынын өтө терендеп түшүп кетүүсүнө жол бербөөгө шарт түзгөн. Экономикалык тескөө министрлиги тарабынан баш оона айында экономикалык төмөндөө 5,4 пайыз чегинде бааланган болсо, 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча реалдуу алганда ИДП 1,4 пайызга гана төмөндөгөн. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл ичинде 4,6 пайызга өскөн. Ал эми банктык эмес финансы кредиттик мекемелердин кредиттеринин көлөмү[1] 18,8 пайызга, анын ичинде микрофинансылык уюмдардыкы 25,4 пайызга көбөйгөн.

[1]Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусунун кредит портфелин эске алуу менен жана БРАФ жана Финкомпанияны эске албаганда.

**2.1.3-график**

Коммерциялык банктардын жана БФКМдердин кредит портфелинин динамикасы* (бир мезгилдин акырына карата)




*БРАФты жана Финкомпанияны эске албаганда, Кыргыз Республдикасын Өнүктүрүү фондусун эске алуу менен.

*Инфляциялык басым*

Үчүнчү чейректе орун алып турган ички таасирлерге, энергопродукцияларга баанын өсүшү алкагында дан өсүмдүгүн ири өндүрүүчүлөрдөн болгон өлкөлөрдөгү климаттык катаклизм менен коштолгон, тышкы баа таасири да кошулган. Азык-түлүк товарларына ички баанын жогорулоосунан жана калктын инфляциялык күтүүлөрүнүн күчөшүнөн көрүнгөн инфляциялык процесстин олуттуу ыкчамдашы күч алган. Жылдык инфляциянын 19,2 пайыз чегинде катталышы шартында, биринчи жарым жылдык ичинде керектөө бааларынын өсүшү болгону 4,1 пайызды түзгөн.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Инфляциялык басымдын күчөшүн жана бюджеттик чыгашалардын олуттуу артышын эске алуу менен Улуттук банк баш оона айында үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды күчөтүүнү болжолдоп, акча-кредит саясатын бара-бара катуулатуу максатында, акча-кредиттик программага корректировкалоолорду киргизген. Жүгүртүүдөгү нота көлөмүн арттыруу Улуттук банктын бул багытта көргөн чараларынын бири катары аныкталган. Натыйжада, экинчи жарым жылдыкта жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү кулжа айынын акырындагы 200 млн. сомдон бештин айынын акырындагы 669,2 млн. сомго чейин өскөн. Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын орточолонгон кирешелүүлүгүнө байланыштырылган эсептик чен, 2010-жыл ичиндеги акыркы төрт аукциондо 5,5 пайызга чейин (+4,6 пайыздык пунктка) жогорулаган. Өкмөттүн таза чыгашаларынын олуттуу көбөйүүсү шартында, отчеттук жылдын акырында Улуттук банк, коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алуу максатында, репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн.

## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу инструменттери*

2010-жылы Улуттук банк ликвиддүүлүктү жөнгө салуу үчүн акча-кредит саясатынын стандарттык инструменттери сыяктуу эле, Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун иши түрүндөгү стандарттык эмес механизмдерди да колдонгон. Ички валюта рыногундагы өсүп жаткан дисбалансты

эске алуу менен Улуттук банк, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында, чет өлкө валюталарын сатуу көлөмүн көбөйткөн. Натыйжада, Улуттук банктын операциялар түзүмүндө валюталык интервенциялардын үлүшү 49,8 пайызды түзгөн.

Улуттук банктын ноталары мурдагыдай эле, банк тутумунун ликвиддүүлүгүн жөнгө салуунун негизги инструментеринин бири катары пайдаланылган. Ноталар эмиссиясынын жалпы көлөмү отчеттук жылда, 2009-жылдагыдан эки эседен көбүрөөккө төмөн болгон, анткени, чын куран айынан кийинки мезгилде банк тутумунда ликвиддүүлүк кризисине жол бербөө жана макроэкономикалык жана саясий туруксуздук шартында, экономикалык өсүш үчүн өбөлгөлөрдү түзүү максатында Улуттук банк, жумалык эмиссия көлөмүн кыскарткан.

***2.2.1-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Айрым банктарда сом түрүндөгү ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүп турuусу шартында, «овернайт» кредитине талап өскөн. Кайра каржылоонун ушул инструментинин Улуттук банктын операцияларынын жалпы көлөмүндөгү үлүшү, отчеттук жыл ичинде 9,6 пайызга чейин өскөн.

Микрофинансылык уюмдардын ликвиддүүлүккө байланыштуу проблемаларын жөнгө салуу үчүн Улуттук банк 2010-жылы МФУлардын билдирмелери боюнча коммерциялык банктар менен тике своп операцияларын ишке ашырган. Операциялардын жалпы көлөмүндө Улуттук банктын ушул операцияларынын үлүшү 2,5 пайыз чегинде катталган. Ал эми 2009-жылы Улуттук банк своп-операциясын жүргүзгөн эмес.

Кароого алынып жаткан жылы экономиканы кредиттөө үчүн банк секторуна финансылык ресурстарды сунуштоо жана ликвиддүүлүктү колдоо үчүн 2009-жылы Улуттук банк тарабынан  түзүлгөн БРАФтын иши жанданган. БРАФ бөлүштүргөн каражаттардын көлөмү отчеттук жыл ичинде, жыл башындагы 66,6 млн. сомдон 1,0 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Акча-кредиттик операциялардын жалпы көлөмүндө бул мекеменин операцияларынын үлүшү, 2009-жылдагы 3,0 пайызга салыштырганда 5,8 пайызга чейин көбөйгөн.

Бүтүндөй алганда, Улуттук банктын акча-кредиттик операцияларынын жалпы көлөмү 27,8 млрд. сомго жакынды түзгөн, бул 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 20,7 пайызга (35,1 млрд. сом) аз.

### 2.2.1 Ички валюта рыногундагы операциялар

*Валюта рыногундагы жагдай*

Отчеттук жылы Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарына катышуусу рынок коньюктурасынын мүнөзүнө жараша болуп, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө зарылчылыгы менен аныкталган. Ички валюта

рыногундагы жагдай АКШ долларынын курсунун өсүшү менен мүнөздөлгөн. Кардарлардын импорттук контракттарын төлөө, анын ичинде КММ үчүн импортко төлөөлөрдөн улам коммерциялык банктар тарабынан суроо-талаптын жогору болушу, ушул чет өлкө валютасынын курсунун жогорулоосуна түрткү берген негизги фактордон болгон. Мындан тышкары, улуттук валютанын курсунун төмөндөө тенденциясына дүйнөлүк финансылык рыноктордо европа валютасынын алсызданышы шартында, АКШ долларынын курсунун өсүшү таасир эткен. Акча которуу системалары боюнча чет өлкө валюталарынын агымынын өсүшүнө карабастан, сезондук өзгөрүүлөрдү эске алганда, чет өлкө валютасына карата талаптын басымдуу болушу, ички валюта рыногунда АКШ долларына суроо-талап менен сунуш ортосундагы айрым бир дисбалансты шарттаган. Доллардын алмашуу курсунун кескин өзгөрүп кетишине жол бербөө максатында, Улуттук банк отчеттук жылдын алгачкы чейрегинде банктар аралык валюта рыногунда АКШ долларын сатуу сыяктуу эле, сатып алуу операцияларын ишке ашырган. Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча алмашуу курсу 45,2203 сом/АКШ доллары маанисине жетип, 2010-жылдын башталышынан берки өсүш арым 2,6 пайызды түзгөн. АКШ долларын таза сатуу 52,3 млн. АКШ доллары чегинде катталган.

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




Ички таасирлердин кесепетинен өлкөдө белгисиздик жагдайынын түптөлүшү, отчеттук жылдын экинчи чейрегинде чет өлкө валютасына талаптын жогорулоосуна түрткү берип, сомдун алмашуу курсуна басаңдатуучу мүнөздөгү басым жасаган. Коңшу өлкөлөр менен чек аралардын жабылышынан улам, республикага чет өлкө валюталарынын агылып кирүүсүнүн токтоп калышы, банк тутумунда проблемалардын орун алышы, банктардын кардарлардын импорттук контракттарын тейлөөгө, анын ичинде жазгы талаа иштерине байланыштуу КММ импортун тейлөөгө чыгашалардын өсүшү, ички валюта рыногундагы чет өлкө валютасына карата талап менен сунуштун дисбалансынын келип чыгышына түрткү берген негизги себептен болгон. Мындан тышкары, Россия Федерациясынын чын куран айынын биринен тартып, республикага сунушталган мунай заттарына экспорттук бажы алымын киргизүүсү да импорттук контракттардын наркынын жогорулоосуна түздөн-түз таасир эткен. Кооптонуулардын жана алмашуу курсуна

алып-сатарлык басымдын келип чыгышына жол бербөө максатында, Улуттук банк, АКШ долларын сатуу боюнча интервенцияларды жигердүү ишке ашырган. Алсак, отчеттук жылдын экинчи чейрегинде таза сатуу 87,8 млн. долларды түзгөн. Мында, жергиликтүү валюта АКШ долларына карата 2,5 пайыз чегинде девальвацияланган.

Үчүнчү чейректе АКШ долларынын курсунун динамикасында ар тараптуу тенденция белгиленген. Валюта курсунун өзгөрүүсүнө, ага карата жогорку суроо-талаптын сакталып турушу сыяктуу эле, орун алган ички жагдайдын кесепетинен рынок катышуучуларынын күтүүлөрү таасир эткен. Үчүнчү чейректин жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын  таза сатуусу 45,8 млн. долларды түзүп, ал эми АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 0,5 пайызга өскөн.

Төртүнчү чейрек ичинде АКШ долларынын позициясынын басаңдоосу сыяктуу эле, анын чыңдалгандыгы катталган. Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө бөгөт коюу максатында Улуттук банк, АКШ долларын сатып алып, сатуу аркылуу банктар аралык валюта тооруктарына катышкан. Ушул чейрек ичинде таза сатуу 48,9 млн. долларды түзгөн. Анын ичинде 0,5 млн. нак доллар сатылган. АКШ долларынын расмий курсу ушул мезгил ичинде 1,2 пайызга өскөн.

*Валюталык интервенциялардын көлөмү*

Улуттук банк тарабынан ички рынокто 2010-жыл ичинде сатылып алынган доллардын жалпы көлөмү 28,9 млн. долларды, ал эми сатуу 0,5 млн. нак АКШ долларын кошо алганда, 263,7 млн. долларды түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде АКШ долларынын расмий алмашуу курсу 6,8 пайызга өсүү менен отчеттук жылдын акырына карата 47,0992 сом/АКШ доллары маанисине жеткен.

Кароого алынып жаткан жылы, АКШ доллары менен операциялардан тышкары Улуттук банк,  ички валюта рыногун өнүктүрүү жана чөйрөсүн кеңейтүү максатында, жалпы суммасы 245,0 млн. орус рублин сатып алуу боюнча валюталык операцияларды да ишке ашырган. Финансы секторуна колдоо көрсөтүү жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү максатында, өлкөнүн башкы банкы аукциондук негизде эмес, тике валюталык своп-операцияларды жүргүзгөн. Микрофинансылык уюмдардан тиешелүү билдирмелер банктарда болгон шартта, Улуттук банктын АКШ долларындагы каражаттардын ордуна улуттук валютадагы акча каражаттарын сунуштоосу, мына ушул операциялардын маңызын түзөт. Отчеттук мезгил ичинде мына ушундай бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 14,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

***2.2.1.1-таблица.***

Улуттук банктын ички валюта рыногундагы операциялары

*(миң АКШ доллары)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2009-ж. бардыгы болуп** *анын ичинде:* | **163 604,6** | **28 249,3** | **67 200,0** | **30 600,0** | **289 653,8** |
| АКШ долларын сатып алуу | 6 950,0 | 11 550,0 | 38 500,0 | 9 800,0 | 66 800,0 |
| АКШ долларын сатуу | 156 000,0 | 16 400,0 | 28 700,0 | 20 800,0 | 221 900,0 |
| Чет өлкө валютасын  сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | 654,6 | 299,3 | - | - | 953,8 |
| Чет өлкө валютасын  сатуу (АКШ долларынан тышкары) | - | - | - | - | - |
| Валюталык своп операциялар (сатуу) | - | - | - | - | - |
| **2010-ж. бардыгы болуп** *анын ичинде:* | **55 950,0** | **92 970,2** | **87 080,8** | **79 378,2** | **315 379,2** |
| АКШ долларын сатып алуу | 1 800,0 | 2 250,0 | 15 000,0 | 9 850,0 | 28 900,0 |
| АКШ долларын сатуу | 54 150,0 | 90 050,0 | 60 800,0 | 58 700,0 | 263 700,0 |
| Чет өлкө валютасын  сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | - | 670,2 | 5 830,8 | 1 628,2 | 8 129,2 |
| Чет өлкө валютасын  сатуу (АКШ долларынан тышкары) | - | - | - | - | - |
| Валюталык своп операциялар (сатып алуу) | - | - | 5 450,0 | 9 200,0 | 14 650,0 |

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Улуттук банктын ноталары – бул, банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана эсептик чен өлчөмүн аныктоо максатында Улуттук банк, аларды аукциондук жана аукциондон тышкаркы негизде жайгаштырган, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар.

Акча-кредит саясатынын милдеттерине жараша, банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жана ички таасирлердин кесепетинен банк секторунда орун алган көйгөйлөрдү эске алуу менен Улуттук банк, 2010-жылы ноталарды сунуштоо көлөмүн, 2009-жылдагыга салыштырганда эки эсеге кыскарткан. Ошентип, Улуттук банктын ноталарын сунуштоонун жалпы көлөмү 11,9 млрд. сомду түзгөн. Ал эми ноталарды сатуунун жалпы көлөмү жыл ичинде 8,9 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 56,5 пайызга төмөндөгөн. Мында ноталарды сатуунун жалпы көлөмүндө алардын 55,4 пайызы отчеттук жылдын биринчи чейрегинде сатылган. Экинчи жана үчүнчү чейректе өлкөдө түптөлгөн саясий жагдайларга жана банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн өзгөрүп турушунан улам, ноталарга талап кыскаруу менен алардын кирешелүүлүгү кескин өскөн. Ушуга байланыштуу, экинчи жана үчүнчү чейректе Улуттук банк өз ноталарын сунуштоо түзүмүн жана көлөмүн өзгөрткөн. Алсак, 2010-жылдын бугу айынан тартып, 28 күндүк ноталар гана жайгаштырылган. Төртүнчү чейректе, банк секторунда ликвиддүүлүктүн көбөйүүсүнө жана инфляциялык басымдын өөрчүшүнө байланыштуу Улуттук банк, ноталарды сунуштоо көлөмүн арттырып, рынокко 7 жана 14 күндүк ноталарды жайгаштыруу аркылуу алардын инструменттерин кеңейткен. Отчеттук жылда сатуунун негизги көлөмү (59,2 пайызы 28 күндүк ноталарга) туура келген.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана Улуттук банктын эсептик ченинин 2010-жылдагы динамикасы




*Эсептик чен*

Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн базасында, акча-кредит саясатынын инструменти болуп саналган жана кыска мөөнөттүү акчалай ресурстардын наркынын багыттоочусу катары кызмат кылган эсептик чен калыптанган. Эсептик чендин жардамы менен Улуттук банк, акча-кредит

саясатынын башка инструменттери боюнча чендерди аныктайт. Мындан тышкары, эсептик чен ар кандай төлөмдөрдүн мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө баардык чарбалык субъекттер тарабынан колдонулат.

Отчеттук мезгилдин ичинде эсептик ченди аныктоо механизми колдонулган, ага ылайык анын мааниси Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын акыркы өткөрүлгөн төрт аукциондогу орточо алынган кирешелүүлүгүнүн орточо маанисине теңештирилген.

Эсептик чендин орточо деңгээли 2010-жылда 2,7 пайызды түзгөн, бул 2009-жылдагыга салыштырганда, 5,2 пайыздык пунктка төмөн. Отчеттук жылдын бештин айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени 5,5 пайызды түзгөн болсо, жыл башында ал 0,9 пайыз чегинде катталган эле.

### 2.2.3. Репо-операциялары

Репо операциялары Улуттук банктын акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана банк тутумунда улуттук валютадагы ликвиддүүлүк деңгээлин, рынокто түптөлгөн учурдагы жагдайга жана акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык жөнгө салуу үчүн ишке ашырылат. Репо операциялары мамлекеттик баалуу кагаздарды, кайтара сатып алуу же келечекте алдын ала макулдашылган баада белгиленген мөөнөттө сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу же сатуу бүтүмдөрүн түшүндүрөт.

2010-жылдын акырында, мамлекеттик чыгашалардын кескин өсүшүнө байланыштуу үстөк ликвиддүүлүк арткан. Улуттук банктын ноталарын сатуу боюнча операциялары менен катары эле, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында, отчеттук жылдын бештин айында мамлекеттик баалуу кагаздарды репо шарттарында (кайтарым репо) сатуу боюнча операциялар кошумча пайдаланылган. Сатуу предмети катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан анын Улуттук банк алдындагы карыздарынын ордун жабуунун эсебине чыгарылган, Улуттук банктын портфелинде турган мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдери (МКВ(ж) колдонулган.

*Репо операцияларынын көлөмү*

Отчеттук жыл ичинде репо-операцияларынын жалпы көлөмү 70,8 млн. сомду түзүү менен 2009-жылдагы алардын көлөмүнө салыштырганда дээрлик 8 эсеге кыскарган. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 42 күндү, ал эми орточо кирешелүүлүгү 6,5 пайызды түзгөн.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2009-ж., бардыгы болуп** | **556,8** | **-** | **-** | **-** | **556,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 556,8 | - | - | - | 556,8 |
| **2010-ж. бардыгы болуп** | **-** | **-** | **-** | **70,8** | **70,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | - | - | - | 70,8 | 70,8 |

### 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Коммерциялык банктарды кайра каржылоонун төмөнкүдөй инструменттери Улуттук банктын тескөөсүндө турат:

- төлөм системасынын иш натыйжалуулугун арттыруу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде бир нече саатка, пайызсыз негизде улуттук валютада сунушталган «бир күн ичиндеги» кредиттер;
- банктык кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоого алуу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, эсептик чендин 1,2 өлчөмүндө аныкталган пайыздык чен менен улуттук валюта да бир күнгө берилген «овернайт» кредити;
- олуттуу финансылык проблемаларды башынан кечирип турган коммерциялык банктарга өзгөчө учурларда гана, алты айдан ашпаган мөөнөткө, Улуттук банк Башкармасы белгилеген пайыздык чен боюнча сунушталган акыркы инстанция кредити.

*Ченемдик базадагы өзгөртүүлөр*

2010-жылы коммерциялык банктарды кайра каржылоо механизмин өркүндөтүү боюнча андан аркы иштер жүргүзүлгөн. Алсак, жылдын үчүнчү чейрегинен тартып, Улуттук банктын кредиттери боюнча эч кандай чектөөлөрсүз, Кыргыз Республикасынын ал аркылуу жайгаштырылган баардык мөөнөттөрдөгү мамлекеттик баалуу кагаздары (МКВ, МКО жана Улуттук банктын ноталары) кабыл алынган. Буга чейин күрөөлүк камсыздоо катары, кредит берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө күнү менен мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынып келинген.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк 2,7 млрд. сом жалпы суммасында «овернайт» кредиттерин берген, бул 2009-жылдагы алардын көлөмүнө салыштырганда 4,2 эсеге көп. Коммерциялык банктардын Улуттук банктын ушул инструментине карата 2010-жылда орун алган талабы, өлкөнүн банк тутумунда ички таасирлердин кесепетинен улам, ликвиддүүлүктү тескөө проблемаларынын келип чыгуусу менен түшүндүрүүгө болот. Кароого алынып жаткан жылы «овернайт» кредиттери боюнча орточо жылдык чен 3,2 пайызды түзгөн. Ушул эле учурда, жыл ичинде бир күндүк кредиттер талап кылынган эмес.

***2.2.4.1-таблица***

«Овернайт» кредиттери

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|
| 2009 ж. | - | 5,3 | 0,5 | 630,0 | **635,8** |
| 2010 ж. | 550,0 | 843,0 | 765,0 | 498,0 | **2 656,0** |

### 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар – бул, акча каражаттарынын белгилүү бир бөлүгүн Улуттук банкта, б.а. милдеттүү камдарга депондоштуруу боюнча коммерциялык банкка карата коюлган талап. Милдеттүү камдар, акча топтомунун, банктык кредиттин жана ликвиддүүлүккө талаптын көлөмүн жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп саналат.

*Ченемдик базадагы өзгөрүүлөр*

Милдеттүү камдар боюнча ченемдик базаларды өркүндөтүү чегинде «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилип, ал 2010-жылдын бугу айында күчүнө кирген. Ушул жобого киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, милдеттүү камдарды эсептөө тизмесине кирген валюталык милдеттенмелердин сом түрүндөгү эквивалентин жана ошол эле милдеттик камдарды эсептөөдө колдонулган банктардын Улуттук банктагы чет өлкө валютасында депозиттерин эсептөө үчүн

чет өлкө валюталарынын расмий курсу колдонула баштаган. Буга чейин ушул максаттар үчүн АКШ долларынын жылына эки жолу кайрадан каралып турган катталган курсу пайдаланылып келинген.

*Милдеттүү камдык талаптардын өлчөмүн төмөндөтүү*

Отчеттук жылдын бугу айында милдеттик камдардардын өлчөмү, экономикалык өсүшкө түрткү берүү жана коммерциялык банктардын ресурстук базасынын төмөндөөсү жана банк тутумунда системалуу кризистин келип чыгышы ыктымалдыгы шартында, алардын кредиттик потенциалын жогорулатуу максатында, эсептик базасынын 9,5 пайызынан 8,0 пайызына чейин төмөндөтүлгөн.

Жылдын акырында милдеттүү камдардын көлөмү 2,2 млрд. сомду түзүп, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын лицензиясынын кайтарылып алынышына байланыштуу, отчеттук мезгил ичинде 38,4 пайызга кыскарган. Бул банкты эске албаганда, коммерциялык банктардын милдеттүү камдарынын көлөмү депозиттердин өсүшүнө байланыштуу 18,4 пайызга көбөйгөн. Жыл ичинде милдеттүү камдарды сактабагандык фактылары да катталган. Ал үчүн коммерциялык банктардан 30,3 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөмдөр өндүрүлгөн.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2009-ж. бардыгы болуп** | **3 727,5** | **3 888,7** | **4 329,2** | **5 041,4** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 581,0 | 2 682,0 | 3 039,5 | 3 317,2 |
| үстөк камдар | 1 146,5 | 1 206,7 | 1 289,7 | 1 724,2 |
| **2010-ж. бардыгы болуп** | **6 022,8** | **4 269,1** | **3 427,7** | **4 139,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 3 750,3 | 2 678,6 | 2 285,8 | 2 264,2 |
| үстөк камдар | 2 272,5 | 1 590,6 | 1 142,0 | 1 874,8 |

** бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүчтөр*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

*Тескөө принциптери*

Эл аралык камдарды тескөө жагында, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын биринчи кезектеги милдетинен болуп саналат. Эл аралык камдарды тескөөдө кирешелерди жогорулатуу принциби, активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принциптердин так сакталышы шартында гана аткарылат.

*Ченемдик документтер*

Эл аралык камдарды тескөө «Инвестициялык стратегия», «Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясаты», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын 2010-жылга эталондук портфели жөнүндө» жана «Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө» жоболор менен жөнгө салынган.

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдар портфелинин түзүмүн, инвестициялык инструменттердин тобокелдиктери менен кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле контрагенттерин тандоо жагындагы чечимдерди кабыл алуу Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитет тарабынан жүзөгө ашырылган. Инвестициялык комитет отчеттук жылы эл аралык камдарды

тескөө маселелери боюнча 19 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөөдө келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди минимизациялоо максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөттүүлүгү белгиленген.

*Эл аралык камдардын түзүмү жана көлөмү*

Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, атайы карыз алышуу укугу жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет. 2010-жылдын акырына карата дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 130,7 млн. долларга же 8,2 пайызга көбөйүү менен 1,7 млрд. доллар эквивалентин түзгөн.

***<u>2.3.1-график</u>***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы




*Эл аралык камдардын өсүш булактары*

Эл аралык камдарды тескөөдөн түшкөн кирешелер, эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн Өкмөттүн жана Улуттук банктын пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү отчеттук жылда эл аралык камдардын көлөмүнүн артышын шарттаган булактардан болуп саналган. Мындан тышкары, эл аралык камдардын деңгээли валюта портфелинин курсунун жана баалуу металлдардын баасынын өзгөрүүсүнө таасир эткен.

Эл аралык камдардын курамындагы алтындын физикалык көлөмү отчеттук жыл ичинде өзгөрүүсүз калган. Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамындагы алтындын үлүшүнүн 2010-жылда өсүшү, ушул баалуу металлга баанын жогорулоосу менен шартталган.

***<u>2.3.1-таблица</u>***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*

| | 2009 ж. | 2010 ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 5,7 | 6,8 |
| Валюта портфели | 83,8 | 83,3 |
| Атайын карыз алышуу укугу | 10,4 | 9,9 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү*

Эл аралык камдардын валюта портфели 2010-жылда: АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларларын, ошондой эле япон йени менен орус рублин камтып турган.

*Эл аралык камдардын түзүмү*

Ликвиддүүлүктү тишелүү дэңгээлде колдоп туруу, ошондой эле эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, камдык активдер менен иш алып баруу портфелдик негизде ишке ашырылган. Валюта портфелде-

рин жумушчу жана инвестициялыкка бөлүү, камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоп турууну камсыз кыла алган.

*Эл аралык камдарды жайгаштыруу*

Жумушчу капиталдын активдерин эң эле ликвиддүү инструменттерге жайгаштыруу менен Улуттук банктын жана Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү үчүн, ошондой эле ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланылган. Инвестициялык портфелди тескөөгө алуу, эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздар, мөөнөттүү депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо-операциялар сыяктуу жогорку ишенимге ээ болгон, ликвиддүү инструменттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфели Австралиянын, Улуу Британиянын, Германиянын, АКШнын, Франциянын, Швейцариянын мамлекеттик баалуу кагаздарын, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин камтып турган. Мөөнөттүү депозиттер жогорку эл аралык рейтингге ээ эл аралык финансылык институттарга, чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарына жайгаштырылган.

2010-жылы дүйнөлүк экономика олуттуу финансылык каатчылыктын терс кесепетинин эпкинин дагы эле сезип турган. Мына ушундай шартта дүйнөнүн айрым өнүккөн экономикаларында гана ишкердик жигердүүлүккө жана ички суроо-талапка түрткү берүү боюнча бир катар өкмөттүк программаларды кабыл алуунун жүрүшүндө, калыбына келүү жагдайынын айрым бир белгилери катталган. Борбордук банктар олуттуу көлөмдө ликвиддүүлүктү экономикага жана ири санда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алууга багыттоо жагында чараларды уланткан. Дүйнөнүн негизги борбордук банктарынын чендери, акча-кредиттик жөнгө салуу органдарынын акча-кредит саясатын жеңилдетүүгө ык койгондугун тастыктоо менен тарыхый минимумда сакталып калган. Бул өз кезегинде, Улуттук банктын валюта портфелинин кирешелүүлүк деңгээлине да таасирин тийгизген.

**2.3.2-таблица**

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*

| | 2009 ж. | 2010 ж. |
|---|---|---|
| Эл аралык финансы институттары | 32,5 | 35,7 |
| Борбордук банктар | 39,4 | 30,9 |
| Коммерциялык банктар | 27,6 | 33,0 |
| Улуттук банк | 0,4 | 0,4 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Улуттук банктын ликвиддүүлүгү төмөн активдери «Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкы» ЖАКтагы депозиттерден жана Мамлекеттер аралык банктын уставдык капиталына катышуудан турган. Эл аралык камдардын курамындагы ликвиддүүлүгү төмөн активдердин көлөмү, акыркы беш жыл аралыгында өзгөрүүсүз калуу менен 2010-жылдын акырына карата 3,9 млн. АКШ долларын түзгөн (0,23 пайыз).

## 2.4. Акча-кредит саясатынын натыйжалары

*Акча базасы*

2010-жылдын бештин айынын акырына карата акча базасы 48,6 млрд. сомду түзүп, отчеттук жыл ичинде 18,4 пайызга көбөйгөн (2009-жылы 18,9 пайызга). Экономикага акча сунуштоо, кароого алынып жаткан жылы Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн түрткү берүүчү салык-бюджет саясатына байланыштуу, мамлекеттик финансы секторунун эсебинен жүзөгө ашырылган.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчанын үлүшү 2010-жылдын баш жагындагы 87,0 пайыздан, жыл акырындагы 89,1 пайызга чейин көбөйгөн. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү, 13,0 пайыздан 10,9 пайызга чейин азайган.

*Акча топтомдору*

Отчеттук жылдын бештин айынын акырына карата М0 акча топтому (банктардан тышкаркы акча), отчеттук жыл ичинде 22,4 пайызга көбөйүү менен 41,5 млрд. сомду түзгөн (2009-жылы 15,3 пайыз). Ал эми банктардан тышкаркы акчаны жана улуттук валютадагы депозиттерди камтыган М2 акча топтому, 2010-жылдын баш жагындагыга салыштырганда 23,6 пайызга, 53,7 млрд. сомго чейин көбөйгөн (2009-жылы 13,8 пайызга). Мында, улуттук валютадагы депозиттер 27,8 пайыздык көбөйүүгө ээ болгон.

***2.4.1-график.***

Акча топтомдорунун өзгөрүүсүнүн жылдык арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) көлөмү 2010-жылдын акырында 69,2 млрд. сомду түзгөн, жыл ичинде 21,1 пайызга же 12,1 млрд. сомго көбөйгөн, бул 2009-жылдагыдан бир аз көп (+17,9 пайыз же 8,7 млрд. сомго). Депозиттердин[1] өсүшүнүн кеңири мааниде колдонулуучу акчанын көбөйүүсүнө салымы 4,5 млрд. сомду же 7,9 пайызды, банктардан тышкаркы акчанын өсүшүнүн салымы 7,6 млрд. сомду же 13,3 пайызды түзгөн. Мында, сом түрүндөгү депозиттердин өсүш арымы чет өлкө валютасындагы депозиттердин[2] өсүш арымынан арткан. Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын түзүмүндө чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү отчеттук жыл ичинде 1,6 пайыздык пунктка, 22,3 пайызга, ал эми банк тутумунун депозиттеринин түзүмүндө 2,9 пайыздык пунктка, 55,7 пайызга чейин азайган.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.
[2] Алмашуу курсунун таасирин эске албаганда, чет өлкө валютасындагы депозиттер 7,4 пайызга, ал эми депозиттердин жалпы көлөмү 16,6 пайызга көбөйгөн.

***2.4.2-график.***

Коммерциялык банктардын М2Хте камтылган депозиттеринин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*М2Хке таасир этүүчү факторлор*

Банк тутумунун, 128,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө сырттан түшүүлөрдүн эсебинен жана алтын кенин казып алуу боюнча жергиликтүү ишканалардан 100,3 млн. АКШ доллары көлөмүндө түшүүлөрдүн, «Транзиттик которуулар борборунан» 60 млн. АКШ доллары көлөмүндө бюджетке түшүүлөрдүн эсебинен таза чет өлкө активдери, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын өсүшүнө негизги салымды (19,8 пайыз) кошкон. Таза ички активдер М2Хтин өсүшүнө бир аз гана (1,3 пайыз) салым кошкон.

***2.4.1-таблица***

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасын калыптандырган булактар (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2009-ж. | 2010-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы *пайыздар* | М2Хке таасир этүү *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 60 114,0 | 71 424,8 | 11 310,9 | 18,8 | 19,8 |
| Таза эл аралык камдар | 68 134,9 | 79 773,0 | 11 638,2 | 17,1 | 20,4 |
| Башка тышкы активдер | 133,3 | 134,3 | 0,9 | 0,7 | 0,0 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (СДР) | -5 863,2 | -6 096,4 | -233,2 | 4,0 | -0,4 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 291,1 | -2 386,1 | -95,0 | 4,1 | -0,2 |
| Таза ички активдер | -2 987,5 | -2 217,1 | 770,4 | -25,8 | 1,3 |
| Мам. башкаруу органдарына карата нагыз талаптар | -5 992,3 | -4 195,4 | 1 796,9 | -30,0 | 3,1 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -2 125,9 | -3 039,2 | -913,3 | 43,0 | -1,6 |
| Атайын фондуларга карата нагыз талаптар | -3 866,4 | -1 156,2 | 2 710,2 | -70,1 | 4,7 |
| Кыргыз Республикасын өнүктүрүү фонду | -3 866,4 | -1 156,2 | 2 710,2 | -70,1 | 4,7 |
| Башка секторлорго талаптар | 25 952,3 | 27 574,7 | 1 622,4 | 6,3 | 2,8 |
| Башка статьялар | 2 332,1 | 2 654,6 | 322,5 | 13,8 | 0,6 |
| Капитал менен операциялар эсеби | -25 279,7 | -28 251,0 | -2 971,4 | 11,8 | -5,2 |
| **М2Х акча массасы** | **57 126,4** | **69 207,7** | **12 081,3** | **21,1** | **21,1** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 33 882,3 | 41 471,2 | 7 588,8 | 22,4 | 13,3 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 23 244,1 | 27 736,6 | 4 492,5 | 19,3 | 7,9 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 9 607,6 | 12 274,3 | 2 666,7 | 27,8 | 4,7 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 13 636,5 | 15 462,3 | 1 825,8 | 13,4 | 3,2 |

Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын отчеттук жылда көбөйүүсү Кыргыз Республикасынын экономикасынын монетизациялоо көрсөткүчүнүн өсүшү менен коштолгон, ал жыл ичинде 3,9 пайыздык пунктка, 27,9 пайызга

чейин көбөйгөндүгүнө карабастан, Россиядагы жана Казакстандагы ушул көрсөткүчтөрдөн төмөн бойдон калууда.

*Инфляция*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2010-жыл ичинде инфляция 19,2 пайызды түзгөн.

Өлкөдө баанын жалпы деңгээлинин мына ушундай өсүшүнө төмөнкүдөй себептер түрткү берген:

- дүйнөлүк, демек, азык-түлүк товарларынын жана энергия продукцияларынын ички рыногунда баалардын өсүшү;
- электр жана жылуулук энергиясына тариф саясатынын өзгөртүлүшү;
- коңшу мамлекеттер менен чек аралардын жабылышы жана контролдук-өткөрмө режиминин катуулатылышы;
- өлкөдө коомдук-саясый жагдайлардын туруксуздугунан улам, республика ичинде соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу.

Өлкөдө инфляциялык процесстер негизинен, монетардык эмес факторлордун таасири астында жүрөт. Алсак, 19,2 пайызды түзгөн инфляциянын 9,8 пайыздык пункту – бул, монетардык эмес факторлордун тике салымы, инфляциялык күтүүлөрдүн салымы 4,8 пайыздык пунктту, ал эми монетардык факторлордуку 4,6 пайыздык пунктту түзгөн.

***<u>2.4.3.-график.</u>***

Акча базасынын, КБИнин жана ИДПнын жылдык өзгөрүү арымдары (бир мезгилдин акырына карата)




*РЭАК жана НЭАК*

Соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөгү көрсөткүчтөргө салыштырганда, республикада инфляциянын жогорку арымда сакталып турушу сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин 7,9 пайызга, 111,1ге чейин өсүп кетишин шарттаган. Мында, сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси, отчеттук жыл ичинде 6,4 пайызга төмөндөп, жыл акырында 116,2ни түзгөн. Төмөндөө, соода боюнча негизги өнөктөштөн болгон көпчүлүк өлкөлөрдүн валюталарына карата сомдун баасынын түшүүсү менен шартталган. Алсак, 2010-жылдын бештин айында сом, 2009-жылдын бештин айындагыга салыштырганда казак тенгесине карата 7,2 пайызга, кытай юанине 8,7 пайызга, АКШ долларына карата 6,3 пайызга, орус рублине карата 2,3 пайызга нарксызданган болсо, еврого карата 4,3 пайызга чыңдалган.

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Коммерциялык банктардан жана банктык эмес финансы-кредит мекемелерден (БФКМ) турган Кыргызстандын финансы-кредит системасынын 2010-жылдагы өнүгүүсү, өлкөдө орун алган социалдык-саясый жагдайлардын курчушу жана экономиканын өсүш арымынын басаңдоосу шартында жүргөн. Кыргыз Республикасынын финансы-кредит системасынын түптөлгөн пайдубалынын бекемдиги гана отчеттук жылда болуп өткөн мындай таасирлерге туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн.

Улуттук банк “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамда аныкталган өз функцияларына ылайык, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялоо, тышкы (аралыктан) көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жана жеринде барып инспекциялоону жүргүзүү аркылуу жөнгө салууну жана көзөмөлдүктү ишке ашырат.

2010-жылда финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуунун өзгөчөлүгү, «АзияУниверсалБанк» ААКсында, аны менен байланыштуу банктарда жана БФКМдерде келип чыккан проблемалардын өөрчүп кетишине бөгөт коюу жана Кыргызстандын финансы-кредит системасында кризистин келип чыгышына жол бербөө максатында, регулятивдик мүнөздөгү таасирдүү чараларды оперативдүү колдонуу зарылчылыгынан көрүнгөн. Проблемалуу банктардын жана БФКМдердин кардарларынан жана акционерлеринен келип түшкөн кайрылуулардын, талап коюулардын жана арыздардын агымына тиешелүү маселени чечүүгө, олуттуу ресурстар багытталган. Тышкы көзөмөлдүктүн жана жеринде барып инспекциялоонун чегинде, өзгөчө көңүл мурдагыдай эле, кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүүгө бурулуп, банктардын жана БФКМдердин ишиндеги негизги инструмент катары стресс-тестирлөө, ошондой эле банк ишин коштоп жүргөн башка тобокелдиктерге анализдөөлөрдү жүргүзүү каражаттары жигердүү пайдаланылган.

БФКМдер системасынын 2010-жылдагы өнүгүү тенденциясы алгылыктуу болуу менен алардын санынын, активдеринин, кредит портфелинин көлөмүнүн жана карыз алуучуларынын санынын өсүшү менен мүнөздөлгөн.

Банктык көзөмөлдүктүн натыйжалуулугун арттыруу, банктарда ички контролдукту күчөтүү, банктык тобокелдиктерди тескөө системасын өнүктүрүү, консолидацияланган көзөмөлдүк системасын, депозиттерди коргоо системасын өнүктүрүү, ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү жана БФКМдерге карата ченемдерди жана талаптарды оптималдаштыруу максатында, ченемдик-укуктук актыларды өркүндөтүү иши улантылган.

## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

2010-жылдын акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 7,5 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 35,0 пайызга чейин төмөндөп, 2,6 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жыл ичинде банктардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 1,1 млрд. сомго же 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 13,2 пайызга азайган. Бул, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын банкрот абалында калышына байланыштуу келип чыккан.

2010-жылдын тогуздун айынын жыйырма жетисинде Бишкек шаардык сотунун Административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын чечими менен «АзияУниверсалБанк» ААКсын төлөөгө жөндөмсүз катары таануу

чечими кабыл алынып, Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттик «АзияУниверсалБанк» ААКсынын атайы администратору болуп дайындалган. Ушуга байланыштуу, бул банкта банкроттук жол-жобосу башталып, натыйжада улуттук жана чет өлкө валюталарында банк операцияларын, ошондой эле баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү укугуна «АзияУниверсалБанк» ААКсынын банктык лицензиялары кайтарылып алынган.

Отчеттук жылдын бештин айынын жыйырма төртүндө Улуттук банк тарабынан «Залкар Банк» ААКсына улуттук жана чет өлкө валюталарында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиялар берилген. Бул банк Кыргыз Республикасынын “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзам талабына ылайык, банкрот болгон «АзияУниверсалБанк» ААКсын реструктуризациялоо ыкмасында түзүлгөн.

Мыйзам актыларын бузууга жол бергендиктин фактыларынын аныкталышына байланыштуу, Улуттук банк тарабынан бир катар банктардын акционерлерине карата сот процессин жүргүзүү демилгеленген.

«Айыл Банк» ААКсынын өнүгүшүнө жана Улуттук банк тарабынан коюлган талаптарды аткарууга банктын жетишүүсүнө байланыштуу, отчеттук мезгил ичинде анын лицензиясынан бир катар чектөөлөр алынып салынып, чет өлкө валютасында аккредитивдер менен банктык операцияларды, Улуттук банк менен туунду финансылык инструменттер (деривативдер) менен операцияларды (своп-операцияларды) жүзөгө ашыруу жагында кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги кеңейтилген. Мындан тышкары, ушул банк үчүн тартылган депозиттердин жалпы көлөмүнө мурда белгиленген лимит капиталдын (өздүк каражаттардын) өлчөмүнүн 25 пайыздан 50 пайызга чейин көбөйтүлгөн.

Отчеттук жылда эки банк аталышын өзгөрткөн: «АТФБанк-Кыргызстан» ААКсы «ЮниКредитБанк» ААКсына, ал эми «ЭкоБанк» ААКсы аталышын «ЭкоИсламикБанк» ААКсына өзгөрткөн.

Өлкөдөгү саясый жана экономикалык жагдайды эске алып, ошондой эле коммерциялык банктардын кайрылууларынын негизинде Улуттук банк Башкармасы банктар, банк резидент эместердин филиалдары үчүн капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмү боюнча кеминде 200,0 млн. сом өлчөмдөгү ченемди аткаруу мөөнөтүн, 2010-жылдын тогуздун айынын биринен, ушул эле жылдын бештин айынын отуз бирине чейин жылдыруу чечимин кабыл алган.

***3.1.1.1-таблица.***

Филиалдар түйүнүн, аманат жана көчмө кассалар түйүнүн өнүктүрүү динамикасы*

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассаларынын саны | | Көчмө кассаларынын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. | 2010-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. |
| Бишкек шаары | 50 | 46 | 193 | 187 | - | 10 |
| Баткен областы | 13 | 11 | 30 | 27 | - | - |
| Жалал-Абат областы | 39 | 33 | 74 | 73 | - | - |
| Ысык-Көл областы | 35 | 30 | 27 | 21 | - | 1 |
| Нарын областы | 17 | 14 | 4 | 3 | - | - |
| Ош областы | 42 | 39 | 105 | 98 | - | 1 |
| Талас областы | 10 | 9 | 5 | 5 | - | - |
| Чүй областы | 33 | 29 | 43 | 38 | - | - |
| **Жыйынтыгында:** | **239** | **211** | **481** | **452** | **0** | **12** |

** 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча «Залкар Банк» ААКсынын 35 филиалы жана 53 аманат кассалары кайра тариздетүү баскычында турган.*

*Филиалдар, аманат жана көчмө кассалар*

Калайык-калктын банктар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу жана ошол кызмат көрсөтүүлөрдүн чөйрөсүн кеңейтүү максатында, банктарга түзүмдүк бөлүмдөрдүн обочолонгон жаңы түрүн – көчмө

кассаларды ачууга мүмкүнчүлүктөр сунушталган. 2010-жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан республиканын ар кайсы регионунда сегиз филиал, 35 аманат кассасы, 12 көчмө касса ачылган.

### 3.1.2. Тышкы көзөмөл.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн алкагында активдердин сапатына, капиталдын жетиштүүлүгүнө, кирешелүүлүк факторлоруна баа берүүлөр, ликвиддүүлүктү тескөө, тобокелдиктерди тескөө системасына баа берүүлөр ишке ашырылган.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөлдүк, көрсөткүчтөр ортосунда өз ара байланыштуулукту аныктоо, ошол көрсөткүчтөрдү өзгөртүүчү факторлорду жана банктар өзүнө алган тобокелдик деңгээлине талдап-иликтөөлөрдү, стресс-тестирлөөнү жүргүзүү, ошондой эле алынган көрсөткүч-төрдү бир түрдөгү банктар тобу боюнча алынган орточо көрсөткүчтөргө салыштыруу аркылуу, CAMELS системасынын компоненттери боюнча банк ишин мүнөздөгөн көрсөткүчтөр системасын пайдаланууга негизденет.

Инспектордук текшерүүлөрдүн сунуш-көрсөтмөлөрүнүн аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн, сунушталган регулятивдик отчетторго анализдөөлөрдүн, аудитордук корутундулардын негизинде, тобокелдиктерди тескөө жана ички контролдук системасынын болушуна карата талаптардын аткарылышы жана банктын жалпы ишине тиешелүү башка маалыматтарды кошо алганда, банктардын абалы боюнча отчеттор даярдалган.

Коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоо, банк тутумунда туруктуулукту колдоого алуу, депозиттердин агылып чыгышы тобокелдигин басаңдатуу үчүн көзөмөлдүк чаралары кабыл алынып, айрым проблемалуу коммерциялык банктардын ишине атайы режимдер жана чектөөлөр киргизилген.

Жөнгө салуу ыкмаларын жана принциптерин өркүндөтүү максатында, көзөмөлдүк тажрыйбасын жана жол-жоболорун оптималдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Алсак, экономикада ар кандай жагдайлардын келип чыгышы учурунда коммерциялык банктардын потенциалдуу жоготууларга учуроосуна бөгөт коюу, ошондой эле банк секторунда терс жагдайдын келип чыгышы ыктымалдыгын алдын алуу, банктардын макроэкономикалык мүнөздөгү өзгөрүүлөргө жана банк ишине таасир этиши мүмкүн болгон экономикадагы потенциалдуу стресстик жагдайларга карата туруктуулугуна баа берүү үчүн Улуттук банк тарабынан айрым банктардын сыяктуу эле, бүтүндөй банк секторундагы кредиттик, валюталык, пайыздык тобокелдиктерге жана ликвиддүүлүк тобокелдиктерине стресс-тестирлөө жүргүзүлүп турган. Ошентип Улуттук банк, банктар даярдаган стресс-тесттерди жана өзүнүн стресс-тесттеринин натыйжаларын тобокелдиктер деңгээлин аныктоо үчүн колдонгон. Алардын негизинде коммерциялык банктардын тобокелдиктерин шайкеш тескөөгө алынышына иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Стресс-тестирлөө методологиясын өнүктүрүү жана банк тутумуна мүнөздүү тобокелдиктерге баа берүүгө карата кыйла өркүндөтүлгөн ыкмаларды колдонуу, 2010-жылдагы ар кандай кесепеттүү жагдайлардын шартында Кыргыз Республикасынын банк тутумунун финансылык жана түзүмдүк туруктуулугун камсыз кылууга мүмкүндүк берген. Ошондой болсо да, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын Улуттук банкка мезгил-мезгили менен сунуштап турган финансылык отчеттору олуттуу бурмаланып берилип келгендиги, тышкы көзөмөлдүктү жүзөгө ашырууда колдонулуп жаткан ыкмалардын мындан ары да өркүндөтүлүшүн талап кылууда.

Мындан тышкары, тышкы көзөмөлдүктүн чегинде банк тутумунун кардарлары сыяктуу эле, алардын акционерлеринин укуктук мүнөздөгү маселелерди кошо алганда, банктык тейлөөгө, аманаттардын коргоого алынышына, кредиттик администрлөөгө жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоого тиешелүү ар кандай көп сандаган кайрылуулары кароого алынган.

Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан белгиленген эффективдүү банктык көзөмөлдүктүн түпкүлүктүү принциптерин ишке ашыруунун алкагында, коммерциялык банктардын аткаруучу жана байкоо органдары, ошондой эле тышкы аудиторлор менен учурда түптөлгөн жагдайларды, анын ичинде олуттуу тобокелдиктерге байланыштуу иш багыттарын талкуулоо үчүн жолугушуулар өткөрүлгөн.

Отчеттук жылы банктардын «таза» тобокелдиктүү[1] активдери 3,5 млрд. сомго азайган болсо, «таза» суммардык капитал[2] 2,3 млрд. сомго төмөндөгөн. Банк тутумунун суммардык активдериндеги тобокелдиктүү активдердин салыштырма салмагы 2010-жылдын акырына карата 64,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын акырына карата 61,1 пайыз).

***3.1.2.1-таблица***

Коммерциялык банктар системасынын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2009 ж. | 2010 ж. |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом* | 13 914,9 | 11 567,5 |
| «Таза» тобокелдиктүү активдер, *млн. сом* | 41 505,4 | 37 981,3 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 33,5 | 30,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

«АзияУниверсалБанк» ААКсынын банкрот болушуна байланыштуу уставдык капиталдын төмөндөөсү, банк тутумунун капиталынын жалпы көлөмүнүн төмөндөөсүнө алып келген. Капиталдын жетиштүүлүгү ченеми 12,0 пайызды түзгөндүгүн, ошондой эле 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча шайкештик деңгээли 3,1 пайыздык пунктка гана төмөндөп, 30,5 пайызды түзгөндүгүн эске алганда, Кыргызстандын банк тутуму финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүү үчүн белгилүү бир потенциалга ээ экендигин белгилөөгө болот.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөлдүк банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн негизинде жүргүзүлгөн.

*Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик активдерди жана балanstan тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланган[3]. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын кредиттик жоготуулар тобокелдигин өзүнө камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген, кайтарылбай калуу тобокелдиги 2010-жылдын акырына карата бир жыл мурдагы анын маанисине салыштырганда, жогорулоо менен 10,7 пайызды түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата, мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин суммасы 3,5 млрд. сомду же өзүндө кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган бардык активдердин 13,1 пайызын түзгөн. 2009-жылдын акырында бул көрсөткүч 7,9 пайызды же 2,0 млрд сомду түзгөн эле. Кулжа айындагы каргалашуу окуялар жана бир катар кредиттер боюнча күрөөдө турган улутташтырылган мүлктөр маселесинин чечилбей жатышы, мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздардын өсүшүнө түрткү берген негизги себептерден болгон.

*Валюталык тобокелдик*

Валюталык тобокелдик, валюта курсунун өзгөрүүсү шартында банктын чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин наркынын өзгөрүүсүнөн улам, анын чыгым тартып калуусу мүмкүнчүлүгү көз карашынан, кароого алынган. Бул тобокелдик, чет өлкө валютасындагы активдер менен милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша

[1] Коммерциялык банктардын активдери жана аларга мүнөздүү кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча салмактанган, балanstan тышкаркы милдеттенмелер.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иш боюнча финансылык натыйжаларды, туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы-кредит мекемелерине капиталды эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[3] Маалыматтар, отчеттун «Банк сектору» деп аталган 1.4-бөлүгүнүн «Активдерди, балanstan тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо» аталышындагы 1.4.3-таблицасында келтирилген.

бааланган. 2010-жылдын акырына карата банк тутумунун валюталык активдери 24,8 млрд. сомду же суммардык активдердин 42,2 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 25,3 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 54,9 пайызы чегинде катталган. Мында, банк тутумунун 2010-жылдын акырына карата чогуу алгандагы ачык валюта позициясы 2,1 млрд. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын (-18,6) пайызын түзүү менен тартыштык (кыска) чекте болгон. 2009-жылдын акырына карата, банк тутумунун чогуу алгандагы валюталык позициясы 255,7 млн. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 1,8 пайызын түзүү менен үстөк (узун) чекте болгон.

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги, милдеттенмелердин ар бир мезгил интервалында активдер менен орду жабылышы көз карашынан кароого алынган. Бул, активдердин жана милдеттенмелердин мөөнөттөр боюнча дал келбестиги шартында, каражаттарга болгон керектөөлөргө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2010-жылы жүргүзүлгөн анализдөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү боюнча орун алган терс ажырым, 90 күнгө чейинки мөөнөттөр боюнча байкалгандыгын көрсөткөн. Бирок, мында 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн узак мөөнөткө каралган каржылоо булактарына ээ экендигин чагылдырган.

***<u>3.1.2.2-таблица</u>***

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер

*(млн. сом)*

| **2009-ж.*** | **Мөөнөттөр күн менен** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | **Бардыгы** |
| Финансылык активдер | 32 716,1 | 3 369,5 | 5 162,4 | 7 633,0 | 20 584,0 | 69 465,1 |
| Финансылык милдеттенмелер | 32 909,5 | 5 078,0 | 2 813,2 | 5 951,3 | 6 306,5 | 53 058,5 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -193,4 | -1 708,5 | 2 349,3 | 1 681,7 | 14 277,5 | 16 406,6 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата, пайыздарда | -0,3 | -2,5 | 3,4 | 2,4 | 20,6 | 23,6 |

** Аны кошо алганда, 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата маалыматтар.*

| **2010-ж.**** | **Мөөнөттөр күн менен** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | **Бардыгы** |
| Финансылык активдер | 25 806,1 | 3 807,1 | 3 454,5 | 7 135,6 | 21 892,4 | 62 095,7 |
| Финансылык милдеттенмелер | 28 583,9 | 4 304,2 | 2 825,1 | 3 216,7 | 7 094,7 | 46 024,5 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -2 777,8 | -497,1 | 629,4 | 3 918,9 | 14 797,7 | 16 071,2 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата, пайыздарда | -4,5 | -0,8 | 1,0 | 6,3 | 23,8 | 25,9 |

*** Аны кошо алганда, 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата маалыматтар.*

Банк тутумуна мүнөздүү болгон негизги тобокелдиктерге жүргүзүлгөн анализдөөлөр, кароого алынып жаткан тобокелдиктерди чектеген экономикалык ченемдердин аткарылышы көрсөткүчүнүн айкын мааниси ченемдик мааниден олуттуу ашкан деңгээлде тургандыгын көрсөткөн. Бул бир кыйла бекем запастын бар экендигин тастыктайт. Ошону менен бирге эле, кредиттик тобокелдиктин жогорулоосуна, мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин көлөмүнүн жана банктардын кардарларынын төлөөгө жөндөмсүздүгүнүн өсүшүнө байланыштуу, потенциалдуу кооптонуулар дале орун алууда. Улуттук банк, банк секторунда түптөлгөн тенденцияларды башка өлкөлөрдөгү абалга салыштыруу аркылуу, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын мүмкүн болуучу терс кесепеттерин минимизациялоо боюнча зарыл чараларды көрүү үчүн ага туруктуу негизде көз салып, кризиске каршы тиешелүү чараларды, анын ичинде коммерциялык банктар менен биргелешип чараларды көргөн. Коммерциялык банктарда банк-

тык тобокелдиктердин келип чыгышы учурунда аракеттенүү программасынын болушуна тиешелүү талап коюу жагындагы Улуттук банк 2009-жылы эле баштаган иш, отчеттук жылы да улантылган. 2010-жылы Улуттук банк, дүйнөлүк финансылык каатчылык кесепеттерин четтетүү боюнча банктардын кризиске каршы чараларынын алкагында, иш-чараларды жаңылоо боюнча эки жолу талап койгон. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын байкоо органдары жана тобокелдик менеджерлери менен өткөрүлгөн жолугушуулардын чегинде, кооптуу жагдайларда көрүлүүчү аракеттердин моделин түзүү зарылчылыгы көрсөтүлгөн.

### 3.1.3. Инспектирлөө

Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган көзөмөлдүк функциясынын аткарылышы чегинде 2010-жылы 10 комплекстүү текшерүү жана 16 максаттуу текшерүү ишке ашырылган (кассалык тартиптин сакталышы жагында 3, банк ишинин айрым аспектилери боюнча 13 планда каралбаган текшерүүлөр ишке ашырылган).

Жогоруда аталган 13 пландан тышкаркы максаттуу текшерүүлөр банк секторунда кризистин күчөп кетишине жол бербөөгө багытталган бир катар чаралардын, атап айтканда, Улуттук банктын бир катар банктарда атайы режимди киргизишин талап кылган, республикада болуп өткөн форс-мажордук жагдайларга байланыштуу жүргүзүлгөн.

Атайы режим киргизилген банктардын системалуу маанилүүлүгүн жана өз ара байланыштуулугун эске алганда, максаттуу текшерүүлөрдө көңүл бурулууга тийиш болгон маселелерден болуп, эң оболу: уставдык капиталды түзүүдө мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышы жана каражат булактарынын мыйзамдуулугун аныктоо, байланыштуу жактарга жана аффилирленген компанияларга берилген кредиттердин сапаты; баалуу кагаздар менен операциялардын укук ченемдүүлүгү, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы мыйзам талаптарынын сакталышы саналган.

Атайы режим шартында турган банктарга жүргүзүлгөн максаттуу текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөргө жол берилгендиги аныкталган:

- оффшордук аймактардын субъекттерине катышы болгон компаниялардын акча каражаттары, айрым банктардын капиталын топтоо булагынан болгондугунан улам, ошол оффшордук аймактардын субъекттери же аларга катышы бар жактар, айрым банктардын акционерлеринин катышуучуларынан болгондугу, ушунун өзү банктык мыйзам талаптарын бузуу болуп саналаары;
- айрым банктардын жетекчилиги тарабынан бир катар жылдар бою ар кандай операцияларды колдонуу менен өтө ири өлчөмдө шектүү операциялар жүргүзүлүп келген. Мунун кесепетинен ошол банктар алгылыксыз банктык тажрыйбага тартылган;
- бир катар банктарда акча каражаттары менен операцияларды жүргүзүүнүн схемалары табылган, алар айкын экономикалык максатты көздөбөстөн, эң оболу кылмыш жолу менен табылган «арам» акчанын изин жашырууга жана кирешелерди легализациялоого, ошондой эле «көмүскө» импортту каржылоого багытталгандыктан, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүү мыйзамына ылайык, шектүү операциялардын белгилерин камтыган мыйзамсыз операциялардан болгондугу;
- баалуу кагаздарды сатып алуу/сатуу боюнча жалган операциялардын жүргүзүлгөндүгү;
- айрым банктар Акчанын изин жашырууга каршы күрөшүү жагында финансылык чараларды көрүү боюнча максаттуу топтун (FATF) негизги сунуш-көрсөтмөлөрүн этибарга албай келгендиги;

- айрым банктардын кызмат адамдары банктык мыйзам талаптарында түздөн-түз каралган өз функционалдык милдеттерин аткарууну сактабагандыгы;
- «АзияУниверсалБанк» ААКсын кошо алганда, айрым банктарда реалдуу финансылык жагдайды жаап-жашырууну жана бурмалоону көздөгөн, олуттуу көлөмдөгү шектүү жана кооптуу операциялар жүргүзүлгөндүгү фактысы аныкталган.

Жеринде барып инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча банктарга жазма буйруктар жөнөтүлүп, алардын жетекчилери менен банк ишинде аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Коммерциялык банктарда жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы Көзөмөл боюнча комитетте жана Улуттук банк Башкармасында кароого алынып, тиешелүү чаралар көрүлгөн.

Инспектордук текшерүүлөрдүн жүрүшүндө аныкталган Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын бузууга жол берүүлөрдүн негизинде Улуттук банк «КыргызКредитБанк» ААКсынын, ИБ «Ысык-Көл» ААКсынын, «Акылинвестбанк» ААКсынын акцияларын сатып алуу боюнча арзыбаган бүтүмдөрдүн жараксыздыгынын кесепеттерин колдонуу жөнүндөгү бир катар соттук доолор демилгеленген. Мындан тышкары, айрым банктардын өз иш аракети жана/же аракеттенбей коюусу менен банктарды алгылыксыз банктык тажрыйбага тарткан кызмат адамдарына карата таасир этүү чаралары колдонулган.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Улуттук банктын банктарга карата эскертүү чараларын жана санкцияларды колдонуу чечими, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык кабыл алынган.

Өлкөдө, 2010-жылда болуп өткөн саясый туруксуздуктун кесепетинин банк тутумуна таасир этишине жол бербөө, ошондой эле өз ара байланыштуу банктарда орун алган проблемаларды локализациялоо максатында, Улуттук банк айрым банктарда башкаруунун атайы режимин киргизүүнү, алгылыксыз банктык тажрыйбага тартылган коммерциялык банктардын Директорлор кеңешинин жана башкармасынын ыйгарым укуктарын токтотууну демилгелөөнү кошо алганда, көзөмөлдүк мүнөзүндөгү бир катар чараларды токтоосуз кабыл алып турган.

Ошентип, айрым банктардын системалуу маанилүүлүгүн жана өз ара байланыштуулугун эске алуу менен алардын ишине контролдукту орнотуу үчүн жана бухгалтердик китептердин, банктын жазууларын, ошондой эле аманатчылардын ж.б. кредиторлордун таламдарында активдерди сактап калуу, ошондой эле талап-тоноо жана олуттуу зыян келтирилиши мүмкүндүгү фактыларынан улам, укук коргоо органдарынын чечимдерин эске алуу менен 7 коммерциялык банкка убактылуу жетекчилик режими киргизилген. Мындан тышкары, белгилүү бир убакыт ичинде Улуттук банк 12 коммерциялык банкта тике банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашырган.

Атайы режимди киргизүү жана көзөмөлдүк максатында башка аракеттерди көрүүнүн жүрүшүндө финансылык укук бузуулардын, Кыргыз Республикасынын мыйзам нормаларын бузуулардын көп сандаган фактылары аныкталган. Алар негизинен, экономикалык маңызга ээ эмес, шектүү операциялардын белгилерин камтыган олуттуу суммадагы операциялардын жүргүзүлүшүнө байланыштуу болгон. Ушундан улам «АзияУниверсалБанк» ААКсында жана ИБ «Ысык-Көл» ААКсына консервация режими киргизилген.

Ушуну менен бирге эле, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын айкын финансылык абалына баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча ал, сот органдарынын чечими менен төлөөгө жөндөмсүз катары таанылып, банкроттук жол-жобосу козголуп, атайы администрлөө ыкмасы – жаңы банкты түзүү аркылуу реструктуризациялоо чарасы аныкталган.

Ошентип, 2010-жылдын акырына карата «БТА Банк» ЖАКта тике банктык көзөмөлдүк, ал эми «КыргызКредит Банк» ААКсында, «Манас Банк» ЖАКта жана «Акылинвестбанк» ААКсында убактылуу жетекчилик режими сакталып калган.

Мындан тышкары, алгылыксыз банктык тажрыйбага тартылган банктардын айрым кызмат адамдарына карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ыйгарым укуктардын чегинде, таасир этүү чаралары колдонулган. Кийинчерээк банктардын айрым кызмат адамдары укук коргоо органдары тарабынан кылмыштуу жол менен алынган кирешелердин изин жашырууга байланыштуу кылмыштуулукка, коррупцияга катыштыгы бардыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылган.

Улуттук банк Башкармасы, отчеттук мезгил ичинде көзөмөлдүк мүнөзүндө 110 маселе боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алган болсо, Көзөмөл боюнча комитет коммерциялык банктардын ишине тиешелүү 61 маселе боюнча чечимдерди кабыл алган.

Банктардын операцияларды жүргүзүү боюнча «көмүскө» схемаларын аныктоо чараларын көрүү ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде андан аркы тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн Улуттук банк, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында мыйзам талаптарын коммерциялык банктар тарабынан аткарылышына тиешелүү маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо боюнча мамлекеттик кызматына бир нече жолу жөнөткөн.

Улуттук банк, банктык мыйзамдар жана банк иши жагында Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына консультациялык жана эксперттик жардамдарды берген.

Бүтүндөй алганда, кабыл алынган бардык чаралар өлкөнүн банк секторунда жагдайды кыска мөөнөт ичинде турукташтырууга, аманатчылардын ж.б. кредиторлордун таламдарын коргоону камсыз кылууга Улуттук банкка өбөлгө түзгөн.

### 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишине көзөмөлдүк

*ССРМны жүзөгө ашыруу чегиндеги иш-чаралар*

Өкмөт жана Улуттук банктын токтому менен кабыл алынган Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга каралган орто мөөнөттүк стратегиясын (ССРМ) жүзөгө ашыруунун чегинде, микрофинансылык уюмдардын укуктук базасын өркүндөтүү боюнча чаралар көрүлүп, «Микрофинансылык уюмдар жөнүндө», «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилишин караган мыйзам долбоору иштелип чыккан. Сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор БФКМдердин банктык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган. 2010-жылдын бирдин айында бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде экинчи окууда кабыл алынган болсо да, орун алган саясый окуялардан улам күчүнө кирбей калган.

Аталган стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планынын аткарылышына мониторингдин жыйынтыгы ведомстволор аралык жумушчу тобунун отурумдарында каралган.

Микрокаржылоону жана алмашуу операцияларын жүзөгө ашырышкан БФКМдердин ишине көзөмөлдүк жана жөнгө салуудан тышкары Улуттук банк, адистешкен кредиттик уюмдардын ишине да көзөмөлдүктү жүргүзгөн.

Жетекчилигинин жоктугуна байланыштуу, капиталдын жылышына жана активдердин сакталышына контролдукту жүргүзүү максатында Улуттук банк Башкармасынын токтомуна ылайык, 2010-жылдын чын куран айынын он алтысынан тартып «Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКка убактылуу жетекчилик киргизилген. Кийинчерээк, Кыргыз Республикасынын Убактылуу өкмөтүнүн декрети менен бул Фондду жоюу чечими кабыл алынган. Ушул декреттин талабына ылайык Экономиканы тескөө министрлиги мекеменин жоюулушуна байланыштуу тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү үчүн жоюу

комиссиясын түзгөн. Жогоруда аталган декретте көрсөтүлгөн чечимге ылайык, бугу айынын жетисинде Улуттук банк Башкармасы, Фонддун айрым банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясын кайтарып алган. Ага ылайык убактылуу жетекчилик режими токтотулуп, Фондду жоюу иши башталган. Отчеттук жылда, көпчүлүк ири МФУлар өнөктөштөрдөн, донорлордон ж.б. кредиторлордон алынган чет өлкө валютасындагы каражаттарды конвертирлөө проблемасына туш болушкан. Коммерциялык банктар менен своп-операциялары чет өлкө валютасын конвертирлөөнүн жана сом түрүндөгү активдерди түзүү, ошондой эле валюта тобокелдигинен камсыздандыруу чарасынын бири болгон. МФУлардын своп-операцияларынын олуттуу бөлүгү соттун чечими менен банкрот деп таанылган «АзияУниверсалБанк» ААКсында топтоштурулгандыгынан улам, Улуттук банк МФУлардын сом түрүндөгү ликвиддүүлүккө карата талабын канааттандыруу үчүн коммерциялык банктар үчүн своп-терезесин убактылуу ачкан. Отчеттук жылы жеке ишкерлерге жана юридикалык жактарга алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна, анын ичинде лицензияларынын аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшү боюнча кайра каттоодон өткөртүүгө, кошумча алмашуу бюролорунун ачылышына байланыштуу лицензияларды берүү чегинде 333 алмашуу бюросунун иши текшерүүгө алынган. Мындан тышкары, жыл ичинде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талабын сактоосун текшерүү көз карашынан, алардын ишине бир катар текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Текшерүүлөр Улуттук банктын кызматкерлеринин күч-аракети менен сыктуу эле, укук коргоо органдарынын катышуусу менен да жүргүзүлгөн. Отчеттук мезгил ичинде бардыгы болуп 137 алмашу бюросу текшерүүгө алынып, анын жүрүшүндө мыйзам талаптарын бузуунун 100 учуру аныкталган.

*БФКМдерди текшерүү*

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 17 эскертүү, 38 жазма буйрук жөнөтүлүп, 2 алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган. Рейддердин жүрүшүндө 43 адамдын лицензиясыз иш алып баргандыгы аныкталып, аларга карата жалпы суммасы 44,0 миң сом өлчөмүндө айыптык төлөмдөрдү төлөттүрүү түрүндө административдик чаралар колдонулган.

Отчеттук жыл ичинде кредиттик союздардын ишине бардыгы болуп 77 комплекстүү жана 6 максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган, ал эми Финкомпаниянын ишин текшерүүнүн алкагында, кредиттик союздардын ишине 41 утурлап текшерүү, БРАФтын ишине комплекстүү текшерүү ишке ашырылган. Бардыгы болуп, 124 кредиттик союз текшерүүгө алынган, бул кредиттик союздардын жалпы санынын 57 пайызын түзөт.

Отчеттук жылда Улуттук банк Башкармасы тарабынан БРАФтын Банктардын ишин жөнгө салуу эрежесине жана Кайра каржылоо саясатына, ишти оптималдаштыруу, коммерциялык банктарды, ФКМдерди кредиттөө чөйрөсүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн арттырууга багытталган бир катар түзөтүүлөр киргизилген.

Мындан тышкары, мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышына текшерүү жүргүзүү максатында, бир микрофинансылык компаниянын, бир микрокредиттик агенттиктин, ошондой эле алты микрокредиттик компаниянын ишине адистештирилген инспектирлөө жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө мыйзам талаптарын бузуу фактылары аныкталган. Мыйзам бузууларды четтетүү боюнча тиешелүү жазма буйруктар берилген.

### 3.3. Көзөмөл методологиясы жана жөнгө салуу

*Ченемдик базаны өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

2010-жыл ичинде банктык көзөмөлдүк жана жөнгө салуунун ченемдик базаларын өркүндөтүү жагында иштер улантылган. Алар Кыргыз Республикасынын банк тутумунда банктык көзөмөлдүк системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга, банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин негизги принциптерин колдонууга киргизүүгө, ошондой эле нормаларды банктык мыйзамдарга ылайык келтирүүгө багытталган.

*Банк ишин лицензиялоо*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү максатында «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Аларга ылайык акционерлердин банктардын акцияларын сатып алуусу, көчмө кассалардагы каражаттардын лимитин көбөйтүү, филиалдарды, аманат жана көчмө кассаларды ачуу жол-жобосун жөнөкөйлөтүү, ошондой эле техникалык жактан жабдылышына көзөмөлдүктүн натыйжалуу ишке ашырылышы боюнча талаптар белгиленген. Мындан тышкары, банктардын уюштуруу документтерине, алардын айрым кызмат адамдарына тиешелүү маалыматтардын берилиши жагында талаптар каралган.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банк кардарларынын укуктарын коргоо, ошол укуктардын так сакталышын камсыз кылуу жана банк кызматкерлеринин алардан кыянаттык менен пайдалануусуна бөгөт коюу үчүн «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелерде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган. Жободо банк ишинин ачык-айкындуулугун арттыруу, кредиттөө процессин өркүндөтүү, ошондой эле кардарлардын укуктарын коргоо боюнча талаптардын сакталышына багытталган талаптар белгиленген.

*Консолидацияланган көзөмөл*

Банк тутумунун өнүгүп бара жаткандыгын, банктык топтордун түзүлүшүн эске алуу менен консолидацияланган көзөмөлдүк системасын өркүндөтүүнүн чегинде, «Консолидацияланган көзөмөлдүк жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилип, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын туунду же караштуу компанияларды түзүүсү жана/же сатып алуусу жөнүндө эрежеге өзгөртүүлөр киргизилген. Мына ошол ченемдик укуктук актылар «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө" мыйзамга жана банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин сунуш-көрсөтмөлөрүнө ылайык иштелип чыккан.

*ПФТ/ОД*

Кыргыз Республикасынын "Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (изин жашырууга) каршы аракеттер жөнүндө" мыйзамга (ПФТ/ОД) ылайык, «Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (изин жашырууга) каршы аракеттерди көрүү максатында Кыргыз Республикасынын алмашуу бюролорунда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо бекитилген. Жободо ПФТ/ОД максатында алмашуу бюролорунда ички контролдукту уюштуруу боюнча негизги талаптар каралып, нак чет өлкө валютасы менен операцияларга тиешелүү маалыматтарды идентификациялоо жана каттоо үчүн тиешелүү сумма аныкталган.

Банктардын ишинде орун алган мыйзам бузууларды эске алуу менен «Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (изин жашырууга) каршы аракеттенүү максатында коммерциялык банктарда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген. Бул документ банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын ПФТ/ОД жагында ишти натыйжалуу уюштуруу, ушул максатта ички контролдуктун таасирин күчөтүү жана бул ишке жоопкерчиликтүү кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү максатында, жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган.

Таасир этүү чараларын өркүндөтүү максатында Улуттук банктын айрым ченемдик-укуктук актыларына, форс-мажордук жагдайлардын келип чыгышы, ошондой эле банкта убактылуу жетекчилик же консервация режими колдонулуп жаткан шартта, банктан акчалай айыптык төлөмдөрү өндүрүү түрүндөгү санкцияларды колдонууга тиешелүү сунуш кылынган толуктоолор бекитилген.

*Банктарга тышкы аудит*

Ислам банктарына, «ислам терезесине» ээ банктарга тышкы аудитти жүргүзүүгө милдетти аныктаган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана финансы кредит мекемелерине жүргүзүлүүчү

тышкы аудитке карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын баш оона айынын он бешиндеги токтомунда каралган норма менен толукталган. Анда Ислам финансылык институттары үчүн бухгалтердик эсеп жана аудит боюнча уюм тарабынан иштелип чыккан жана ушул инстутуттар үчүн аудиттин стандарттарын колдонуу каралган.

*Финансылык отчеттуулук*

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык келтирүү максатында, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын финансылык отчетторду түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген. Отчеттук мезгил ичинде бул жобого, ФОЭСке жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келген консолидацияланган финансылык отчетторду түзүүгө жана аларды сунуштоого карата талаптарды белгилөөгө багытталган толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары жобо, «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» мыйзамга ылайык, банк эмитенттин ишине жана/же баалуу кагаздардын баасына таасир этиши мүмкүн болгон олуттуу фактыларга тиешелүү маалыматтарды ачып көрсөтүүнү кошо алганда, башкы компаниянын менчигинин түзүмү, акционерлер жана туунду, караштуу жана байланыштуу компаниялардын өз ара байланыштуулугу жөнүндө маалыматтарды чечмелөөнүн зарылчылыгына тиешелүү нормалар менен толукталган.

*Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгымдардын ордун жабууга кам*

Ошондой эле, «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камдарга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобого, камдардын шайкеш деңгээлин колдоп туруу жана ишенимдүү банк ишин камсыз кылуу максатында, факторинг операциялары боюнча камдын түзүлүшүнө тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мындан тышкары, банктык топ тарабынан бир эле карыз алуучуга же байланыштуу карыз алуучулар тобуна сунушталган активдерди классификациялоо боюнча талаптар да аныкталган.

*Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету*

Банктык көзөмөлдүк инструменттерин өркүндөтүү максатында, «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого, банкты тейлеген брокерлер, дилерлер, депозитарийлер жөнүндө ошондой эле, корпоративдик баалуу кагаздар менен операцияларга тиешелүү маалыматтардын берилиши боюнча толуктоолор бекитилген.

Мындан тышкары, «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобо кабыл алынган, ага ылайык банктык топтордун финансылык абалына, алардын тобокелдиктерине анализдөөлөрдү жүргүзүп, баа берүү максатында мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчетту түзүү жана аларды Улуттук банктын кароосуна сунуштоо формалары аныкталган.

*Депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоо*

Жарандык кодекске жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө» мыйзамга ылайык, депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Ушул өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, юридикалык жактардын эсеп ачууда банктын кароосуна сунуштоочу документтер тизмеги мыйзам талаптарына ылайык келтирилген.

*БФКМдер боюнча ченемдик актылар*

Улуттук банк жылдын кулжа айында Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарында болуп өткөн каргашалуу окуялар учурунда ким экендигин тастыктаган паспортун же башка документтерин жоготуп коюшкан жарандардын коммерциялык банктарда эсеп ачуусуна мүмкүнчүлүк берүү максатында, «Коммерциялык банктарда эсеп ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын жаранынын ким экендигин тастыктаган күбөлүктү пайдалануу жөнүндө» токтомду кабыл алган.

«БРАФ» ЖЧКсынын Банктарды кайра каржылоо саясатына карата өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомго ылайык келтирүү үчүн бул кредиттик мекеменин ишин жөнгө салуу эрежесине өзгөртүүлөр бекитилип,

анын чегинде бир карыз алуучуга тобокелдиктин максималдуу өлчөмү ченеми көбөйтүлгөн.

Депозиттерди тартуу менен иш алып барган МФКлардын ликвиддүүлүк тобокелдигин төмөндөтүү максатында «Аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын милдеттүү камдык талаптары жөнүндө» жобо кабыл алынган.

*МФУлардын, КСтердин жана Финкомпаниянын ишин жөнгө салуу*

Ченемдик талаптарды либералдаштыруунун алкагында микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине өзгөртүүлөр бекитилген. Адамдар тобунун чогуу жоопкерчилигин камсыздоо катары таануу аркылуу, күрөөсүз кредиттөө боюнча МФКлар үчүн чектөөлөр төмөндөтүлүп, микрофинансылык уюмдарга жана банктарга инвестициялоо боюнча чектөөлөр алынып салынган. Бул өзгөртүүлөрдө ошондой эле, капиталдын шайкештиги коэффициентин 18,0 пайыздан 8,0 пайызга чейин төмөндөтүү жана сом түрүндө берилген кредиттер үчүн күрөө катары сунушталган чет өлкө валютасындагы активдердин суммасын, МФКлардын суммардык активдеринен алып салуу каралган.

Уюштуруучуларга (акционерлерге) жана кызмат адамдарына тиешелүү маалыматтардын тактыгын текшерүүдөн өткөрүүнүн бардык баскычтарында тобокелдиктерди минимизациялоо, ошондой эле каражаттардын мыйзамдуулугун текшерүү максатында «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон өткөртүү жөнүндө» мыйзамына ылайык келтирүү максатында, «Микрокредиттик компанияларды жана микрокредиттик агенттиктерди түзүү жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик базаларды өркүндөтүүнүн алкагында Кыргыз Республикасындагы кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежесине жана Финкомпаниянын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежесине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

*Ислам каржылоо принциптери*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу», “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамдарга ылайык, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Сунушталган ушул өзгөртүүлөргө ылайык, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырышкан банктарга, ошондой эле «ислам терезесине» ээ банктарга карата ушул жободо каралган негиздерде жана тартипте таасир этүү чаралары көрүлүшү мүмкүн.

*Депозиттерди коргоо системасы*

Депозиттерди коргоо системасын мындан ары да колдонууга киргизүү иш алкагында, гарантиялык учур келип жеткен шартта аманатчыларга компенсациялык төлөөлөрдү ишке ашыруусуна тиешелүү банк-агенттерге карата талаптар бекитилген. Талаптар, банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда банктын топтолгон тажрыйбасына жана анын ишкердик аброюна, чыгашасыз иштөөсүнө, банк жетекчилигинин коопсуз жана натыйжалуу ишти камсыз кылуу жөндөмдүүлүгүнө ж.б. тиешелүү белгиленген.

*Ипотекалык кредиттөө*

Ченемдик укуктук актыларды Жер кодексине, «Айыл-чарба багытындагы жерди пайдалануу тууралуу», «Күрөө жөнүндө» мыйзамдарга карата кабыл алынган түзөтүүлөргө ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2002-жылдын аяк оона айынын төртүндөгү «Айыл чарба багытындагы жер участкаларын ипотекалык кредиттөө боюнча убактылуу талаптарды бекитүү жөнүндө» биргелешкен токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр Улуттук банк тарабынан жактырылган.

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын төлөм системасы бүтүндөй алганда, туруктуу иштеген.

Төлөм системасынын компоненттеринин үзгүлтүксүз иштөөсү, баардык коммерциялык банктардын төлөм системасына тартылышын камсыз кылуу, системага карата бирдиктүү ыкмалардын колдонулушу финансылык тобокелдиктердин келип чыгышына бөгөт коюуга жана бардык катышуучулардын төлөмдөрдү өткөрүүсү үчүн мүмкүн болушунча шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берген.

2010-жылы Улуттук банк, чекене финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө, ага катышуучулардын санын көбөйтүүгө жана төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнөн калктын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттырууга багытталган улуттук заманбап төлөм системасын өнүктүрүү боюнча милдеттерди аткаруу ишин улантkан.

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу негизги милдеттердин бири болуп саналат. Отчеттук жылда жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын зарыл номиналдарынын оптималдуу запасын колдоп туруу боюнча иштер улантылып, жүгүртүүгө жаңы банкноттор чыгарылып, ошондой эле эскилиги жеткен банкнотторду жүгүртүүдөн алуу менен аларды жок кылуу иши жүзөгө ашырылган.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Банктар аралык төлөм системасы*

Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасы эсептешүүлөрдүн гросстук системасынан (ГСРРВ) пакеттик клиринг системасынан (СПК), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынан, акча которуу ситемасынан жана чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системасынан турган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, филиалдарын кошо алганда, коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы жана Мамлекеттер аралык банк Кыргыз Республикасында банктар аралык төлөм системасынын катышуучуларынан болгон.

Банктар аралык төлөм (ГСРРВ жана СПК) системалары аркылуу бардыгы болуп 441,3 млрд. сом жалпы суммасында 1,6 миллиондон көбүрөөк төлөмдөр өткөрүлгөн, бул 2009-жылдагыдан 7,8 пайызга же 37,2 млрд. сомго аз.

***<u>4.1.1.1-график.</u>***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча (ГСРРВ жана СПК) өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү



Гросстук төлөмдөрдүн саны 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 7,0 пайызга көбөйгөн, клиринг төлөмдөрүнүн саны 2009-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 54,8 пайызга азайган.

***4.1.1.2-график.***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча (ГСРРВ жана СПК) өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны




*Банктык төлөм карттары*

Отчеттук жылы коммерциялык банктар локалдык, эл аралык системалардын жана «Элкарт» улуттук системасынын төлөм карттарынын эмиссиясы жана аларды тейлөө жагында кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү ишин уланткан.

Отчеттук жылдын акырына карата банктык төлөм карттарды пайдалануу менен эмиссия, эквайринг жана кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүнү республиканын 22 банкынын ичинен 16 банк сунуштаган. Алардын ичинен улуттук системанын карттарынын эмитентинен болуп 14 банк саналган, эл аралык системанын карттарын сегиз банк, локалдык системалардын карттарын - үч банк чыгарган.

*Карттардын эмиссиясы*

Эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны 225,2 миң даананы түзүп, жыл ичинде 34,1 пайызга көбөйгөн. Эмитирленген банктык карттардын санынын өсүшүнүн олуттуу арымы, эмгек акы долбоорунун алкагында берилген банктык карттардын санынын артышы менен шартталган. Натыйжада, 2010-жылы 50 миңден көбүрөөк карт чыгарылып, алардын ичинен 25,1 миңи «Элкарт» улуттук системасынын картынан болгон.

***4.1.1.3-график***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



*Төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар*

Карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 14,5 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 45,0 пайызга көбөйгөн. Эл аралык системалар боюнча 8,6 млрд. сом чегинде операциялар жүргүзүлгөн, бул 2009-жылы жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнөн 59,2 пайызга көп. Локалдык системалар боюнча операциялардын көлөмү 2009-жылдагыга караганда 33,0 пайызга көп болуу менен 3,0 млрд. сом чегинде катталган. 2009-жылы «Элкарт» улуттук системасы боюнча жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмү 26,0 пайызга көбөйүү менен 2,9 млрд. сомду түзгөн.

Карттарды пайдалануучулардын жана аларды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын санынын артышы, банктык карт рыногунда иш жигеринин жандануусун тастыктайт.

Бардыгы болуп отчеттук жылы карттарды пайдалануу менен 3,4 млн. операция ишке ашырылган, бул бир жыл мурдагы көрсөткүчтөн 18,8 пайызга көп. Алардын ичинен локалдык система боюнча 814,0 миң операция же 2009-жылдагыга караганда 43,6 пайызга көп операция ишке ашырылган. Эл аралык системалар боюнча ишке ашырылган операциялардын саны 2009-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 22,1 пайызга өсүп, 1,7 миллиндон көбүрөөк операцияны түзгөн. Улуттук «Элкарт» системасы аркылуу отчеттук жыл ичинде 851,6 миң операция жүргүзүлгөн.

Банкоматтар түйүнүнөн нак акчаларды алуу боюнча операциялардын көлөмү 14,1 млрд. сомду түзгөн, ошол эле учурда карттарды пайдалануу менен соода-сервистик ишканаларда келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 0,5 млрд. сом чегинде катталган.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

Системалар боюнча бөлүп кароодо иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны:

- улуттук «Элкарт» системасы боюнча 72 банкомат жана 510 терминал. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын интеграциялануусунун жыйынтыгы боюнча эл аралык системанын 133 банкоматы жана 663 терминалы, ал эми «Алай-Кард» локалдык системасынын 175 терминалы «Элкарт» улуттук төлөм картын тейлөөгө кабыл алган;
- эл аралык системалар боюнча 143 банкомат жана 838 терминал;
- «Алай-Кард» системасы боюнча 54 банкомат жана 203 терминал, анын ичинен 68 терминал «Золотая корона» системасынын карттарын кабыл алып, тейлөөнү камсыз кылган;
- «Золотая корона» локалдык системасы боюнча 11 банкомат жана 64 терминал.

Ошентип, 2010-жылдын акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагы боюнча калк эң көп келген жерлерде орнотулган 280 банкомат жана 1 615 терминалда тейлөөгө кабыл алынган.

***4.1.1.4-график***

Иштеп жаткан банкоматтардын жана терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




## 4.1.2. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөл

2010-жылы ичинде Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине, системанын операторлору – Кыргыз Республикасынын резиденттеринин жана алардын катышуучуларынын ишине көзөмөлдүк жана контролдоо, ошондой эле адаттадагыдан башкача жагдайларда маселелерди чечүү боюнча иш-чаралар күчөтүлгөн.

*Төлөм системасынын көзөмөл объекттери*

Өзгөчө көзөмөлдүк объектилеринен болуп төмөнкүлөр саналган:

- системдик мааниге ээ төлөм системалары: Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана Пакеттик клиринг системасы;
- маанилүү төлөм системалары: төлөм карттары менен эсептешүүлөр системасы.

Мындан тышкары, SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине жана коммерциялык банктардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрүнүн өткөрүлүшүнө контролдук ишке ашырылган.

*Төлөм системасынын ишин камсыз кылуу боюнча чаралар*

Өлкөдө чын куран айында болуп өткөн саясый окуялар учурунда, капиталдын жылышына контролдук жүргүзүү жана аманатчылардын ж.б. кредиторлордун таламдарында активдерди сактап калуу боюнча чаралардын топтомунун алкагында, бир катар коммерциялык банктарда төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү режимине убактылуу чектөөлөр киргизилип, чек ара аркылуу төлөмдөрдү жө-нөтүү мүмкүнчүлүгүнө чек коюлган. Төлөм системасынын ишин турукташтыруу, төлөм агымын калыбына келтирүү, аманатчылардын тынчсыздануусуна жол бербөө үчүн Улуттук банк, төлөм системасынын операторлоруна дароо маалымдалган тиешелүү оперативдүү чараларды көрүп, калайык-калк жана коммерциялык банктар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Мына ушул көзөмөлдүк чара-лары банк тутумунда системалуу кризиске жол бербөөгө өбөлгө түзгөн.

Коммерциялык банктардын ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 2010-жылдын биринчи чейрегиндеги 6,1 млрд сомдон, үчүнчү чейректеги 3,5 млрд. сомго чейин төмөндөгөн болсо да, жыл акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгү 5,3 млрд. сомго чейин өскөн. Системада финансылык тобокелдик деңгээли, катышуучулардын дебеттик жүгүртүүлөрүнө караганда ликвиддүүлүк каражаттарынын көрсөткүчү жетиштүү жогорку деңгээлде сакталып турушунун эсебинен, минималдуу чекте болгон (ликвиддүүлүк коэффициенти 4,2, ал эми жүгүртүү коэффициенти 0,2 түзгөн).

Улуттук банк тарабынан, эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын оператору - «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКтын «Элкарт» төлөм карттары менен ишине айрыкча көңүл бурулган. Системасынын «Элкарт» төлөм карты менен туруктуу ишин камсыз кылуу үчүн «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКты андан ары өнүктүрүүгө ар тараптуу колдоо көрсөтүлгөн. Компаниянын учурдагы ишине, аны каржылоо маселелерине, корпоративдик башкаруу системасынын натыйжалуу ишин камсыз кылуу үчүн борбордун акцияларынын үлүшүн акционер-банктардын арасында бөлүштүрүү ошондой эле, карттарды пайдалануу менен нак эмес төлөмдөр долбоорлорун жүзөгө ашыруу маселелери боюнча процессинг борборунун жетекчилиги жана коммерциялык банктар менен жолугушуулар өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруунун алкагында Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар, айрым банктарда орун алган проблемалардан улам келип чыккан тобокелдиктер, улуттук төлөм системасынын башка катышуучаларына терс кесепеттерге алып келбеши үчүн бөгөт коюга мүмкүндүк берген.

2010-жыл ичинде төлөм карттарын пайдалануу менен шектүү жана алдамчылык операцияларына да жол берилгендиги катталган. Карт ээлеринин коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы алдамчылыкка жол берүүнүн негизги себебинен болгон.

Кыргыз Республикасында төлөм системасынын 2010-жылдагы ишине баа берүү, анын системдик мааниге ээ төлөм системалары үчүн бардык негизги принциптерге ылайык келгендигин тастыктаган[1]. Мында, ошол негизги принциптерди колдонуу боюнча борбордук банктын милдети толук аткарылып жаткандыгын да белгилеп кетүү зарыл.

«Элкарт» улуттук системасынын иши негизинен, эл аралык стандарттарга жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылган.

### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын иш-чараларынын жүзөгө ашырылышы

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү жана алардын натыйжалуу өткөрүлүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды кеңейтүү боюнча иш-чаралардын Мамлекеттик программасынын негизги багыттарын жүзөгө ашыруу боюнча иштер улантылган.

*Пакеттик клиринг системасы*

Пакеттик клиринг системасын өнүктүрүүнүн чегинде коммерциялык банктар, тике дебеттөө кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууга киргизүүгө багытталган иш-чараларды аяктоо боюнча иштерди жүргүзгөн. Алсак, учурда баардык банктар «Түндүкэлектро» ААКсынын, «Бишкексууканал» өндүрүштүк башкармалыгынын жана «Бишкекжылуулуктүйүнү» ААКсынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдөрдү, кардардын банктык эсебине тике дебеттөө аркылуу кабыл алууга даяр. Ал эми 10 банк кардарлардын төлөмдөрүн ушул ыкмада жүзөгө ашырып жатышат. Ошондой эле, Бишкек шаардык телефон түйүнүндө кызмат көрсөтүүнүн ушул ыкмасын колдонууга киргизүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүүдө (шаардык телефон үчүн төлөө).

[1] «Системдик мааниге ээ төлөм системалары үчүн негизги принциптер», эл аралык эсептешүүлөр банкынын төлөм жана эсептешүүлөр системасы боюнча комитети, Базель, Швейцария, 2001-жылдын үчтүн айы («Core Principles for Systemically Important Payment Systems», BIS, Basel, Switzerland, January, 2001.)

## 4.2. Нак акча жүгүртүү

Улуттук банктын нак акча жүгүртүлүшү жагындагы ишинин негизги максатынан болуп, республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу саналат.

Отчеттук жылы жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 21,1 пайызга өсүп, 43,3 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акча каражаттарынын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




2010-жылда нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2009-жылдагы 98,8 пайыз деңгээлинде эле сакталып калган.

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын түшүүсү, берилиши*

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү отчеттук жылда 298,7 млрд. сомду түзүү менен 2009-жылдагыга караганда, 24,0 пайызга көбөйгөн. Коммерциялык банктардын кассаларынан нак акчалардын берилиши да 24,0 пайызга өсүп, 302,2 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-таблица.***

Нак акчалардын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы

| | Түшүүлөр *млн. сом.* | | Берүүлөр *млн. сом.* | | Кайтарымдуулугу *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2009-ж. | 2010-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. |
| **Бардыгы болуп** | **240 814,7** | **298 652,6** | **243 719,9** | **302 242,5** | **98,8** | **98,8** |
| Бишкек шаары | 149 787,5 | 177 571,7 | 139 375,2 | 161 479,6 | 107,5 | 110,0 |
| Баткен обл. | 3 871,6 | 7 079,7 | 6 381,7 | 11 047,7 | 60,7 | 64,1 |
| Жалал-Абад обл. | 20 818,1 | 30 412,9 | 26 675,8 | 37 101,7 | 78,0 | 82,0 |
| Ысык-Көл обл. | 8 204,9 | 10 094,4 | 10 586,8 | 13 400,0 | 77,5 | 75,3 |
| Нарын обл. | 2 542,4 | 3 479,5 | 4 525,9 | 5 885,7 | 56,2 | 59,1 |
| Ош шаары | 36 717,9 | 41 052,1 | 31 960,8 | 38 222,3 | 114,9 | 107,4 |
| Ош обл. | 4 903,3 | 8 680,2 | 8 432,6 | 13 341,0 | 58,1 | 65,1 |
| Талас обл. | 3 109,1 | 4 330,6 | 5 367,6 | 6 713,6 | 57,9 | 64,5 |
| Чүй обл. | 10 859,9 | 15 951,5 | 10 413,5 | 15 050,9 | 104,3 | 106,0 |

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, тиешелүү номиналдарга керектөөнү канааттандыруу жана банкноттордун зарыл болгон номиналдарынын оптималдуу запасын колдоо боюнча

иштер туруктуу жүргүзүлүп, жаңы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, ошондой эле эскилиги жеткендерин жүгүртүүдөн алып, жок кылуу иштери жүргүзүлгөн.

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү негизинен туруктуу сакталып калган, ал эми 1000 сом номиналындагы банкноттун салыштырма салмагынын азаюусу 5000 сом номиналындагы банкноттун жүгүртүүгө чыгарылышынын натыйжасында келип чыккан.

***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү(бир мезгилдин акырына карата)

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номиналы | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1000 сом | 5000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2009-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,9 | 1,7 | 3,4 | 6,1 | 16,4 | 54,9 | 15,5 | **100,0** |
| 2010-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,7 | 1,4 | 3,2 | 5,0 | 16,1 | 52,3 | 20,2 | **100,0** |

***4.2.2-график***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын номиналдарын бөлүштүрүү (бир мезгилдин акырына карата)[1]




Нак акча жүгүртүлүшү жана кассалык иштин уюштурулушуна тиешелүү ченемдик базаларды, жол-жоболорду андан-ары өркүндөтүү иштерди да улантылган.

*Жүгүртүүгө нумизматикалык монеталардын жана банкноттордун төртүнчү сериядагы чыгарылышы*

Отчеттук жылы «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн элдеринин улуттук жүрөлгөлөрү жана салт-санаалары» жана «ЕврАзЭСке 10 жыл» серияларына арналган «Түндүк көтөрүү» жана «ЕврАзЭСке 10 жыл» коллекциялык күмүш монеталары жүгүртүүгө чыгарылган. Ошондой эле төртүнчү сериядагы 200, 500, 1000 сом номиналындагы жаңы, өркүндөтүлгөн коргоо белгилерине жана жаңы дизайнга ээ, өлчөмдөрү бир аз кичирейтилген банкноттор да жүгүртүүгө чыгарылган.

2010-жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы саны 328 дааналы түзгөн (2009-жылы – 555 даана), бул суммардык катышта 324 050 сомду (2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,0007 пайызын) түзөт.

[1] Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын жалпы санынан пайыздык катышта.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2010-жылы ар кайсы эл аралык уюмдар, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары жана башка чет өлкө мамлекеттери менен кызматташууну уланткан. Отчеттук мезгил ичинде жүргүзүлгөн иш жыйынтыгы боюнча, буга чейин түптөлүп келген тышкы экономикалык байланыштардын чыңдалуусу жана жаңы өнөктөштүк мамилелердин, ошондой эле эл аралык институттар, борбордук банктар менен кызматташуу жолдору аныкталган.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

Эл аралык уюмдар менен кызматташуу отчеттук жылда, өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайларды, банк секторунда орун алган проблемаларды чечүү жана секторду андан ары өнүктүрүү зарылчылыгын эске алуу менен жүзөгө ашырылган. Негизинен, мындай кызматташуу консультативдик жардам көрсөтүүгө жана банк иши боюнча маселелерди чечүүдө дүйнөлүк тажрыйбаларды үйрөнүүгө багытталган.

*ЭВФ менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын үчтүн айынын жыйырмасынан тартып бирдин айынын экисине чейинки мезгил ичинде Эл аралык валюта фондусунун миссиясы (ЭВФ) Кыргыз Республикасында болуп кеткен, анын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү, анын ичинде Улуттук банктын жетекчилиги менен бир катар жолугушуулар өткөрүлгөн. Жолугушуулардын жүрүшүндө ачка-кредит саясаты, валюта рыногундагы жагдай жана төлөм теңдеминин абалына тиешелүү маселелер талкууга алынып, айрыкча өлкөнүн банк секторунун келечеги, банктык көзөмөлдүктү өнүктүрүү маселелерине көңүл бурулган.

Эл аралык валюта фондусунун Аткаруучу Директорунун кеңешчиси Кыргыз Республикасына расмий иш сапары менен келип кеткен. Иш сапардын алкагында Улуттук банктын жана Экономикалык тескөө министрлигинин жетекчилери менен жолугушуулар өткөрүлүп, анда макроэкономикалык жагдайлар жана экономикалык саясат маселелери талкууга алынган. Жолугушуу учурунда экономикалык өсүш жана финансылык туруктуулук жагындагы проблемалар, ошондой эле дүйнөлүк финансылык кризистин таасири шартында, акча-кредит саясатын ишке ашыруу маселелери да кароого алынган.

Бүтүндөй алганда, 2010-жыл ичинде ЭВФ миссиясы Кыргыз Республикасына төрт жолу келип кеткен. Отчеттук жылдын бирдин айында ESF программасынын чегинде ишке ашырылган программанын натыйжасына ылайык, ал аягына чыгарылган. 2010-жылдын бугу айында жана теке айынын ортосунда ЭВФ тарабынан өлкөдө болуп өткөн окуялардан кийин, Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайларга баа берүү үчүн обзордук миссиялар ишке ашырылган. Улуттук банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ЭВФ миссиясы менен биргелешкен аракеттеринин натыйжасында, чын куран айында «RCF ыкчам кредиттөө механизминин алкагында 2010-жылдын аяк оона-бештин айына карата экономикалык жана финансылык саясат жөнүндө» меморандумда белгиленген жаңы программа иштелип чыккан. Меморандумду кароонун натыйжасында аяк оона айынын он бешинде ЭВФ Директорлорунун Аткаруучу Кеңеши Кыргыз Республикасына 22,2 млн. АКУ (СДР) суммасында кредит бөлүү сунушун жактырган.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасын реформалоонун алкагында бирдин айынын жыйырма биринен жалган куран айынын бешине чейин ЭВФтин эксперти техникалык миссиянын курамында, Улуттук банкка келип кеткен. Иштин жүрүшүндө алар Пакеттик клиринг системасынын ишинин актуалдуу аспектилери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү, Эл аралык эсептешүүлөр банкынын негизги принциптерине ылайык, төлөм системасын коргоо механизми катары, камсыздандыруу фонduларынын ишке киргизилишине баа берип, төлөм системасынын ишине көзөмөлдүктү чыңдоо, коммерциялык банктар тарабынан

калкка заманбап банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча маркетингдик жана коммерциялык саясаттын чараларын ишке ашыруу, банктык эмес операторлор жана агенттер тарабынан негизги төлөм кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо тобокелдиктерди төмөндөтүүнү камсыз кылууга багытталган ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү маселелери каралган.

Чын куран айында ЭВФтин техникалык миссиясынын жүрүшүндө эксперттер проблемалуу банктарды финансылык жактан чыңдоого багытталган таасир этүү чаралары боюнча консультацияларды сунуштап, Польша Улуттук банкынын мисалында банктарга карата атайы режимдерди киргизүү жана жүзөгө ашыруу тажрыйбаларын кароого сунуштаган.

ЭВФ консультанттары Улуттук банктын көзөмөлдүк функцияларын күчөтүү жагында техникалык жардамдарды сунуштаган. Алардын сунуш-көрсөтмөлөрү «АзияУниверсалБанк» ААКсын реструктуризациялоо учурунда да колдонулган. Ошондой эле, эл аралык кызматташтык долбоорлорунун алкагында 2010-жылдын жетинин айынан тартып, ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү жана банктык көзөмөлдүк методологиясы маселелери боюнча консультацияларды сунуштоо максатында, ЭВФтин иши узак мөөнөткө каралган консультанты ишин баштаган.

ЭВФтин Азербайжанда, Кыргызстанда жана Тажикистанда мамлекеттик карызды тескөө жана мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү боюнча регионалдык долбоорунун чегинде, Улуттук банктын кызматкерлери макроэкономикалык жана финансылык пландаштыруу, мамлекеттик карызды тескөө, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү боюнча семинарларга катышып, узак мөөнөткө каралган стратегияларды иштеп чыгуу, финансылык программаларды түзүү, карыз туруктуулугуна иликтөөлөрдү жүргүзүү, мамлекеттик карызды натыйжалуу тескөөгө баа берүү инструменттерин колдонуу, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү маселелери боюнча тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Вашингтон шаарында тогуздун айынын алтысынан он бирине чейин ЭВФ менен Дүйнөлүк банктын жыл сайын өтүүчү кеңешмеси болуп, ага Улуттук банктын жетекчилиги катышкан. Кыргыз Республикасынын экономикасындагы жана банк секторундагы жагдайларды ошондой эле, консультацияларды жана техникалык жардамдарды алуу маселелерин талкуулоо максатында, ЭВФ, ДБ жана башка эл аралык финансы институттарынын өкүлдөрү менен бир катар жолугушуулар өткөрүлгөн.

*Дүйнөлүк банк менен кызматташуу*

Дүйнөлүк банк менен кызматташууну улантуу үчүн отчеттук жылдын теке айында Улуттук банк тарабынан дүйнө жүзү боюнча Төлөм системаларынын ишине Экинчи глобалдуу баяндаманын алкагында ири төлөмдөр, чекене төлөмдөр, чет өлкө валютасындагы төлөмдөр, чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системаларынын укуктук негизи жөнүндө жана баалуу кагаздар системалары, төлөм системасына көзөмөлдүк жана пландаштырылып жаткан реформалар жөнүндө маалыматтарды камтыган кеңири баяндама, Дүйнөлүк банк үчүн даярдалган.

Дүйнөлүк банктын миссиясы тогуздун айынын төртүнөн он бешине чейин FIRST Initiative долбоорун ишке ашыруунун алкагында Улуттук банкта болуп кеткен, миссиянын жүрүшүндө банктарды банкроттоо жана жоюу жол-жоболорун өркүндөтүү, Улуттук банктын эскертүү чараларын жана санкцияларына тиешелүү ченемдик-превентивдик базасын күчөтүү жагында сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Бештин айында Улуттук банктын жетекчилигинин Дүйнөлүк банктын өкүлдөрү менен жолугушуусу болуп, анын жүрүшүндө мамлекеттик бюджетти колдоо максатында, Дүйнөлүк банк тарабынан Кыргыз Республикасына финансылык жардамдын көрсөтүлүшү айрыкча, 40 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү финансылык каражаттын берилиши маселеси талкууга алынган. Ошондой эле «АУБ» ААКсында жана башка коммерциялык банктарда орун алган жагдайларга; Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунун (ББПБ) ишине жана микрокаржылоо секторун өнүктүрүүгө тиешелүү маселелер да каралган.

Жылдын жалган куран айында Улуттук банктын кызматкерлери «Европа жана Борбордук Азия аймактарындагы миграция жана акча которуулар - MiR-

PAL миграция процесси боюнча иш жүзүндөгү тажрыйба» темасында Дүйнөлүк банк тарабынын уюштурулган телеконференцияга катышып, анын жүрүшүндө миграциялык саясаттын жана акча которууларынын, мигранттардын акчалай которууларынын көлөмүнө баа берүү методологиясынын маанилүү аспектилери талкууга алынган.

Улуттук банктын өкүлдөрүнүн кулжа айынын жыйырма төртү – жыйырма бешинде Ереван шаарында өткөн, миграция процессинин, акчалай которуулардын жана диаспоралардын экономикалык жана социалдык таасир этүүлөрү маселелери боюнча эл аралык симпозиумга катышуусу, акча которуулардын өлкөнүн экономикалык көрсөткүчтөрүнө таассир этүүсү чөйрөсүндө Улуттук банктын изилдөө иштерин тереңдетүүгө өбөлгө түзгөн.

*Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы менен кызматташуу*

Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкынын Кыргыз Республикасына техникалык жардамынын алкагында, «АзияУниверсалБанк» ААКсына эл аралык соттук аудиттин жүргүзүлүшүнө финансылык колдоо көрсөтүлгөн. Аудит аталган банктын балансы бурмалангандыгын жана анын операцияларынын олуттуу саны экономикалык жактан мааниге ээ болбогондуктан, шектүү операциялардан экендигин тастыктаган.

*KRJC менен кызматташуу*

2010-жылы адамзаттын өнүгүү жолу боюнча Улуттук банктын Кыргыз-Япония борбору менен кызматташуусу өнүккөн. Борбор тарабынан өткөрүлгөн семинарларга катышуу аркылуу Улуттук банктын өкүлдөрү Япониянын банктык мекемелерди жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, кредиттик тобокелдиктерге жана аларды минималдаштыруу жолдоруна баа берүү системасын колдонуу, ошондой эле адам ресурсу менен иш алып баруу жагында борбордук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине операциялык анализдөөлөрдү жүргүзүү жана аны турукташтыруу максатында финансы системасын реформалоо боюнча тажрыйбаларын окуп үйрөнүшкөн.

*SECO менен кызматташуу*

Отчеттук жылдын баш жагында терроризмди каржылоого жана арам акчанын изин жашырууга каршы аракеттенүү жагында (ПФТ/ОД) кызматташуу боюнча Швейцария бюросунун (SECO) миссиясы кезектеги иш сапары менен Улуттук банкка келип кеткен Улуттук банктын, республикадагы коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролорунун кызматкерлери үчүн семинарларды өткөрүү анын иш жыйынтыгынан болгон. Ошондой эле, Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар менен биргеликте ПФТ/ОД боюнча окутуу программаларынын зарыл болгон модулдарынын долбоорлору коммерциялык банктар үчүн иштелип чыккан; тобокелдиктерге баа берүү жана коммерциялык банктардын өз ишине өзү баа берүүсү үчүн SECO эксперттеринин сунуш-көрсөтмөлөрүн эске алуу менен суроо-жоопторду даярдоо матрицасы боюнча иштер жүргүзүлгөн. SECO долбоорунун колдоосу астында, ошондой эле калайык-калк жана алмашуу бюролору үчүн маалыматтык мүнөздөгү эки плакат чыгарылган жана таркатылган.

Улуттук банк 2010-жылдын баш оона айында SECOнун кошо каржылоосу шартында, Кыргыз Республикасында расмий статистикага камтылбаган, чек ара жанындагы соода жүргүзүүлөрдү жана товарлардын реэкспортун талаа шартында изилдөө иштери Чүй областында, өлкөнүн түштүк жана түндүк региондорунда уюштурулган.

*Техникалык кызматташуу боюнча Германия коому менен кызматташуу*

SECO тарабынан аяк оона айынын онунда финансылык программаны түзүү боюнча семинар өткөрүлгөн, ага Улуттук банктын, Экономиканы тескөө министрлигинин жана Финансы министрлигинин адистери катышкан. Анда макроэкономикалык болжолдоо максаттары үчүн финансылык программаны түзүү инструменттерин колдонуу маселелери каралган.

Улуттук банктын Техникалык кызматташуу боюнча Германия коому менен (ГТЦ) 2010-жылдагы кызматташуусу, негизинен микрокаржылоо секторун жөнгө салуудагы Улуттук банктын иш жигерин арттырууга багытталган.

Улуттук банк менен Техникалык кызматташуу боюнча Германия коомунун ортосундагы кызматташууну чыңдоо жана өнүктүрүү максатында «Борбордук Азияда микрокаржылоону колдоого алуу боюнча регионалдык программаны» Кыргыз Республикасында жүзөгө ашыруу жөнүндө» келишим түзүлгөн. 2010-жылы Борбордук Азияда микрокаржылоону колдоонун регионалдык программасынын

алгачкы баскычы аягына чыгарылып, анын жыйынтыгы боюнча аталган коом тарабынан 2011-жылдан 2013-жылга чейинки үч жылга каралган, экинчи баскычты баштоо чечими кабыл алынган.

БФКМдердин ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу функциясын аткаруу жана Улуттук банктын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында ГТЦ тарабынан банк кызматкерлерин CAP/CIPA программасы боюнча окутууну каржылоо жүзөгө ашырылган. Ушул эле коомдун көмөктөшүүсү менен Улуттук банктын адистери, «Микрокаржылоо принциптери, кредиттөө технологиялары, микрофинансылык уюмдардын кредиттик жана операциялык тобокелдиктерине баа берүү», «Микрокаржылоонун кризистик мезгилден кийинки алгылыктуу тажрыйбалары», «Ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөрү жана ислам финансылык кызмат көрсөтүү кеңешинин стандарттары (IFSB)», «Консолидацияланган көзөмөл» темасында өткөрүлгөн семинарларга катышуу мүмкүнчүлүгүн алышкан.

ГТЦнын колдоосу менен микрокаржылоону 2011-2015-жылдарга өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу иши жөнгө салынган. Бул үчүн микрофинансы секторунун, Улуттук банктын, мамлекеттик органдардын жана ГТЦнын өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлгөн. Ушул долбоордун алкагында бештин айынын он алтысында микрофинансылык сектордун, Өкмөттүн жана башка таламдаш тараптардын өкүлдөрүнүн катышуусунда секторду өнүктүрүүнүн жаңы стратегиясынын негизги багыттарын талкуулоо максатын көздөгөн алгачкы тегерек стол маеги өткөрүлгөн.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк ар кандай эл аралык финансылык институттар, атап айтканда Эл аралык финансы корпорациясы (ЭФК), Германия Өнүгүү банкы KfW, USAID менен кызматташуу ишин уланткан.

*ЭФК менен кызматташуу*

Жылдын аяк оона айынын сегизинде Улуттук банктын жетекчилигинин Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү ЭФК Департаментинин Директору башчылык кылып келген, Эл аралык финансы корпорациясынын делегациясы жана Орто Азия жана Азербайжан боюнча улук менеджери менен жолугушуусу болгон. Иш сапардын жүрүшүндө учурда түптөлгөн жана мындан аркы кызматташуу маселелери талкууланып, Кыргыз Республикасында лизингди, камсыздандырууну, ипотекалык кредиттөөнү, микрокаржылоону жана башкаларды жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча долбоорлорду ишке ашырууну улантуу сунуш кылынган.

Улуттук банктын кызматкерлери ЭФКнын көмөктөшүүсү астында уюштурулган кредиттик маалымат бюросунун иши боюнча Берлин шаарында өткөн дүйнөлүк конференция, Улан-Батор шаарында өткөн микрокаржылоо боюнча семинар сыяктуу, бир катар иш-чарага катышуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен.

*Германия өнүгүү банкы KfW менен кызматташуу*

Жылдын баш оона айынын жыйырма төртүндө Улуттук банктын жетекчилиги Германиянын Өнүгүү банкынын KfW Борбордук Азия боюнча Регионалдык бюросунун директору башчылык кылган делегациясы менен жолугушкан. Анын жүрүшүндө 2011-жылы колдонууга берилиши пландаштырылган микрокаржылоо жана ипотекалык кредиттөө боюнча долбоорлорду ишке ашыруунун шарттары талкууланган. Ошондой эле, келечекте кызматташуунун алкагында ишке ашырылышы мүмкүн болгон долбоорлор боюнча пикир алышуулар болгон.

*USAID менен кызматташуу*

Аяк оона айынын жыйырма экисинде Улуттук банктын жетекчилигинин USAIDдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн директорунун милдетин аткаруучу жана АКШнын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин Саясий-экономикалык бөлүмүнүн экономикалык кеңешчиси менен жолугушуусу болгон. Жолугушуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасында экономикалык өсүшкө дем берүүгө жана банк тутумун турукташтырууга багытталган долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу жагында пикир алышуулар болуп, мындан ары да кызматташуу маселелери талкууга алынган. Мындан тышкары Кыргызстанда камсыздандыруу, лизинг жана ипотекалык кредиттөө рынокторунун анчалык өнүкпөй жаткандыгы белгиленип, бул багытта иш жүргүзүү жагында макулдашууларга жетишилген.

Аяк оона айынын жыйырма үчүндө-жыйырма алтысында Улуттук банктын жетекчилиги Душанбе шаарында өткөн Борбордук банктардын Башкаруучулар

*Борбордук банктардын Башкаруучулар Клубунун алкагында кызматташуулар-матташ*

клубунун XXIV отурумуна катышкан. Борбордук Азия, Карадеңиз боюнда жана Балкан өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын жетекчилери анын мүчөсүнөн болуп саналышат. Катышуучу өлкөлөрдүн борбордук банктарына акча-кредит саясатын жүргүзүү, банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу, банк тутумунун туруктуулугун колдоо маселелери боюнча ой-пикирлерди ортого салуу мүмкүнчүлүгүн берүү, аталган Клубдун негизги максатынан. Отурумдун жүрүшүндө глобалдуу жана регионалдык экономикалык жана финансылык өнүктүрүү, кризистик мезгилден кийин банктык көзөмөлдүктү күчөтүү маселелери талкууга алынып, түптөлгөн өз ара мамилелерди, борбордук банктардын мындан ары регионалдык кызматташуусун өнүктүрүү маселелери кароого алынган.

*ЕврАзЭС алкагында кызматташуу*

2010-жыл ичинде ЕврАзЭС Интеграциялык комитетинин, КМШ Аткаруу комитетинин, Мамлекеттер аралык банктын, Мамлекеттер аралык валюта комитетинин жана Банктар аралык Москва валюта биржасынын алкагында иштер жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банктын өкүлдөрү эксперттердин 22-отурумуна жана ЕврАзЭСке мүчө болушкан мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин Кеңешинин 23-отурумуна катышышкан.

Жогоруда белгиленген 22-отурумдун жүрүшүндө ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин улуттук валюталарынын курсунун динамикасын, алардын өзгөрүү себептерине байланыштырып анализдөөлөрдү жүргүзүү, ушул мамлекеттердин банк ишин жөнгө салуунун укуктук аспектилери жана банк тутумунун ишине тиешелүү бир катар актуалдуу маселелер талкууланган. Улуттук банктын өкүлдөрү «ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүк жагындагы мыйзамдарын Базель комитетинин банктык көзөмөлдүк жагындагы принциптерине, Тараптардын улуттук стратегияларына жана иш пландарына ылайык келтирүү» темасында, күн тартибине коюлган маселе боюнча доклад жасашкан.

ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн банк тутумунун иши жана аны өнүктүрүү боюнча бир катар маанилүү маселелерди талкуулоо максатында Улуттук банктын жетекчилиги ЕврАзЭСке катышуучу өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешининин, жетинин айынын жыйырма тогузунда Алматы шаарында болуп өткөн 23-отурумуна катышышкан.

Жалпысынан, ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын банк жана финансы чөйрөсүнө интеграциялануу боюнча иштеринде жигердүүлүктүн артышын белгилеп кетүү зарыл. Атап айтканда, отурумдун жүрүшүндө КМШга кирген мамлекеттердин улуттук валюталарын алардын ортосундагы товар жүгүртүүнү тейлөө үчүн эсептешүү валютасы катары колдонуу маселеси боюнча чечим кабыл алынган.

*Мамлекет аралык банк менен кызматташуу*

2010-жылы Улуттук банк Мамлекет аралык банк менен кызматташуусун уланткан. Улуттук банктын жетекчилиги Мамлекет аралык банктын Кеңешинин кезектеги отурумдарына катышкан. Анда банктын мындан аркы иши, улуттук валюталарда мамлекет аралык эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча актуалдуу маселелер, ошондой эле Мамлекет аралык банкты түзүү келишиминин жана анын Уставынын жаңы редакциясы каралган.

Улуттук банк, КМШнын Мамлекет аралык валюта комитетинин мүчөсү катары отчеттук жыл ичинде республиканын банк секторунун абалын мүнөздөгөн негизги көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды утурумдук негизде сунуштап турган.

*ШОС алкагында кызматташуу*

Жетинин айынын жыйырма бешинде Улуттук банктын жетекчилиги өкмөттүк делегациянын курамында Шанхай кызматташуу уюмуна (ШОС) мүчө болушкан мамлекеттердин өкмөт башчыларынын (премьер-министрлердин) кеңешинин Душанбе шаарында өткөн отурумуна катышкан. Отурумдун күн тартибинде бул уюмга мүчө болгон мамлекеттердин кызматташуусун андан-ары тереңдетүү жана дүйнөлүк финансылык-экономикалык кризистин кесепеттерин четтетүүдө өз ара аракеттенүүнү күчөтүү маселелери камтылып, ишкердик кеңешинин жана уюмдун банктар аралык бирикмесинин, мүчө болгон мамлекеттердин ар тараптуу соода–экономикалык кызматташуу программасынын иш-чаралар планын жүзөгө ашыруудагы ролу

кароого алынган.

Банк ишинин дүйнөлүк тажрыйбасы менен таанышуу максатында Улуттук банктын өкүлдөрү Филиппин Республикасындагы «Дүйнөлүк кризистин Азия өлкөлөрүнө тийгизген таасири, алынган сабактар жана саясий көз караштар» регионалдык форумуна, Малайзияда Азия/Орто Чыгыш өкмөттүк мекемелердин жыл сайын өткөрүлүүчү «тегерек стол» маеги сыяктуу, эл аралык маанидеги бир катар конференцияларга катышышкан.

Эл аралык финансылык институттар менен кызматташууну өркүндөтүүнүн алкагында, 2010-жыл ичинде финансылык тейлөөнү кеңейтүүнүн алдыңкы саясаттары боюнча билим деңгээлди өнүктүрүү жана жайылтуу үчүн инструменттерди жана ресурстарды өз мүчөлөрүнө сунуштаган өнүккөн өлкөлөрдөгү жогорку мартабалуу адамдардын эл аралык шериктештиги болуп саналган «Финансылык мүмкүнчүлүктөр үчүн альянс» уюмуна Улуттук банктын кошулуу маселеси кароого алынган.

Отчеттук жылы Ислам өнүгүү банкы, Азия өнүгүү банкы, Вена бириккен институту сыяктуу, эл аралык финансылык уюмдар менен персоналды окутуу жагындагы мамилелер колдоого алынган. Бул уюмдар уюштурулган окутуу иш-чараларында Улуттук банктын кызматкерлери ислам каржылоо принциптерин жана банкингди жайылтуу, кризистен кийинки ишти натыйжалуу жөнгө салуу жана башка маселелер боюнча окутуудан өтүшкөн.

**5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу**

Иликтөөгө алынып жаткан жылы Улуттук банктын борбордук банктар менен кызматташуусу ар тараптуу сыяктуу эле, эки тараптуу негизде, учурда колдонулуп жана жаңы түзүлгөн келишимдердин, ошондой эле интеграциялоо органдарынын ишинин алкагында жүзөгө ашырылган. Эл аралык маанидеги иш-чаралар жүргүзүлүп, техникалык жана консультациялык жардамдардын долбоорлору ишке ашырылып, натыйжада борбордук (улуттук) банктардын кызматкерлеринин ортосунда тажрыйба алмашуу иши жөнгө салынган.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

Алсак, бирдин айынын он алтысы-он тогузунда Швейцария Улуттук банкынын Эл аралык изилдөөлөр жана техникалык кызматташуу департаментинин жетекчиси баштаган делегация Улуттук банкка иш сапары менен келип, анын жүрүшүндө техникалык жардам жана Улуттук банктын 2010-жылдагы илимий-изилдөө ишинин планы талкууланган.

Ал эми бештин айынын он алтысы - он сегизинде Шейцария Улуттук банкынын Акча жана валюта рыноктору Департаментинин начальнигинин кеңешчиси иш сапары менен келип, ал автоматташтырылган тоорук системаларын сатып алуу жана депозитарий долбоорунун чегинде, товар берүүчүлөрдүн тендердик сунуштарына баа берүү методологиясы жагында консультациялык жардамдарды көрсөтүшкөн. Улуттук банктын кызматкерлери коопсуздук жана маалыматтык коргонууну камсыз кылууну уюштуруу жана банк ишинин башка маселелери боюнча үзгүлтүксүз консультацияларды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

*Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу*

2010-жылы Улуттук банктын Дойче Бундесбанкы менен техникалык кызматташуусу улантылып, Улуттук банктын акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүргүзүү багытында иштеген адистеринин квалификациясын жогорулатуу максатында, бир катар маанилүү долбоорлор ишке ашырылган. Мындан тышкары, Дойче Бундесбанк Улуттук банктын жаңы имаратынын курулушу боюнча да сунуштарды берген.

*Польша Улуттук банкы менен кызматташуу*

Польша Улуттук банкы менен өз ара иш алып баруунун жүрүшүндө борбордук банкта коомчулук менен иш алып барууну уюштуруу жана экономикалык процесстерди болжолдоо маселелери боюнча тажрыйба алмашууга жетишилген.

*Армения борбордук банкы менен кызматташуу*

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттерди көрүү, банктык жана банктык эмес мекемелердин бул багыттагы ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу Армения борбордук банкы менен өз ара иш алып баруу маселесинен болуп, бул багыттарда тажрыйба алмашууга мүмкүндүк берилген. Улуттук банктын кызматкерлеринин

Армения Улуттук банкында алмашуу бюролорунун ишин жөнгө салуу жана терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелердин изин жашырууга каршы аракеттенүү маселелери боюнча, үчтүн айынын отузунан бирдин айынын алтысына чейин стажировкада болуусу ЭВФ/SECO долбоору тарабынан каржыланган. Анын жүрүшүндө алынган материалдар алмашуу бюролорунун ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жумушчу топтун ишинде пайдаланылган. Ал эми «Инфляциялык таргетирлөө режими учурунда монетардык саясатты иштеп чыгуу жана жүргүзүү» темасында өткөрүлгөн семинардын жүрүшүндө Улуттук банк менен Армения Республикасынын Борбордук банкынын адистеринин ортосунда монетардык саясат боюнча практикалык таж-рыйба алмашуулар ишке ашырылган.

*Литва Банкы менен кызматташуу*

2010-жылы Улуттук банктын кызматкерлеринин Литва банкында стажировкадан өтүүсү боюнча макулдашууга жетишилген. Улуттук банктын кызматкерлеринин бул иш-сапарынын жүрүшүндө борбордук банкта ички аудитти жана тобокелдик менеджментин уюштуруунун жана жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча пикир алышып, борбордук банктарда интеграцияланган тобокелдик менеджментин жайылтуу темасы каралган, алынган маалыматтар Улуттук банктагы Өнүктүрүү стратегиясынын жана Тобокелдиктерди тескөө саясатынын негизинде камтылган. Мындан тышкары, бештин айынын биринен үчүнө чейинки мезгил аралыгында Улуттук банкта Литва Банкынын тобокелдик-менеджменти боюнча бөлүмүнүн начальниги, анын жүрүшүндө интеграцияланган тобокелдик менеджменти системасын жайылтуу өбөлгөлөрү жана баскычтары, бизнес-процесстерди, тобокелдиктерге баа берүү процесстерин Европа Союзунун тобокелдиктерди тескөөгө карата талаптарына иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде Литва Банкында тобокелдиктерди тескөө маселелери талкууга алынган семинар өткөргөн.

*Марокко Борбордук банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын көзөмөл блогунун кызматкерлери техникалык жардам көрсөтүүнүн алкагында, кредиттик бюронун ишин уюштуруунун дүйнөлүк тажрыйбасын Марокко Борбордук банкынын мисалында үйрөнүүгө жетишкен. Натыйжада, алынган маалыматтар Кыргыз Республикасынын «Кредиттик таржымал бюросу жөнүндө» мыйзам долбооруна экспертизаларды жүргүзүүнүн негизинде камтылган.

*Россия Банкы менен кызматташуу*

Улуттук Банк Россия Федерациясынын Борбордук банкынын Региондар аралык окуу борборунун базасында Россия банкы менен кызматташууну уланткан, атап айтканда, банк тутумунун ишин уюштуруу, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүү, акча-кредит жана финансы статистикасын түзүү жана пайдалануу, банк секторундагы ликвиддүүлүктү тескөө, борбордук банктагы макроэкономикалык моделди түзүү, монетардык иликтөөлөрдү жүргүзүү маселелери боюнча тажрыйба алмашууларга жетишилген.

*Малайзиянын Негара Банкы менен кызматташуу*

Ислам финансы институттарынын ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик-укуктук актыларды өркүндөтүү максатында жетинин айынын бири-бешинде ислам банкингин жөнгө салуу, андагы тобокелдиктердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк, ислам каржылоо философиясы маселелери боюнча тажрыйбалардын негизинде консультацияларды өткөрүү үчүн Малайзиянын Негара Банкынын эксперттеринин иш сапары уюштурулган.

*Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен төлөм теңдеминин финансылык эсеп статистикасын жүргүзүү, төлөм теңдеминин финансылык эсебинин статистикалык маалымат базасын уюштуруу жагында кызматташуу жүзөгө ашырылган.

ЕврАзЭСке мүчө болушкан мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистерин кесиптик окутуу программасынын алкагында, Улуттук банктын Англиянын, Италиянын, Франциянын, Чехиянын, Японниянын, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук (улуттук) банктары менен кызматташуусу уланган.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

2010-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмү өзгөргөн эмес жана борбордук аппараттын 25 түзүмдүк бөлүмдөрүн, беш областтык башкармалыкты жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү камтыган.

Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштейт. Отчеттук жылдын акырына карата алты комитет, сегиз комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын жети редакциялык кеңеши, бир илимий-эксперттик кеңеш, ошондой эле төрт байкоо кеңеши иштеп турган. Комитеттердин, комиссиялардын, редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат.

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 570 адамды түзгөн, анын ичинде 497 адам – борбордук аппаратта, 73 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Алардын ичинен аял заты борбордук аппарата 296, ал эми алардын 42 областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Аял затынын саны пайыздык катышта 59 пайызды, ал эми эр адамдар 41 пайызды түзөт. Адистердин саны 422 адам. Адистердин ичинен 96,5 пайызы же 407 адам жогорку билимдүү, төртөөсү илимдин кандидаты илимий даражасына ээ.

*Сынактын негизинде тандоо*

Ишке кабыл алууда ачык-айкындуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу максатында, кызматкерлерди сынак өткөрүүнүн негизинде тандоо системасы жөнгө салынган, бул кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого өбөлгө түзөт. Бош турган кызмат орундарына сынак жарыялангандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турат.

2010-жылы 21 сынак, анын ичинен областтык башкармалыктарда сегиз сынак өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынактарга 362 адам катышкан. Өткөрүлгөн сынактардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 51 кызматкер ишке кабыл алынган.

Кадр потенциалын даярдоо максатында, өлкөдөгү Жогорку окуу жайлар менен кызматташуунун чегинде, отчеттук жылда Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүндө республиканын жогорку окуу жайларынын 48 студенти тажрыйба алышкан.

2010-жылы кадрлардын иштен бошоп кетүүсү, 2009-жылдагыга салыштырганда 11,2 пайызга төмөндөп, 11,4 пайызды түзгөн. Банктын персоналынын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша, төмөндөгү 6.1.1 жана 6.1.2.-графиктеринде келтирилген.

***6.1.1.-график***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график.***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы



## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Банк Башкармасы*** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жогорку коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат, ал акча-кредит саясатын, банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу жана "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык банк Башкармасынын компетенциясына тиешелүү башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууну кошо алганда, Улуттук банктын ишинин негизги багыттарын аныктайт. |
| ***Экономика башкармалыгы*** | Акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; реалдуу, финансылык, бюджет-салыктык жана экономиканын тышкы секторлор чөйрөсүнө иликтөө иштерин жүргүзөт. |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | Ачык рынокто ишке ашырылган операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында финансы рынокторундагы өзгөрүүлөр тенденцияларын жана алардын себептерин аныктап, баа берүүнү жана иликтөө иштерин жүргүзүп, финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат. |
| ***Финансы статистикасы жана маалымат берүү башкармалыгы*** | Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, ошондой эле реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы боюнча статистикалык маалыматтарды иштеп чыгат; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат. |
| ***Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын ишине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышына көзөмөлдүктү уюштурат жана жүргүзөт. |
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, банктык жана банктык эмес секторлорду өнүктүрүүнүн келечектүү багыттары жана банк тутумунун натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга өбөлгө түзгөн инновациялык банктык продуктулар боюнча ченемдик-методологиялык базаны түзөт; банктарды Банктык көзөмөл боюнча Базелң комитетинин принциптерине жана башка эл аралык стандарттарга ылайык лицензиялоону жүзөгө ашырат. |
| ***Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган кредиттик союздардын жана башка банктык эмес мекемелердин ишин мыйзам актыларынын жана ченемдик-укуктук актылардын талаптарына ылайык көзөмөлдөөнү уюштурат. |

| | |
|---|---|
| ***Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Экономиканын нак акчага болгон керектөөсүн камсыз кылуу менен нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруп, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чараларды жүргүзөт |
| ***Борбордук сактоо жайы*** | резервде турган банкноттордун, монеталардын жана башка баалуулуктардын сакталып турушун камсыз кылат, Улуттук банктын мекемелеринин ортосунда баалуулуктарды жеткирүүнү, нак акчаларды иргөөнү жана эскилиги жеткендерин жок кылууну ишке ашырат. |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишин камсыз кылат, финансы рынокторунда операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырат. |
| ***Маалымат системалары башкармалыгы*** | Улуттук банктын маалыматтарды автоматташтырылган негизде иштеп чыгууга керектөөсүн заманбап маалымат технологияларынын негизинде камсыз кылат. |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | төлөм системасынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат |
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын операцияларынын эсебин жүргүзөт жана финансылык отчетун түзөт; банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгат, опеарциялык иштерге ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы*** | кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, кызматкерлерди окутууну, квалификациясын жогорулатууну уюштурат жана кызматкерлерди мотивациялоо инструменттерин иштеп чыгат жана колдонууга киргизет. |
| ***Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы*** | Улуттук банкта ишти пландаштыруу процессин жана бюджет түзүү процессин уюштуруп, банктын финансылык ресурстарынын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат |
| ***Жалпы бөлүм*** | Улуттук банкта, алардын архивин түзүү жана аткарылышына контролдукту жүргүзүүнү кошо алганда, документтердин айлануу системасынын натыйжалуулугун жана ченемдик базанын мамлекеттик тилге которулушун камсыз кылат. |
| ***Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү*** | Улуттук банктын иш максаттары, милдеттери жана жетишкен натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымат берет; тышкы уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен кызматташууну уюштурат. Протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларынын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн камсыз кылат. |
| ***Ички аудит бөлүмү*** | ички контролдук системасына текшерүүнү жана ага баа берүүнү жүзөгө ашырып, аны жакшыртуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат; тышкы аудит жана Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып барууну камсыз кылат. |

| | |
|---|---|
| ***Юридикалык бөлүм*** | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну жүзөгө ашырат. |
| ***Банктык маалымат системаларын колдонууга киргизүү бөлүмү*** | учур талабына жооп берген маалымат технологияларын пайдалануу менен банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууну камсыз кылат. |
| ***Капиталдык курулуш бөлүмү*** | курулуш-монтаждоо иштерин уюштурат жана жүргүзөт. |
| ***Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Улуттук банк тышкы рыноктордо операцияларын жүзөгө ашыруу учурунда, аларга баа берүүнүн ыкмаларын колдонууга киргизүү аркылуу финансылык тобокелдиктерди тескөөнү жүзөгө ашырат, банкта тобокелдиктерди тескөө стратегиясы жана саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгып, бөлүмдөрдүн тобокелдиктерди тескөө боюнча ишин координациялайт. |
| ***Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү*** | эл аралык финансы уюмдардын жана донор өлкөлөрдүн Улуттук банк тарабынан же анын катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорду иштеп чыгат жана ишке ашырат, ошондой эле Улуттук банктагы колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык, сатып алуулардын борборлоштурулган системасын уюштурат. |
| ***Банк Башкармасынын катчылыгы*** | Улуттук банк Башкармасынын ишин жана анын токтомдорунун жана чечимдеринин аткарылышына контролдукту камсыз кылууну ишке ашырат. |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын иш коопсуздугун камсыз кылат. |
| ***Чарба башкармалыгы*** | Улуттук банктын энергожабдууларынын, инженердик түйүндөрүнүн жана жабдууларынын тиешелүү абалда иштөөсүн камсыз кылат; материалдык-техникалык жактан жабдууну, транспорт менен камсыз кылууну, имараттарды жана курулуштарды тейлөөнү ишке ашырат. |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | коммерциялык банктарды жана алардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; чегерилген ыйгарым укуктардын чегинде, банктар жана банктык эмес финансы-кредит мекемелер тарабынан банктык мыйзам талаптарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү боюнча иш-чараларды аткарат. |

# 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдагы иши

*Жалпы маалыматтар*

Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын негизги иш багыттарын бекитет. Банк башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарма мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан шайланат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын кароого алат жана аныктайт, банктык көзөмөл, төлөм системаларын өнүктүрүү маселелерин чечет, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, бул орган акыркы инстанция кредиттерин сунуштоо, банк лицензияларын берүү, алардын аракетин токтотуу, банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине карата чараларды жана санкцияларды колдонууну кошо алганда, анын компетенциясына чегерилген башка маселелерди да карайт.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландарга ылайык жүргүзүлгөн. Өлкөдө түптөлгөн жагдайларга байланыштуу Улуттук банк Башкармасы планда каралбаган отурумдарды да өткөргөн. Баардыгы болуп 96 отурум өткөрүлүп, 646 маселе кароого алынып, алар боюнча 368 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты маселелерин кароого алуу*

2010-жылы Банк Башкармасы тарабынан акча-кредит саясаты жөнүндө отчет-тор жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программалар чейректик негизде карооо алынган. Отчеттордо акча-кредит саясатынын жыйынтыктары, экономиканын өнүгүү натыйжаларына жүргүзүлгөн иликтөөлөр, акча-кредит саясатын жүргүзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр камтылуу менен ал, Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн ачык рынокто операцияларды жүргүзүү боюнча оперативдүү чечимдерди кабыл алууда багыт берүүчү катары кызмат кылган.

Акча-кредит саясатынын инструменттеринин ченемдик базасын өркүндөтүүнүн алкагында, Банк Башкармасы «Милдеттүү камдар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясын жактырган. Ошондой эле, экономиканын өсүшүнө дем берүү жана коммерциялык банктардын кредиттик потенциалын жогорулатуу максатында, алардын милдеттүү камдарынын өлчөмүн 8,0 пайызга чейин төмөндөтүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетко ылайык келтирүү максатында, коммерциялык банктардын милдеттүү камдарын эсептөө үчүн милдеттенмелердин тизмесине толуктоолор киргизилген.

Улуттук банк Башкармасы 2010-жылдын акырында «Акча-кредит саясатынын 2011 – 2013-жылдарга негизги багыттарын» жактырган, анда акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган максаттары аныкталган. Документти иштеп чыгуу учурунда дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордогу тенденциялар, тышкы жана ички факторлор жана мүмкүн болуучу тобокелдиктер, Экономикалык тескөө министрлигинин жана Финансы министрлигинин реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы сектору боюнча орто мөөнөттүк болжолдоолору эске алынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын Биргелешкен билдирүүсүн даярдоо үчүн Банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын 2011-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсү жактырылган, анда Улуттук банктын мыйзам актыларында белгиленген негизги милдеттерин чечүү үчүн, 2011-жылдагы иштин негизги маселелери чагылдырылган. Улуттук банктын

Билдирүүсү акча-кредит чөйрөсүнүн абалына иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн, реалдуу, бюджет-салыктык жана тышкы экономикалык секторлордун өнүгүүсүнүн алдын-ала болжолдоолорунун негизинде иштелип чыккан.

Республиканын экономикасына алгылыксыз жагдайлардын таасирин алдын-алуу боюнча иш-чараларды аткаруунун алкагында, Банк Башкармасынын маалыматтык отурумдарында дүйнөлүк, ички финансылык жана товардык рыноктордогу жагдайлар боюнча аналитикалык баяндамалар ай сайын каралып турган.

Улуттук банктын «бир күндүк» жана «овернайт» кредиттери боюнча күрөөгө сунушталган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүн кеңейтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен күрөөлүк камсыздоолорго карата талаптарга өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо катары Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу, Кыргыз Республикасынын мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздары эч кандай чектөөлөрсүз (МКВ, МКО жана Улуттук банктын ноталары) кабыл алынат. Буга чейин, күрөөлүк камсыздоо катары, кредит берилген күндөн тартып он эки айга чейинки төлөө мөөнөтү менен мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынып келинген.

2010-жылдын бугу айында экономикалык өсүшкө түрткү берүү үчүн финансы секторун колдоого алуу максатында Банк Башкармасы, микрофинансылык уюмдардын максаттары үчүн коммерциялык банктар менен улуттук валютадагы акча каражаттарын АКШ долларындагы каражаттарга алмашуу боюнча валюталык своп-операцияларын убактылуу жүргүзүүгө уруксат берген.

Милдеттүү камдык талаптарды жөнгө салуу жагында ченемдик базаны өркүндөтүүнүн алкагында, 2010-жылдын акырында Банк Башкармасы «Улуттук банктын чет өлкө валютасындагы депозиттик операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону жактырган. Ошондой эле, мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздар рыногун андан ары өнүктүрүү максатында, мамлекеттик баалуу кагаздардын аталыштарын өнчөйлөштүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу иши улантылган. Алсак, отчеттук жылдын үчүнчү чейрегинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын «Мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздарга каттоо номерин ыйгаруу жана Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздардын реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» биргелешкен токтому кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык, Улуттук банк камдык активдердин ликвиддүүлүгү жана коопсуздугу принциптерине таянуу менен эл аралык камдарды тескөөнү жүзөгө ашырат. Банк Башкармасы белгиленген принциптерди ишке ашыруу максатында, инвестициялык стратегияны, инвестициялык портфелдин түзүмүн, тобокелдик/кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн катышын аныктайт, ошондой эле тиешелүү ченемдик документтерди бекитет.

Финансылык тобокелдиктерге баа берүүнүн жана аларды минимизациялоо ыкмаларын өнүктүрүүнүн алкагында, Банк Башкармасы инструменттердин топтомун, алардын максималдуу мөөнөттүүлүгүн жана салымдык үлүшүн аныктаган инвестициялык активдердин эталондук портфелин жыл сайын кароого алат жана бекитет.

Эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугуна баа берүү үчүн Банк Башкармасы эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту жыл сайын кароого алат жана бекитет, алсак, 2010-жылдын биринчи чейрегинде эл аралык камдарды тескөө боюнча 2009-жыл үчүн отчет кароого алынган.

Жалпысынан 2010-жылы, акча-кредит саясатынын маселелерине тиешелүү 23 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелерин карооо алуу*

Банк Башкармасы республиканын банк тутумунун ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу маселелерине көбүрөөк көңүл буруп, коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүктү жана жөнгө салууну жүзөгө ашыруу маселелери карооого алынган. Отчеттук жылдын чын куран айындагы саясий окуялардан кийин, банк тутумунун ишинин туруктуулугун, банктардын аманатчыларынын жана башка кредиторлордун таламында активдердин сакталышын камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурулуп, банк ишине карата ишенимди бекемдөө боюнча чаралар көрүлгөн. Мындан тышкары, 2010-жыл ичинде коммерциялык банктар тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө маалыматтар чейректик негизде каралып турган.

Карооого алынып жаткан жыл ичинде банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоо жана айрым коммерциялык банктарда орун алган жагдайлардын курчуп кетишине жол бербөө үчүн таасир этүү чаралары көрүлгөн. Атап айтканда, «АзияУниверсалБанк» ААКсына, ИБ «Ысык-Көл» ААКсына, «КыргызКредитБанк» ААКсына, «Манас Банк» ЖАКка, ИАКБ «Акылинвестбанк» ААКсына убактылуу жетекчилик режимин киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Кийинчерээк, «АзияУниверсалБанк» ААКсына консервация режими киргизилип, ал банкрот деп таанылгандан кийин ага карата жаңы банк түзүү аркылуу, реструктуризациялоо ыкмасында атайын администрлөө жол-жобосу колдонулган. Бул банкты реструктуризациялоонун натыйжасында, «Залкар Банк» ААКсы түзүлгөн. Ошондой эле, ИБ «Ысык-Көл» ААКсына да консервация режими киргизилген.

Мындан тышкары, жыл ичинде «Айыл Банк» ААКсынын ишиндеги бир катар чектөөлөр алынып салынган.

Коммерциялык банктар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган нормаларды белгилөө, ошондой эле таасирдүү көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу максатында, Банк Башкармасы тарабынан «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Кыргыз Республикасында фондулук рыноктун иш жигерин арттыруу концепциясынын чегинде, ошондой эле реструктуризацияланган кредиттер боюнча РППУну түзүү талаптарын жеңилдетүү максатында, «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Консолидацияланган көзөмөлдүк системасын өркүндөтүү үчүн «Консолидацияланган көзөмөлдүк жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынып, республиканын коммерциялык банктарынын туунду же караштуу компанияларды түзүү жана/же сатып алуу эрежелерине, ошондой эле «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр бекитилген.

Республикада, ислам банк ишин илгерилетүү үчүн шарттарды түзүүнү караган мыйзам актыларынын талаптарын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын 2009-жылдагы редакциясына ылайык келтирүүнүн алкагында, Банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын финансылык отчеттуулугуна карата талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган.

Жер кодексине жана «Айыл-чарба багытындагы жерди тескөөгө алуу жөнүндө», «Күрөө жөнүндө» мыйзамдарга карата кабыл алынган түзөтүүлөргө ылайык, Банк Башкармасы, Убактылуу Өкмөт менен Улуттук банктын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2002-жылдын аяк оона айынын төртүндөгү №605 «Айыл-чарба багытындагы жер үлүштөрүн ипотекалык кредиттөө боюнча убактылуу талаптарды бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоорун жактырган.

Банктардын кардарларынын укуктарын коргоо, ошол укуктардын банктар тарабынан так сакталышын камсыз кылуу жана коммерциялык банктардын кызматкерлеринин иш абалынан кыянаттык менен пайдалануусуна бөгөт коюу максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» (ПФТ/ОД) мыйзамына ылайык келтирүүнүн алкагында, «Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, Кыргыз Республикасындагы алмашуу бюролорунда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо бекитилген. Ошондой эле, банктын ПФТ/ОД жагындагы ишин натыйжалуу уюштуруу жана ПФТ/ОД максаттарында ички контролдуктун таасирин күчөтүү жагында бул багытта иш алып барган кызмат адамынын, Директорлор кеңешинин жана Банк Башкармасынын жоопкерчилигин жогорулатуу максатында, «Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, коммерциялык банктарда ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Мындан тышкары, Жарандык кодекске жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» жана «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө” мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык келтирүү зарылчылыгынан улам, Депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

2010-жылдын кулжа айында Ош, Жалал-Абад областтарында жана Ош шаарында болуп өткөн массалык баш аламандыктын кесепетинен жапа чеккен жарандарга мамлекеттик даректүү материалдык жардам көрсөтүү процессин тездетүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын жаранынын ким экендигин тастыктаган күбөлүктү пайдалануу жөнүндө» токтом кабыл алынган.

«Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзам ченемдерин сактоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин ишин камсыз кылуу максатында, Банк Башкармасы тарабынан Депозиттерди коргоо агенттигинин Директорлор кеңешинин мүчөлөрү дайындалган. Мындан тышкары, Банк Башкармасы тарабынан аманатчыларга компенсациялык төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн банк-агентке карата талаптар кабыл алынган. Документ, гарантиялык учур келип жеткен шартта, аманатчыларга компенсациялык төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн банк-агентти тандоого карата кошумча критерийлерди белгилейт жана бул талаптар бардык катышуучу банктарга да таркатылат.

Банктык көзөмөлдүк инструменттерин өркүндөтүүнүн алкагында, «Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчет жөнүндө» жобого, банкты тейлөөгө

алган брокерлер, дилерлер, депозитарийлер жөнүндө маалыматтардын берилиши жагында толуктоолор бекитилген.

Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына, коммерциялык банктар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартибине жана, Улуттук банктан лицензия алышкан банктарга жана айрым башка финансы-кредит мекемелерине карата колдонулуучу таасир этүү чараларына тиешелүү толуктоолор кабыл алынган. Бул толуктоолор атайы режим чарасы киргизилген банктардын жана Улуттук банктын убактылуу жетекчиликти жана консервация чарасын ишке ашырышып жаткан кызматкерлерин коргоого алууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКты жоюу жөнүндө» Декретине ылайык, Банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү фондусу» ЖАК жөнүндө чечими менен анын айрым банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиясы кайтарылып алынган.

Финансы-кредит мекемелеринин БРАФтын каражаттарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн арттыруу максатында, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсынын ишин жөнгө салуу эрежелерине, БРАФтын кредиттик каражаттары боюнча банктын максималдуу чогуу алгандагы карызынын, ушул кредиттик мекеменин таза суммардык капиталына карата катышы боюнча эсептелинген чектүү өлчөмүн 10 пайыздан 20 пайызга чейин көбөйтүүгө, бир карыз алуучуга тобокелдиктин максималдууу өлчөмү нормативинен банктар тарабынан берилген, Өкмөт жана Улуттук банк тарабынан эмитирленген мамлекеттик баалуу кагаздар жана\же коммерциялык банктын Улуттук банктагы өзүнчө депозиттик эсебинде турган акча каражаттары менен камсыз кылынган кредиттерди, ошондой эле БРАФ менен коммерциялык банк ортосунда ишке ашырылган репо-операцияларын алып салууга багытталган.

Микрофинансылык компаниялардын баштапкы ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн анын милдеттенмелеринин белгилүү бир бөлүгүн милдеттүү түрдө резервге коюу максатында, «Аманаттарды тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялардын милдеттүү камдык талаптары жөнүндө» жобо бекитилген.

Кредиттик союздарды андан-ары өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралардын алкагында, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерине» өзгөртүүлөр кабыл алынган, анда кредиттик союздар үчүн сырттан карыз алуулар нормативинин аракети алынып салынган. Мында Кредиттик союз 12 пайыз өлчөмүндөгү институционалдык капиталдын жана 18 пайыз өлчөмүндөгү суммардык капиталдын шайкештигинин өлчөмүнө карата талаптарды аткарууга тийиш. Мындан тышкары, берилип жаткан кредиттик каражаттардын көлөмүн көбөйтүү жана өсүп жаткан суроо-талапты канааттандыруу максатында, «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын (Финансы компаниясы) бир карыз алуучуга тобокелдиктин максималдуу өлчөмүнүн нормативи 20 пайыздан 25 пайызга чейин көбөйтүлгөн.

Микрофинансылык компаниялардын ишин либералдаштыруу максатында, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен өлкөнүн аймагындагы Микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр бекитилген.

Уюштуруучуларга (акционерлерге) жана кызмат адамдарына тиешелүү маалыматтарды топтоо, иликтөө жана алардын аныктыгын текшерүүдө тобокелдиктерди минимизациялоо, ошондой эле микрофинансылык компаниялардын уставдык капиталына салынган каражаттардын мыйзамдуу иштелип табылгандыгын текшерүү мүмкүнчүлүгү үчүн «Кыргыз Республикасынын аймагындагы

микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» колдонуудагы жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын өнүктүрүүнү караган иш-чаралардын алкагында, компанияны кредиттик союздарга өткөрүп берүү Иш-аракеттер планын талкуулоо боюнча «тегерек стол» маегин өткөрүү чарасы жактырылган.

Бүтүндөй алганда, отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана башка ФКМдердин ишине тиешелүү маселелер боюнча 112 токтом, ошондой эле алардын ишин жөнгө салган ченемдик базаларга тиешелүү 27 токтом кабыл алынган. Булар, жаңы кабыл алынган ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр болуп саналат.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароого алуу*

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 3-статьясына ылайык, төлөм системасы чөйрөсүндө функцияларды аткаруу, төлөм системасынын ишинин натыйжалуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылууга багытталган. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө жана практикалык ишине тиешелүү саясатты иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы өлкөнүн төлөм системасынын ишин жөнгө салуу боюнча иштерди жүргүзгөн. 2010-жыл ичинде төлөм системасын андан-ары өнүктүрүүгө, тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, колдонулган төлөм инструменттердин чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган 12 токтом кабыл алынган.

Отчеттук жылы Банк Башкармасы тарабынан: «Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата негизги талаптар жөнүндө» жобо, «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча Усулдук көрсөтмөгө өзгөртүүлөр» бекитилген.

Мындан тышкары, Банк Башкармасы чейректик негизде төлөм системасынын абалы жөнүндө отчетторду кароого алып турган.

*Башка маселелер*

Мындан тышкары, Улуттук банктын ишин уюштурууга байланыштуу жалпы маселелер да каралган. Банктын ченемдик базалары маселеси боюнча 43 токтом, башка маселелер боюнча 130 токтом кабыл алынган. 278 маселе Банк Башкармасынын отурумдарында маалыматтык билдирүү ирээтинде кароого алынган.

### 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

*Кабыл алынган түзөтүүлөр*

2010-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банк тутумунун ишин жөнгө салган мыйзамдык базаларды өркүндөтүү жана өнүктүрүү иштерин жүргүзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банк мыйзамдарына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген:

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга Улуттук банк Башкармасынын сандык курамын тогуз адамдан жети адамга чейин азайтуу, ошондой эле Улуттук банктын капиталын түзүүгө байланыштуу өзгөртүүлөр киргизилген.
- «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга Депозиттерди коргоо агенттигине каражаттарды инвестициялоо объекттерин аныктоосуна тиешелүү, ошондой эле Агенттиктин ар бир финансы жылына операциялык чыгашаларынын жана башка сарптоолорунун ордунун жабылышынын тартиби жөнүндө өзгөртүүлөр киргизилген.

*Сунушталган түзөтүүлөр*

Кыргыз Республикасында банктык мыйзамдарды андан-ары өркүндөтүү максатында, Улуттук банк тарабынан 2010-жылы беш мыйзам долбоору иштелип чыккан, атап айтканда:

- Кыргыз Республикасынын “Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу. Бул мыйзам долбоору 2009-жылдын теке айынын жыйырма төртүндө кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын «Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө» жана «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» кабыл алынган мыйзамга ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан;
- Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө”, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө. Бул мыйзам долбоору аталган мыйзамдарды 2010-жылдын кулжа айынын жыйырма жетисинде референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан;
- Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттердин валюта саясаттарынын негизин түзгөн принциптер жөнүндө 2009-жылдын бештин айынын он биринде Санк-Петербург шаарында кол коюлган келишимди ратификациялоо тууралуу. Келишим ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттер тарабынан жүргүзүлгөн валюта саясаттарынын принциптерин аныктайт жана капиталдын жылышы боюнча валюталык чектөөлөрдүн бара-бара алынып салынышын карайт;
- Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү банкы жөнүндө. Бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын экономикасынын приоритеттүү жана стратегиялык тармактарын өнүктүрүүгө жана дем берүүгө багытталган, улуттук, мамлекеттик жана ири жеке долбоорлорду ишке ашыруучу Кыргыз Республикасын Өнүктүрүү банкынын ишинин укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт;
- Эл аралык валюта фондусунун Резолюцияларды Тескөөчүлөр Кеңеши тарабынан 2008-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде №63-2 «Эл аралык валюта фондусунда добуш берүүнү жана ага катышууну күчөтүү боюнча түзөтүүлөрдүн» жана 2008-жылдын бугу айынын бешинде №63-3 «Эл аралык валюта фондусунун инвестициялык ыйгарым укуктарын кеңейтүү жөнүндө түзөтүүлөрдүн» кабыл алынгандыгына байланыштуу, Эл аралык валюта фондусунун Келишимдер Статьясына карата түзөтүүлөрдү ратификациялоо жөнүндө;

Улуттук банктын өкүлдөрү ведомстволор аралык 10 жумушчу топтун, төмөнкү маселелер боюнча ишине катышышкан:

- күрөөгө коюлган мүлктөн өндүрүүнү жүргүзүүнүн жеңилдетилген жол-жоболорун киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын инвестициялык мыйзам актылары;
- күрөөгө коюлган мүлктү алып коюнун финансы-кредит уюмдары үчүн жеңилдетилген жол-жоболорун киргизүү концепциясын ишке ашырууга байланыштуу жетишкендиктерди өлчөө, өзгөртүүлөрдү чагылдыруу үчүн индикаторлор системасын иштеп чыгуу;
- проблемалуу кредиттерди кайра каржылоо фонду;
- кредиттик союздар жана Финансы компаниясы үчүн ченемдерге тиешелүү маселелерди кароого алуу;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жаңы концепциясын иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна кирүү мүмкүнчүлүгү жана башка маселелер жөнүндө маселени иликтөө;

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2010-жылы Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Алсак, өткөн жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан 360тан ашык токтом кабыл алынган, анын ичинен банк ишин жөнгө салууга багытталган төмөнкүдөй ченемдик укуктук актыларды белгилей кетүү зарыл:

- 2010-жылдын үчтүн айынын отузундагы №1/1 «Аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын милдеттүү камдык талаптары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;
- 2010-жылдын бирдин айынын жыйырма төртүндөгү №3/6 «Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын жалган куран айынын экисиндеги №5/7 «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;
- 2010-жылдын бирдин айынын жыйырма төртүндөгү №3/9 Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын үчтүн айынын он тогузундагы №4/4 «Депозиттер менен иш алып баруу жөнүндө убактылуу нускоо тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;
- 2010-жылдын жалган куран айынын он экисиндеги №6/2 «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардын финансылык отчетту түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;
- 2010-жылдын бугу айынын он тогузундагы №34/2 «Милдеттүү камдардын өлчөмү жөнүндө»;
- 2010-жылдын бугу айынын жыйырма алтысындагы №36/7 «Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата негизги талаптар жөнүндө» жобо тууралуу;
- 2010-жылдын кулжа айынын он алтысындагы №49/4 «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрокредиттик компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;
- 2010-жылдын кулжа айынын отузундагы №52/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган, мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо эрежелери жөнүндө»;
- 2010-жылдын кулжа айынын отузундагы №52/3 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» жана башкалар.

2010-жылдын чын куран айында Кыргыз Республикасында болуп өткөн окуяларга байланыштуу, өлкөнүн банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу, банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламында активдерди сактап калуу, банктардын кооптуу жана алгылыксыз иш алып баруусуна бөгөт коюу максатында, Улуттук банк, эскертүү чараларын колдонуп жана бир катар ченемдик-укуктук актыларды кабыл алган. Алсак, Улуттук банк Башкармасынын токтомдору менен банк мыйзамдарына ылайык «АзияУниверсалБанк» ААКсына, ИБ «Ысык-Көл» ААКсына, «КыргызКредитБанк» ААКсына, «Манас Банк» ЖАКка, ИАКБ «Акылинвестбанк» ААКсына, «Дос-Кредобанк» ААКсына, «Банк-Бакай» ААКсына убактылуу жетекчилик чарасы киргизилген. Ошондой эле, Улуттук банк тарабынан төмөнкүлөр кабыл алынган:

- 2010-жылдын кулжа айынын отузундагы №52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобо;

- 2010-жылдын тогуздун айынын он үчүндөгү №79/4 «Аманатчыларга компенсациялык төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн банк-агенттерге карата талаптар»;
- Улуттук Банк Башкармасынын 2006-жылдын жалган куран айынын экисиндеги №5/7 «Банктардын ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу” токтомго өзгөртүүлөр жана толуктоолор»;
- Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын бештин айынын жыйырма тогузундагы «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү туралуу» токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор;
- «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында, коммерциялык банктарда ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы жана башкалар.

Улуттук банк, мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жүргүзүлгөн жана республиканын банк жана финансы системасынын ишине тиешелүү мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу иш планынын айрым пункттарынын аткарылышына катышуу боюнча иштерди жүргүзгөн.

*Мыйзам актыларына экспертиза жүргүзүү*

30дан ашык мыйзам долбоорлоруна, тактап айтканда төмөнкүлөргө экспертиза жүргүзүлгөн:

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик реструктуризацияланган займдын облигациялары боюнча карызы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик башка баалуу кагаздарына кайра таризделиши мүмкүн экендигин караган, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банк алдындагы карызын реструктуризациялоо жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы аудитордук иш жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын бештин айынын он жетисиндеги №660-XII мыйзамынын 32-статьясын чечмелөө жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2005-жылдын үчтүн айынын үчүндөгү №3 Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору»;
- “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Конституциялык мыйзам долбоорунун жаңы редакциясы»;
- «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана айрымдарын күчүн жоготкон катары таануу жөнүндө» мыйзам долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Турак-жай кодексинин жана «Кыргыз Республикасынын Турак-жай кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору»;
- «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Көп квартиралуу үйлөрдөгү турак–жай жана турак-жай болбогон жайлардын менчик ээлеринин шериктештиги жөнүндө», “КР жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын Жер кодексине өзгөртүүлөрдү жана

толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору»,
- «Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон өткөртүү жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы эркин экономикалык аймактар жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору»;
- «Кыргыз Республикасынын «Банкроттук кудуретсиздик жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- "Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө" мыйзам долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Лицензиялар жана уруксат берүүлөр жөнүндө» мыйзам долбоору;
- «Азия Өнүгүү банкы менен каржылоо жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралуу» мыйзам долбоору жана башкалар.

2010-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 60тан ашык токтомдоруна экспертиза жүргүзүлгөн жана сунуштар даярдалган.

### 6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу

Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык кеңешчисинин милдетин аткаруусунун чегинде, 2010-жылы төмөнкү иштерди аткарган:

– акча кредит саясатынын ишке ашырылышы, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө дайыма маалымат берип турган;

– финансы рыногунда түптөлгөн жагдай жөнүндө аналитикалык маалыматтарды сунуштаган;

– мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финансы жана банк системасынын ишине же болбосо Улуттук банктын ыйгарым укуктарына тиешелүү чечимдерге экспертиза жүргүзгөн.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу*

2010-жыл ичинде Улуттук банк, төмөнкү мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан:

- Кыргыз Республикасындагы инвестициялык жагдайды жакшыртуу программасын;
- Убактылуу Өкмөттүн бизнес-чөйрөсүнүн ишкердик жигердүүлүгүн калыбына келтирүү жана андан-ары чыңдоо программасын;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дүйнөлүк финансылык кризистин Кыргыз Республикасынын экономикасына тийгизген таасирлерин четтетүү жана экономикалык өсүш арымды сактоо боюнча иш-аракеттер планын;
- Өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагдайды 2011-жылга чейин турукташтыруу боюнча биринчи кезекте бүткөрүлүүчү чаралар планын;
- Инфляцияны ооздуктоо боюнча программанын долбоору;
- Өлкөнү 2011-2013-жылдарга өнүктүрүү стратегиясы жана башкалар;

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекет аралык уюмдарга катышуусунун алкагында, Улуттук банк тарабынан 2010-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын финансы жана банк тутумуна тиешелүү төмөнкү эл аралык макулдашууларга жана келишимдерге экспертиза жүргүзүлгөн:

- Эл аралык валюта фондусунун Кыргыз Республикасындагы туруктуу өкүлчүлүгүнүн статусу боюнча эки тараптуу келишим долбоору;
- Эл аралык валюта фондусунун техникалык жардам боюнча Аймактык борбор ачуу боюнча долбоору;
- Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттердин ортосунда кредит таржымалынын курамына кирген маалыматтар менен алмашуу боюнча өз ара иш алып баруу келишим долбоору;
- Эл аралык валюта фондусу менен биргелешкен ESF программасынын алкагында 2010-жылга экономикалык жана финансылык саясат боюнча меморандумдун долбоору;
- 1993–жылдын бештин айынын жыйырма төртүндөгү «Мамлекеттик алымдын өлчөмү жана ар кайсы мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ортосунда келип чыккан чарбалык талаш-тартыштарды кароо учурунда анын төлөнүшүнүн тартиби жөнүндө» келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу протокол;
- Кыргыз Республикасы менен Белорусь Республикасынын ортосундагы «Мамлекеттик алымдын өлчөмү жана ар кайсы мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ортосунда келип чыккан чарбалык талаш-тартыштарды кароо учурунда аны кармап калуу тартиби жөнүндө» келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» протоколдун долбоору;
- Мамлекеттик алымдын өлчөмү жана ар кайсы мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ортосунда келип чыккан чарбалык талаш-тартыштарды кароо учурунда аны төлөнүшү тартиби жөнүндө келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» протоколдун долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Иран Ислам республикасынын Борбордук банкынын ортосунда түзүлгөн келишимдин долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Россия Федерациясынын Борбордук банкы ортосунда түзүлгөн «Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттердин интеграцияланган валюта рыногунун катышуучуларын маалымат менен камсыз кылуу жөнүндө» келишим;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Европа инвестициялык банкынын ортосунда түзүлгөн «Европа инвестициялык банкынын Кыргыз Республикасынын аймагындагы иши жөнүндө» алкактык келишим»;
- «Тараптардын акча-кредит жана валюта саясатын жүргүзүү принциптерин жана механизмдерин айкалыштыруу жөнүндө» келишим;
- «Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине катышуучу өлкөлөрдүн коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча кызматташуусу жөнүндө» келишим долбоору;
- Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттердин камсыздандыруу мыйзамдарын Камсыздандыруу көзөмөлдүктүн Эл аралык ассоциациясы тарабынан кабыл алынган анын негизги принциптерине ылайык, айкалыштыруу жөнүндө келишим долбоору;
- Евразия экономикалык шериктештигинде агроөнөржай комплекстеринде пайдаланылуучу айыл-чарба техникаларынын, машиналардын, механизмдердин, жабдуулардын жана транспорт каражаттарынын эл аралык лизингин өнүктүрүү жөнүндө келишим долбоору;
- Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттердин бажы кызматтары боюнча келишимдин жана протоколдун долбоорлору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын ортосундагы Базалык келишимдин долбоору;

- Кыргыз Республикасы менен Греция Республикасынын ортосунда түзүлгөн экономикалык кызматташтык жөнүндө келишимдин долбоору.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансы агенти катары Улуттук банк, Өкмөттүн эсептерин тейлөөнү уланткан. 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банкта Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын 51 эсеби тейленген, алардын ичинде: 31 эсеп – улуттук валютада жана 20 эсеп – чет өлкө валютасында (15 – USD; 2 – EUR; 1 – CAD; 1 – GBP; 1 – RUB). Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө чет өлкө валютасында беш эсеп жана улуттук валютада төрт эсеп ачылган. Ошол эле учурда, АКШ долларындагы үч эсеп жана улуттук валютадагы бир эсеп жабылган.

### 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык, Улуттук банктын ички аудити ички аудит бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылат. Ички аудиттин эл аралык стандарттары жана ички аудит жүргүзүүнүн кесипкөй тажрыйбасы боюнча стандарттар, Улуттук банктын ички аудит боюнча ишинин методологиялык негизинен болгон.

*Укуктук негиз*

2010-жылы аудитордук жана ревизиялык текшерүүлөр борбордук банктын ишине тиешелүү операциялык тобокелдик картасынын негизинде түзүлгөн, 2009-2011-жылдарга узак мөөнөткө каралган планга ылайык жүзөгө ашырылган. Ички аудиторлордун жана ревизорлордун текшерүүлөрүнүн жыйынтыгы боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана туунду уюмдардын ишин оптималдаштырууга, алардын тобокелдиктерин минималдаштырууга жана ички контролдук системасын өркүндөтүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Жүргүзүлгөн ички аудиттин жана ревизиялардын натыйжасында, бөлүмдөрдүн ишинин аларга жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга шайкеш келүүсү, аныкталган кемчиликтер жана иштин проблемалуу участкалары жөнүндө көз карандысыз маалыматтын Улуттук банктын жетекчилигине берилип турушу камсыз кылынган. Бөлүм, 2010-жылы алгачкы долбоор катары, Улуттук банктын айрым түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине операциялык иликтөөлөрдү жүргүзүүгө катышкан.

*Ишти жүзөгө ашыруу*

Ички аудит бөлүмү Улуттук банктын тышкы аудиторлору менен өз ара иш алып барууну координациялаган. Улуттук банктын 2010-жыл үчүн көз карандысыз аудити «Грант Торнтон» ЖАК аудитордук уюму тарабынан жүргүзүлгөн. Тышкы аудиттин жыйынтыгы боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү аткаруу иш-чаралар планы түзүлүп, андан-ары түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан алардын аткарылышы максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген.

Улуттук банкта ички контролдук системасын уюштуруу Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан сунушталган, Ички Контролдук Системасына баа берүү принциптерине ылайык келип, коюлган максаттарга жетүүгө жана белгиленген эрежелерди сактоого багытталган үзгүлтүксүз процессти түшүндүрөт. Ички контролдук боюнча саясаттын талаптарына ылайык Улуттук банктын ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна жалпы баа берүү, ички контролдук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган, ички аудит кызматы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жыл жыйынтыгы боюнча ички аудиттин натыйжалары, Улуттук банктын бардык олуттуу аспектилери боюнча иши Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келет, деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Ички контролдук системасы орун алган тобокелдиктерге шайкештикти камсыз кылуу үчүн дайыма өркүндөтүлүп турат.

Улуттук банктын ишине байланышпаган көз карандысыз 2 эксперттен жана Улуттук банк Башкармасынын 1 мүчөсүнөн, турган Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш алып баруунун алкагында, 4 отурум өткөрүлүп, жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык алардын компетенциясына

*Аудит боюнча комитет менен өз ара иш алып баруу*

чегерилген маселелер каралып, чечимдер кабыл алынган. Аудит боюнча комитет тарабынан Улуттук банктын тышкы, ички аудит ишине жана ички контролдук системасынын ишине баа берүү боюнча анализдөөлөр жүргүзүлгөн жана тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр берилип, алар түзүмдүк бөлүмдөр аткарган иш-чаралар планында чагылдырылган.

*Тажрыйба алмашуу максатында кызматтаттащуу*

Ички аудитти уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасына таянуу менен иш алып баруу максатында, ЕврАзЭСке катышкан өлкөлөрдүн борбордук банктарынын окуу борборлорунда өткөрүлгөн окутуу семинарларынын алкагында, мына ошол борбордук банктардын ички аудит кызматтары менен кызматташуу иши туруктуу негизде улантылып келген.

### 6.6. Коомчулукка маалымат берүү

*Коомчулукка маалымат берүү инструменттери*

Коомчулукка маалымат берүү 2010-жылы расмий басылмаларды чыгаруу, банк иши тууралуу маалымат алуунун бирден-бир маанилүү булагы болуп саналган Улуттук банктын расмий веб-сайтына, жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштыруу, ошондой эле теле жана радиоберүүлөрдү уюштуруу, Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен брифингдерди жана пресс-конференцияларды жана маалыматтык-түшүндүрмө берүү иш-чараларын өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Улуттук банктын жетечилигинин интервьюлары, акча-кредит саясатынын маселелери боюнча, валюта жана финансы рынокторунда түптөлгөн жагдайлар, банк тутумунун жана өзүнчө коммерциялык банктардын абалы жөнүндө атайын маалыматтык билдирүүлөр, ошондой эле алмашуу курсунун маселелери боюнча түшүндүрмөлөр газета беттеринде чагылдырылып, Улуттук банктын жана маалымат агенттиктеринин сайттарында жарыяланган.

*ЖМК менен иш алып баруу*

Жыл ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнөн көптөгөн суроолор, тактап айтканда, 70 суроо келип түшкөн. Журналисттердин Улуттук банктын ишине болгон айрыкча кызыгуусу үчүнчү жана төртүнчү чейректе байкалган. Буга, бир катар коммерциялык банктарга атайын режимдердин киргизилгендигине байланыштуу банк секторунда түптөлгөн жагдай; төртүнчү сериядагы 200, 500, 1000 сом номиналындагы жаңы банкноттордун жүгүртүүгө чыгарылышы себеп болгон.

Экинчи жарым жылдыкта «The Washington Post», «Business New Europe», «The Banker» сыяктуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнөн да суроолор келип түшкөн, алардын негизги тематикасы макроэкономикалык жагдайга, банк секторунун абалына жана «АзияУниверсалБанк» ААКсынын ишине тиешелүү болгон.

*Акча-кредит саясаты*

Акча-кредит саясатынын маселелери чейрек сайын өтүүчү пресс-конференцияларда, сайтта жана Пресс-релизде жана мезгилдүү басылмалардын беттеринде жайгаштырылган, аналитикалык баяндамаларда жана комментарийлерде чагылдырылган. Пресс-конференциялардын жүрүшүндө журналисттер тарабынан көтөрүлгөн негизги маселелер, инфляциянын өсүшүнө, Улуттук банктын баалардын өсүшүн жана чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүүсүн токтотуп туруу боюнча кабыл алган чараларына тиешелүү болгон.

*Банк тутуму*

«АзияУниверсалБанк» ААКсына, «Ысык-Көл» Инвестбанк ААКсына, «Манас Банк» ЖАКка, «КыргызКредитБанк» ААКсына, «Акылинвестбанк» ААКсына убактылуу жетекчилик режиминин киргизилгендигине байланыштуу жана коомчулукка маалымат берүү максатында, сегиз пресс-конференция уюштурулган. Мындан тышкары, аяк оона айында УТРКда «Эл билгиси келет» телеберүүсү орус жана кыргыз тилдеринде уюштурулган. Ошондой эле, ушул темага арналган «Нацбанк сообщает» өзүнчө телеберүүсү даярдалган; Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен көптөгөн интервьюлар уюштурулган; Улуттук банктын Пресс-релизинде жана веб-баракчасында жайгаштырылган маалыматтык билдирүүлөр даярдалган.

*Нак эмес төлөмдөрдү кеңейтүү боюнча иш-чаралар*

2010-жылы коомчулукка Нак эмес төлөмдөр системасын жайылтуу жагында мамлекеттик программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат берүү боюнча иштер улантылган. «Слово Кыргызстана» газетасында Нак эмес төлөмдөрдү жайылтуу боюнча мамлекеттик программанын ишке ашырылышына чечмелөөлөр берилип, «Пакеттик клиринг системасынын инструменттерин өнүктүрүү» тематикалык статьясы жарыяланган. Ал эми «Вечерний Бишкек» газетасында Кыргызстандагы акча жүгүртүлүшүнүн ачык-айкындуулугун камсыз кылуу жана көмүскө экономиканын деңгээлин төмөндөтүү максатында иштелип чыккан, Кыргыз Республикасындагы Нак эмес төлөмдөрдүн көлөмүн көбөйтүү концепциясын ишке ашыруу жөнүндө статья жарыяланган.

*БФКМдердин иши*

Жалпы республикалык газеталарда жана жергиликтүү областтык газеталарда коомчулукка нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуу жана лицензиясыз жүргүзүлгөн иш боюнча фактыларды кыскартуу зарылчылыгы жөнүндө маалымат берүү үчүн кыргыз жана орус тилдериндеги статьялар жарыяланган. Мындан тышкары, бул маселелер УТРКнын «Протокол» берүүсүндө жана «Нацбанк сообщает» телеберүүсүндө да чагылдырылган. Лицензияларды каттоо, кайтарып алуу жана алардын аракетин токтотуу жөнүндө маалыматтар, ошондой эле БФКМдердин башка жаңылыктары андан ары Улуттук банктын веб-баракчасына жайгаштырылып, Пресс-релиздерде туруктуу негизде жарыяланып турган.

Отчеттук жылдын бештин айында Бишкекте «Негизи проблемалар/микрокаржылоо маселелери» темасында «тегерек стол» маеги өткөн, ал бардык жалпыга маалымдоо каражаттарында жарык көргөн. «Тегерек стол» маегине Улуттук банктын жана микрофинансылык сектордун, микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ассоциациясынын өкүлдөрү жана Банктар Союзу, Кредиттик маалыматтык бюро сыяктуу бизнес-ассоциацияларынын, ошондой эле Экономикалык тескөө министрлигинин, Финансы министрлигинин жана Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын өкүлдөрү катышкан. Кыргызстанда микрокаржылоону өнүктүрүү стратегиясын андан-ары иштеп чыгуу үчүн проблемаларды идентификациялоо максатында, таламдаш тараптардын катышуусу менен маалымат алмашуу, микрофинансылык сектордогу проблемаларды талкуулоо, «Тегерек стол» маегинин максаты болгон.

*Коомдук кабылдаманын иши*

Микрокаржылоонун негизги проблемаларынын ичинде калктын финансылык жактан билими, микрофинансылык уюмдардын баа түзүүдө кардарларга кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча ишинин ачык-айкындуулугу, ислам каржылоо принциптерин кошо алганда, башка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүдө орун алган муктаждыктар сыяктуу проблемалар белгиленген.

2010-жылы Бишкек шаарында жана бардык областтык борборлордо иштеген Коомдук кабылдамалардын ишинин алкагында, Улуттук банктын калайык-калк менен ишин камсыз кылуу боюнча иштер улантылган. Коомдук кабылдаманын иши калкка, Улуттук банктын ыйгарым укугуна кирген бардык маселелер боюнча консультацияларды жана маалыматтарды сунуштоого; Банктын жетекчилиги жана адистери менен банк чөйрөсүнө тиешелүү маселелер боюнча жолугушууларды уюштурууга; кат жүзүндөгү арыздар жана кайрылуулар менен иштерге багытталган. Бүтүндөй 2010-жыл ичинде Улуттук банктын дарегине 7 миңден көбүрөөк кайрылуу, анын ичинде 958 кат жүзүндөгү кайрылуу (салыштыруу үчүн, 2009-жылы – бардыгы болуп 3 миң кайрылуу, алардын 387 кат жүзүндө) келип түшкөн. Суроолордун санынын көбөйүүсү эң оболу, банк тутумунда түптөлгөн жагдайга байланыштуу болгон.

Жарандардан сунушталган банктык кредиттер боюнча карызынын жоктугун жана банктык эсебинде акча каражаттарынын бар экендигин же жоктугун тастыктаган маалымкатты алуу боюнча көптөгөн суроолордун келип түшкөндүгүнө байланыштуу, Улуттук банк тарабынан тиешелүү иштер жүргүзүлүп,

ал боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынан, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынан, Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинен, Ички иштер министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара аскер кызматынан, мамлекеттик чек арадан өткөн учурда бул органдардын бири дагы жогоруда аталган маалымкаттарды талап кылбай тургандыгы жөнүндө жооптор алынган. Бул маалыматтар Улуттук Банктын пресс-релизинде жарыяланып, расмий веб-сайтында жайгаштырылган.

Жарандардын жана уюмдардын суроо-талабы боюнча чет өлкө валютасынын кыргыз сомуна карата эсептик курсу, кайра каржылоо чени жана республикадагы айрым коммерциялык банктардын финансылык абалы жөнүндө маалыматтар берилип турган.

Бүтүндөй отчеттук мезгил ичинде, «АзияУниверсалБанк» ААКсына консервация режимин киргизүү, реструктуризациялоо процесси жөнүндө, «АзияУниверсалБанк» ААКсынын жана башка банктардын аманаттарды берүү жагында операциялары боюнча калайык-калкка түшүндүрмө иштери жүргүзүлгөн. Үчүнчү жана төртүнчү чейректерде жарандардын жана юридикалык жактардын «АзияУниверсалБанк» ААКсынан аманаттарды алуу боюнча бир топ кайрылуулар келип түшкөн, ал эми ошол учурда банкка консервация режими киргизилип, андан соң банкроттоо жана реструктуризациялоо процесси башталган. Мындан тышкары, Улуттук банктын жетекчилиги айрым коммерциялык банктардын проблемалуу карыз алуучулары менен жолугушуп, анын жүрүшүндө карыз алуучулардын кредиттерин реструктуризациялоо маселеси талкууга алынып, тиешелүү түшүнүндүрмөлөр берилген.

*Төртүнчү сериядагы банкноттордү жүгүртүүгө чыгаруу*

Отчеттук жылдын бештин айынан тартып төртүнчү сериядагы 200, 500, 1 000 сом номиналындагы банкноттордун жүгүртүүгө чыгарылгандыгына байланыштуу, Улуттук банк тарабынан маалыматтык кампания жүргүзүлгөн, анын алкагында маалыматтар басма сөз беттерине жарыяланып, видеороликтер даярдалган жана алардын республиканын теле каналдарына чыгарылышы жүзөгө ашырылган, ошондой эле, маалымат республиканын теле жана радио каналдарынын жаңылыктар түрмөгүндө да берилген; Улуттук банктын жана анын областтык башкармалыктарынын адистеринин катышуусунда берүүлөр уюштурулган. Ошондой эле, ушул темада «Нацбанк сообщает» теле берүүсү үчүн интервью даярдалган. Төртүнчү сериядагы улуттук валютанын банкнотторунун коргоо элементтери тууралуу маалыматты камтыган плакаттар даярдалып, алар коммерциялык банктардын филиалдарында, БФКМдерде, ири соода түйүндөрүндө жана башка коомдук жерлерге илинип коюлган. Жаңы банкноттордун чыгарылышын маалымдоо боюнча иштер Улуттук банктын бардык областтык башкармалыктары тарабынан да жүргүзүлгөн.

*Коллекциялык монеталар*

«ЕврАзЭСке 10 жыл» «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн элдеринин жөрөлгөлөрү жана салт-санаалары» сериясындагы коллекциялык күмүш монеталардын жүгүртүүгө чыгарылгандыгы жөнүндө маалымат Улуттук банктын Пресс-релизи жана «Нацбанк сообщает» теле берүүсүндө жалпыга маалымдалган.

*«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ролу жана функциялары»*

Жыл ичинде Улуттук банк, жогорку окуу жайларынын экономика факультетинин студенттерине жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ролу жана функциялары» деген темада салтка айланып калган тааныштыруу семинарларын өткөрүүсүн улантткан. Мындай семинарлардын өткөрүлүшү Улуттук банктын иши тууралуу маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет жана республиканын финансы жана банк секторунда болуп жаткан процесстерди толук түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2010-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## МАЗМУНУ

Беттери

2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУН ДАЯРДАЛЫШЫНА ЖАНА БЕКИТИЛИШИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖЕТЕКЧИЛИК ТАРАБЫНАН ТАСТЫКТАЛЫШЫ 1 (107)

КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРЛОРДУН ОТЧЕТУ 2 (108)

2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ: 3 (109)

Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет 3 (109)

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет 4 (110)

Чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет 5 (111)

Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет 6 (112)

Акча-каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет 7-8 (113)

Консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр 9-51 (115)

## 7.1. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУН ДАЯРДАЛЫШЫНА ЖАНА БЕКИТИЛИШИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖЕТЕКЧИЛИК ТАРАБЫНАН ТАСТЫКТАЛЫШЫ

Көз карандысыз аудиторлор сунуштаган отчеттун 2-бетинде камтылган, көз карандысыз аудиторлордун баяндалган милдеттери менен биргеликте каралууга тийиш болгон төмөндө келтирилген билдирүү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын («Улуттук банк») консолидацияланган финансылык отчетуна карата аудиторлордун жана жетекчиликтин жоопкерчиликтерин так чектөө максатында чагылдырылган.

Улуттук банктын жетекчилиги, Улуттук банктын 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилерин так чагылдырган консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы, ошол күнү бүткөн жыл үчүн иш натыйжасына, акча каражаттарынын жылышына жана капиталдагы өзгөрүүлөргө Улуттук банктын, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына («ФОЭС») негизденген эсепке алуу саясатына ылайык жооп берет.

Консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү:

- бухгалтердик эсепке алуунун алгылыктуу принциптерин тандалышына жана алардын ырааттуу колдонулушуна;
- негиздүү баа берүүлөрдү жана эсептөөлөрдү колдонууга;
- Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарын сакталышына жана ФОЭСтен бардык олуттуу четтөөлөрдү консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөрдө ачык көрсөтүлүшүнө;
- Улуттук банк өз ишин келечекте жүзөгө ашыра тургандыгына таянуу менен консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына.

Жетекчилик ошондой эле, төмөнкүлөр үчүн да жоопкерчиликтүү:

- Улуттук банкта натыйжалуу жана ишенимдүү ички контролдук системасынын иштелип чыгышына, колдонууга киргизилишине жана анын ишин камсыз кылынышына;
- Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө кайсыл болбосун учурда, жетиштүү деңгээлде так маалыматтарды даярдоого мүмкүндүк берген бухгалтердик эсепке алуу системасын колдоо жана финансылык отчеттун Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарына ылайык келүүсүн камсыз кылууга;
- бухгалтердик эсепке алуунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүшүнө;
- Улуттук банктын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн өз компетенциясынын чегинде чараларды көрүүгө; жана
- алдамчылык, каталарга жол берүү жана абалдан кыянатчылык менен пайдалануу фактыларын аныктоо жана аларга бөгөт коюуга.

2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн бул консолидацияланган финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын жалган куран айынын отузунда бекитилген.

| | |
|---|---|
| ____________________ | ____________________ |
| **Жеенбаева Б. Ж.** | **Айдаркулов Ш.А.** |
| **Төраганын милдетин аткаруучу** | **Башкы бухгалтер** |
| 2011-жыл жалган куран айынын отузу | 2011-жыл жалган куран айынын отузу |
| Бишкек ш. | Бишкек ш. |
| Кыргыз Республикасы | Кыргыз Республикасы |

## 7.2. КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРЛОРДУН ОТЧЕТУ

Grant Thornton

**ООО Грант Торнтон Амио**
**РА, г. Ереван 0012**
**ул. Вагаршян 8/1**

**T + 374 10 260 964**
**F + 374 10 260 961**

**Grant Thornton Amyot CJSC**
**8/1 Vagharshyan Str.**
**0012 Yerevan, Armenia**

**T + 374 10 260 964**
**F + 374 10 260 961**

**www.gta.am**

# Көз карандысыз аудиторлордун отчету

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына***

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана анын туунду уюмдарынын (мындан ары «Улуттук банк») кароого сунуш кылынган консолидацияланган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк, ал 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетту жана ошол күнү бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар, кеткен чыгымдар, чогуу алгандагы киреше, капиталдагы өзгөрүүлөр жана акча каражаттарынын жылышы жөнүндө тиешелүү консолидацияланган отчетторду, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги принциптерин ачып көрсөтүүлөрдү жана башка түшүндүрмөлөрдү камтыйт.

***Жетекчиликтин консолидацияланган финансылык отчет үчүн жоопкерчилиги***

Жетекчилик ушул консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы жана консолидацияланган финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган аны берүү негиздерине ылайык келүүсү үчүн жоопкерчиликтүү. Бул жоопкерчилик финансылык кыянатчылыкка баруулардын, каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен эмес олуттуу бурмалоолорду камтыбаган консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына жана анын так берилишине ички контролдук системасын түзүүгө, колдонууга киргизүүгө жана колдоого алууга; талаптагыдай эсепке алуу саясатын тандоо жана колдонууга; ошондой эле жагдайлар менен негизделген бухгалтердик баа берүүлөргө таркатылат.

***Аудиторлордун жоопкерчилиги***

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мына ушул консолидацияланган финансылык отчет жөнүндө ой пикирди билдирүү биздин милдет. Биз аудитти, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар аудиторлор тарабынан этикалык нормалардын милдеттүү түрдө сакталышын, ошондой эле консолидацияланган финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү ишенимге ээ болуу максатында, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.
Аудит, сандык көрсөткүчтөргө жана консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөргө тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, финансылык кыянатчылыктардын же каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен консолидацияланган финансылык отчеттогу олуттуу бурмалоолор тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк пикирине негизденет. Мына ушундай тобокелдиктерге баа берүү ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна тиешелүү пикир билдирүү максатында эмес, ошол жагдайларда колдонууга боло турган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына жана анын тактыгына ички контролдук системасын кароону камтыйт. Аудит ошондой эле, колдонулган эсепке алуу саясатынын укук ченемдүүлүгүнө жана жетекчиликтин жол берүүлөрүнүн негиздүүлүгүнө баа берүүнү, ошондой эле бүтүндөй консолидацияланган финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү да камтыйт. Биз, алынган аудитордук далилдер мына ушул консолидацияланган финансылык отчет жөнүндө пикир билдирүү үчүн жетиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

***Пикир***

Биздин пикирибизче, кароого сунушталган консолидацияланган финансылык отчет, Улуттук банктын 2010-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча бардык олуттуу аспекттилеринде Улуттук банктын финансылык абалын, ошондой эле ушул күндө бүткөн жыл үчүн анын ишинин финансылык натыйжаларын жана акча каражаттарынын жылышын ушул консолидацияланган финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган, аны берүү негиздерине ылайык так чагылдырылган.

2011-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Грант Торнтон ЖАК

Grant Thornton CJSC

**Аудит, салыктар, консультациялар**
**Audit, Tax, Advisory**
Грант Торнтон Интернешнл мүчөсү
Member of Grand Thornton International Ltd.

## 7.3. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНЕ КАРАТА АБАЛ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом.)*

| | Эскертүү | 2010-жылдын бештин айынын отуз бири | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 5 | 5 500 912 | 4 002 740 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 6 | 59 399 711 | 44 568 992 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 7 | 200 193 | - |
| Берилген кредиттер | 8 | 823 963 | 68 166 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 9 | 15 572 974 | 20 800 020 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 10 | 3 456 074 | 3 405 315 |
| Репо-келишими боюнча күрөөгө коюлган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 10 | 70 793 | - |
| Негизги каражаттар | 11 | 526 437 | 485 997 |
| Материалдык эмес активдер | 12 | 6 707 | 18 112 |
| Жана башка активдер | 13 | 994 451 | 878 141 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, АКТИВДЕР** | | **86 552 215** | **74 227 483** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 14 | 43 290 296 | 35 738 688 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 15 | 5 612 963 | 8 549 438 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | | 7 246 698 | 3 980 348 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | | 70 806 | - |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 16 | 667 860 | 1 059 543 |
| Алынган кредиттер | 17 | 12 900 494 | 13 457 660 |
| Жана башка милдеттенмелер | 18 | 139 185 | 89 778 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | **69 928 302** | **62 875 455** |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 19 | 1 000 000 | 300 000 |
| Милдеттүү камдар | | 1 805 025 | 1 614 322 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 12 200 552 | 8 715 341 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 1 123 | 1 878 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 1 617 213 | 720 487 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, КАПИТАЛ** | | **16 623 913** | **11 352 028** |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | **86 552 215** | **74 227 483** |

**Жеенбаева Б. Ж.**
**Төраганын милдетин аткаруучу**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-51(115-157)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.4. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ТҮШКӨН ПАЙДАЛАР ЖАНА КЕТКЕН ЧЫГЫМДАР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом.)*

| | Эскертүү | 2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2009-жыл бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 20 | 944 288 | 811 586 |
| Пайыздык чыгашалар | 20 | (75 427) | (210 847) |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | | **868 861** | **600 739** |
| Комиссиондук кирешелер | | 11 672 | 12 046 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (740) | (1 393) |
| **ТАЗА КОМИССИОНДУК КИРЕШЕ** | | **10 932** | **10 653** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камдарды (түзүү)/ калыбына келтирүү | 21 | (45 479) | 151 293 |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 22 | 1 354 237 | 535 726 |
| Башка кирешелер | | 18 369 | 24 392 |
| **ТАЗА ПАЙЫЗСЫЗ КИРЕШЕ/(ЧЫГАША)** | | **1 327 127** | **711 411** |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕЛЕР** | | **2 206 920** | **1 322 803** |
| Административдик чыгашалар | 23 | (410 428) | (403 784) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (174 279) | (161 483) |
| Башка чыгашалар | | (8 811) | (37 049) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ЧЫГАШАЛАР** | | **(593 518)** | **(602 316)** |
| **ЖЫЛ ИЧИНДЕ АЛЫНГАН ПАЙДА** | 24 | **1 613 402** | **720 487** |

______________________

**Жеенбаева Б. Ж.**
**Төраганын милдетин аткаруучу**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

____________________

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-51(115-157)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.5. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом.)*

| | Эскертүү | 2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2009–жыл бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|---|
| **ЖЫЛ ИЧИНДЕ АЛЫНГАН ПАЙДА** | | 1 613 402 | 720 487 |
| **БАШКА ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ:** | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | 3 485 211 | 7 532 012 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализицияланбаган чыгым | | (755) | (27 408) |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ** | | 5 097 858 | 8 225 091 |

**Жеенбаева Б. Ж.**
**Төраганын милдетин аткаруучу**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-51(115-157)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

# 7.6. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом.)*

| | Эскертүү | Уставдык капитал | Милдеттүү камдар | Баалуу металлдар-ды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестиция-ларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында, капитал |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **300 000** | **1 282 357** | **1 183 329** | **29 286** | **1 106 550** | **3 901 522** |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | | - | - | - | - | (774 585) | (774 585) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 331 965 | - | - | (331 965) | - |
| **Жыйынтыгында** | | **-** | **331 965** | **-** | **-** | **(1 106 550)** | **(774 585)** |
| Жыл ичинде алынган пайда | | - | - | - | - | 720 487 | 720 487 |
| *Башка чогуу алгандагы киреше* | | | | | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | - | - | 7 532 012 | - | - | 7 532 012 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган чыгым | | - | - | - | (27 408) | - | (27 408) |
| **Жайынтыгында** | | **-** | **-** | **7 532 012** | **(27 408)** | **720 487** | **8 225 091** |
| **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **300 000** | **1 614 322** | **8 715 341** | **1 878** | **720 487** | **11 352 028** |
| Уставдык капиталды толуктоо | | 619 000 | - | - | - | - | 619 000 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайданы Уставдык капиталды толуктоого которуу | 20 | 81 000 | - | - | - | (81 000) | - |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | | - | - | - | - | (444 973) | (444 973) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 190 703 | - | - | (190 703) | - |
| **Жыйынтыгында** | | **700 000** | **190 703** | **-** | **-** | **(716 676)** | **(174 027)** |
| Жыл ичинде алынган пайда | | | | | | 1 613 402 | 1 613 402 |
| *Башка чогуу алгандагы киреше* | | | | | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | - | - | 3 485 211 | - | - | 3 485 211 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган чыгым | | - | - | - | (755) | - | (755) |
| **Жыйынтыгында** | | **-** | **-** | **3 485 211** | **(755)** | **1 613 402** | **5 097 858** |
| **2010-жылдын бештин айынын отуз бири** | | **1 000 000** | **1 805 025** | **12 200 552** | **1 123** | **1 617 213** | **16 623 913** |

**Жеенбаева Б. Ж.**
**Төраганын милдетин аткаруучу**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-51(115-157)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.7. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом.)*

| | 2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2009–жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 691 010 | 567 649 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (32 072) | (145 911) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча реализацияланган пайда | 30 695 | 100 955 |
| Башка кирешелер | 11 884 | 21 096 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (234 061) | (210 252) |
| Административдик чыгашалар | (339 911) | (343 553) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык ишкердиктен акча каражаттарынын агылып кирүүсү/(чыгуусу) | 127 545 | (10 016) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсү | | |
| ***Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/азайуусу:*** | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | (3 812 319) | (14 925 952) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 6 917 388 | 5 757 637 |
| Берилген кредиттер | (760 048) | (65 352) |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | (200 000) | - |
| Башка активдер | (89 532) | (29 314) |
| ***Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү/(азайуусу):*** | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 7 551 608 | 4 935 410 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | (3 265 046) | 4 118 610 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 3 147 947 | (1 791 092) |
| Кадимки иштин жүрүшүндө чыгарылган/(төлөнгөн) карыздык баалуу кагаздар | (391 963) | (582 445) |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 70 790 | - |
| Башка милдеттемилер | 49 149 | (94 160) |
| Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/(агылып чыгуусу) | 9 345 519 | (2 686 674) |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (89 971) | (84 512) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуу | - | 4 920 |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатып алуу | - | (496 633) |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр | 164 352 | 64 352 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан алынган пайыздар | 122 414 | 97 076 |
| Алынган дивиденддер | 6 792 | 3 011 |
| Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/(чыгуусу) | 203 587 | (411 786) |

## 7.7. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ (УЛАНДЫСЫ)

*(миң сом.)*

| | 2010-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2009–жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Алынган кредиттерден түшүүлөр | - | 6 932 133 |
| Алынган кредиттер боюнча төлөөлөр | (1 062 323) | (1 180 725) |
| Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/агылып чыгуусу | (1 062 323) | 5 751 408 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮҮСҮ | 8 486 783 | 2 652 948 |
| ***Чет өлкө валюталарынын курсунун өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири*** | 1 899 949 | 1 802 472 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл башына карата (6-түшүндүрмө) | 15 709 575 | 11 254 155 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл акырына карата (6-түшүндүрмө) | 26 096 307 | 15 709 575 |

______________________

**Жеенбаева Б. Ж.**
**Төраганын милдетин аткаруучу**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

______________________

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2011-жыл жалган куран айынын отузу
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-51(115-157)-беттеринде берилген түшүндүрмөлөр, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.8. 2010-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТКО КАРАТА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

*(миң сом.)*

### 1. УЮМ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары «Улуттук банк») Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана ал 1992-жылдын бештин айынын он экисинде «Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, анын аталышы Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкына өзгөртүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламенти) 1997-жылдын теке айынын экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алып, анын негизинде (Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын бирдин айынын он экисиндеги №17, 2007-жылдын бугу айынын отузундагы №75, 2007-жылдын кулжа айынын төртүндөгү №77, 2007-жылдын баш оона айынын тогузундагы №143, 2008-жылдын бугу айынын он алтысындагы №87, 2008-жылдын бугу айынын он тогузундагы №90, 2008-жылдын теке айынын он сегизиндеги №154, 2008-жылдын тогуздун айынын он жетисиндеги №224 жана №231, 2008-жылдын жетинин айынын үчүндөгү №236, 2009-жылдын үчтүн айынын жыйырма үчүндөгү №21, 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №94, 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №95, 2009-жылдын бугу айынын он тогузундагы №162, 2010-жылдын бирдин айынын он алтысындагы №30, 2010-жылдын жалган куран айынын он бешиндеги №49 мыйзамдардын редакциясында), Улуттук банк учурда өз ишин жүзөгө ашырып келет.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын турукташуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын иш максаты.

Улуттук банк төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:
- акча-кредит жана валюта саясаттарын аныктайт жана жүргүзөт;
- төлөм системасынын натыйжалуу иштешине жана банктар аралык төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга шарт түзөт;
- банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгарат;
- эл аралык алтын-валюта камдарын тескөөгө алат;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялайт;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат; жана
- Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган башка милдеттерди аткарат.

Улуттук банктын катталган офиси Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Үметалиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча жайгашкан.

2010-жана 2009-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча өлкө аймагында анын беш областтык башкармалыгы жана Кыргыз Республикасынын региондорунда бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

Улуттук банктын кызматкерлеринин 2010 жана 2009-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша, 570 жана 558 адамды түзгөн.

Улуттук банктын туунду уюмдарынан болуп, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсы жана «Банктарды

рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы саналат. Бул эки уюмда тең Улуттук банк 100 пайыздык катышуу үлүшүнө ээ. Мындан тышкары, Улуттук банк Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттиктин жана «Республикалык инкассация баркармалыгы» мамлекеттик ишканасына контролдукту жүзөгө ашырат. Финансылык отчетко карата 3-тиркемеде чагылдырылгандай эле, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын, Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттиктин, «Республикалык инкассация баркармалыгы» мамлекеттик ишканасынын отчеттору Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт.

«Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги Жарлыгынын негизинде түзүлгөн. Фонддун уставдык капиталы 2 000 000 миң сомду түзөт, ал толугу менен Улуттук банк тарабынан төлөнгөн. Фонд өз ишин Улуттук банктын 2009-жылдын бугу айынын алтысында берилген лицензиянын негизинде адистештирилген финансы-кредит мекемеси катары өз ишин жүзөгө ашырат. Ликвиддүүлүктү камсыз кылуу жана улуттук экономиканы кредиттөө максатында, коммерциялык банктарга жана микрокредиттик уюмдарга финансылык ресурстарды сунуштоо, бул Фонддун негизги иш максаты. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын финансылык отчету ушул финансылык отчетко консолидацияланган. Фонддун ушул консолидацияланган финансылык отчетто камтылган 2010-жылдын кирешелери жана пайдасы, тиешелүүлүгүнө жараша 66 535 миң сомду 40 083 миң сомду түзөт.

Бул консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын жалган куран айынын отузунда бекитилген.

## 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЧӨЙРӨ

Акыркы бир катар жылдары, Кыргыз Республикасында олуттуу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өнүгүп келе жаткан өлкө катары Кыргыз Республикасы рынок экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй ишкердик жана мыйзамдык инфраструктурага толук ээ боло албай келет. Натыйжада, республикада ишке ашырылган операциялар өнүккөн рынок экономикасына ээ өлкөлөр үчүн мүнөздүү болуп саналбаган тобокелдиктерге дуушар болушу ыктымал. Мындан тышкары, кыргыз экономикасы капитал рыногундагы туруксуз болуп жаткан жагдайдын жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасири астында калууда. Мына ушундай алгылыксыз шарттарга карабастан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү макроэкономикалык туруктуулуктун сакталып турушу шартында, экономикалык өсүштү калыбына келтирүүгө багытталган экономикалык саясатты туруктуу жүргүзгөн.

Бул консолидацияланган финансылык отчет келечекте, мына ушундай белгисиздик жагдайынын чечилишинен улам, зарылчылыгы келип чыккан кандайдыр бир корректировкалоолорду өзүнө камтыбайт. Отчетко аларды чагылдыруу, ачык айкын болуп, алардын сандык маанисине баа берүү мүмкүн болгон мезгилде гана корректировкалоолор киргизилиши мүмкүн.

## 3. КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ТҮЗҮҮ ПРИНЦИПТЕРИ

**Бухгалтердик эсепке алуунун негизги принциптери**

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын теке айынын экисинде кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын («ФОЭС») эске алуу менен Улуттук банк үчүн бухгалтердик эсепке алуу саясатын жана ыкмаларын аныктайт.

Консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын бештин айынын онунда жактырылган Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык даярдалган. Улуттук банктын эсепке алуу саясаты Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган ФОЭСке жана төмөндө берилген айрым модификацияларды эске албаганда, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген:

- баалуу металлдар, рыноктук баа боюнча эсепке алынат жана кайра баалоодон таза реализацияланбаган киреше, ошондой эле чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон киреше өздүк капиталда, кийинкиге калтырылган мүмкүн болуучу бөлүштүрүүлөрдү эсептен алып салуусуз, таанылат. Көрсөтүлгөн активдерди кайра баалоого байланыштуу таза реализацияланбаган чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, мурда капиталда таанылган реализацияланбаган пайдадан ашкан бөлүгүндө таанылат;
- «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү финансы компаниясы» ЖЧКсынын, «Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттиктин» жана «Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекеттик ишканасынын отчеттору Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт. Бул компанияларга инвестициялар убактылуу мүнөзгө ээ. «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү финансы компаниясы» ЖЧКсына инвестициялар сатууга жарактуу актив катары чагылдырылуу менен баштапкы сатып алуу наркы боюнча эсепке алынат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар жана баанын түшүүсүнөн чыгымдарды калыбына келтирүүлөр түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

Бул консолидацияланган финансылык отчет, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, миң сом менен берилген. Консолидацияланган финансылык отчет адилет наркы боюнча эсепке алынган айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, баштапкы (тарыхый) нарк принцибинин негизинде даярдалган.

**Функционалдык валюта**

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетунда камтылган статьялар Улуттук банкка тиешелүү окуялардын же жагдайлардын негизинде түптөлгөн экономикалык маңызды чагылдырган валютаны пайдалануу менен бааланат (мындан ары функционалдык валюта). Ал эми ушул консолидацияланган финансылык отчетто кыргыз сому функционалдык валюта болуп саналат.

## 4. ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

**Консолидация**

Туунду компаниялар б.а. «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын, «Банктарды кайра өзгөртүп түзүү жана карыздарды реструктуризациялоо боюнча агенттик» жана «Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекетик ишканасын эске албаганда, добуш берүүгө укук чегерген акцияларынын тең жарымынан көбүрөөгү Улуттук банкка тиешелүү болгон же алардын ишине контролдукту Улуттук банк башка негиздерде жүзөгө ашырган компаниялар консолидацияланат. Туунду компанияларды консолидациялоо аларга контролдук Улуттук банкка өткөн күндөн тартып башталат жана контролдук токтотулган күнү токтотулат. Компаниялар ортосундагы бардык операциялар, ошондой эле мына ушундай операциялар боюнча калдыктар жана реализацияланбаган пайда алынып салынат; реализацияланбаган чыгым да, эгерде ошол операция өткөрүлүп жаткан активдин

баасынын түшүүсүн тастыктаган учурларды эске албаганда, алынып салынат. Зарылчылыкка жараша, туунду компаниялардын эсепке алуу саясатына аларды Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык келтирүү үчүн өзгөртүүлөр киргизилет.

**Финансылык инструменттерди таануу жана баа берүү**

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер, Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап катары иш алып барган учурда, Улуттук банктын балансында чагылдырылат. Улуттук банк финансылык активдерди жана милдеттенмелерди дайыма болуп туруучу мүнөзгө ээ сатып алууну жана реализациялоону эсептешүүлөр күнү боюнча чагылдырат. Ушундай жол менен сатылып алынган, кийинчерээк адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер, бүтүмгө келишилген учурдан тартып жана белгиленген эсептешүүлөр күнүнө чейин сатылып алынган инструмент катары эсепке алынат.

Финансылык активдер жана милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер жана милдеттенмелер болуп саналбаган финансылык активдердин жана милдеттенмелердин баштапкы наркы финансылык активди сатып алууга же түзүүгө, же болбосо финансылык милдеттенмелердин чыгарылышына түздөн-түз байланыштуу келип чыккан операциялык чыгымдардын суммасына корректировкаланат. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин наркына кийинки баа берүү принциби эсепке алуу саясатынын төмөндө келтирилген тиешелүү жоболорунда чечмеленет.

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Жүгүртүү кассасында турган Улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана моноталар курамындагы калдыктын азайуусу катары чагылдырылат.

Акча каражаттарынын жылышын аныктоо максатында, акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине банктарда жана башка финансы мекемелеринде талап боюнча төлөө шарттарында жайгаштырылган бош турган  калдыктар, ошондой эле чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттары кошулат.

**Баалуу металлдар**

Баалуу металлдар баланс түзүү күнүнө карата рыноктук баасы боюнча эсепке алынат. Рыноктук баа баалуу металлдардын Лондон рыногунун таңкы сессиясында белгиленген баанын деңгээлинде аныкталат.

**Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар**

Улуттук банк адаттагы ишинин жүрүшүндө каражаттарды жайгаштырат жана банктарга жана башка финансы мекемелерине ар кандай мөөнөттөргө аманаттарды салууну жүзөгө ашырат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар алгач адилет наркы боюнча таанылат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөттөгү каражаттар, кийинчерээк эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча баалануу менен баанын түшүүсүнө кайсы болбосун камды эсептен алып салуу менен эске алынат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөтсүз каражаттар күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрүнүн негизинде, амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

**Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар**

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар белгисиз мезгил аралыгына кармап туруу болжолдонгон баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк баалуу кагаздар, кайра баалоонун жыйынтыгын, баалуу кагаздар сатылганга чейинки баанын түшүүсүнөн тышкары, капитал эсебине түздөн-түз чегерилүү менен адилет наркы боюнча бааланат, мында мурда капиталда таанылган топтолгон пайдалар/чыгымдар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар, ошондой эле эффективдүү пайыздык чен ыкмасынын негизинде эсептелинген чегерилген пайыздык кирешелер түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын адилет наркын аныктоо үчүн Улуттук банк рыноктук котировкаларды пайдаланат.

Эгерде, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнүн объективдүү себеби орун алса, анда мурда түздөн-түз капиталга чегерилген чогуу алгандагы чыгым, капиталдан отчеттук мезгил ичиндеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан жана баанын түшүүсүнөн кийинки жагдайларга түздөн-түз байланыштуу болгон мына ушундай чыгымды калыбына келтирүү, отчеттук мезгилдеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

**Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар**

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар, Улуттук банк бул баалуу кагаздарды төлөөгө чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон шартта, аныкталган же катталган төлөмдөрү менен карыздык баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Мындай баалуу кагаздар баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салуу менен амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат. Төлөөгө чейинки мөөнөт ичиндеги дисконтту амортизациялоо, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен төлөөгө чейинки мезгил ичиндеги пайыздык киреше катары чагылдырылат.

**Баанын түшүүсүнө кам**

*Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынуучу активдер*
Улуттук банк финансылык активдер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды, финансылык активдин баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү тастыктоолор болгон шартта гана, эсепке алат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар, финансылык активдин баштапкы эффективдүү пайыздык чен боюнча дисконттолгон гарантиялар жана камсыздоолорго тиешелүү орду толтурулуп берилүүчү суммаларды кошо алганда, күтүлүп жаткан акчалай түшүүлөрдүн балангстык наркы менен утурумдук наркынын ортосундагы айырма катары бааланат.

Баанын түшүүсүнөн келип чыккан мындай чыгымдар, кийинки мезгилде баанын түшүүсүнөн чыгымдардын суммасы азайып жана бул азаюу ал ордун толтуруп берүү сыяктуу баанын түшүүсүн таануудан кийинки жагдайларга объективдүү түрдө байланыштуу болушу мүмкүндүгүн эске албаганда, кайтарылбайт. Бул учурда баанын түшүүсүнөн мурда таанылган чыгым камды корректировкалоо аркылуу кайтарылат.

Өздүк наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер үчүн баанын түшүүсүнөн чыгымдар финансылык активдин балангстык наркы менен ушундай эле финансылык актив боюнча пайданын утурумдук рыноктук нормасын пайдалануу менен дисконттолгон акча каражаттарынын эсептелинген келечектеги жылышынын утурумдук наркынын ортосундагы айырма катары бааланат. Баанын түшүүсүнөн мындай чыгымдар кайтарылбайт.

*Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*
Эгерде, сатуу үчүн колдо болгон активдин баасынын түшүүсү жүрсө, анда анын баштапкы наркы менен (кандай болбосун негизги сумманы жана амортизацияны эсептен алып салуу менен) учурдагы адилет наркынын ортосундагы айырманы камтыган сумма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда мурда таанылган баанын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгымды эсептен алып салуу менен капиталдан түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Карыздык инструменттер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды алып салуу, эгерде инструменттин адилет наркынын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым катары түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болушу мүмкүн болсо, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу кайтарылат.

Улуттук банктын жетекчилиги банктын контрагенттеринин финансылык абалына туруктуу мониторингди жүзөгө ашырат жана алардын кредиттик рейтингинин төмөндөөсү шартында баанын түшүүсүнө кам түзөт.

**Кайтара сатып алуу (сатуу) милдеттенмеси менен баалуу кагаздарды сатуу (сатып алуу) бүтүмдөрү**

Баалуу кагаздарды кайтара сатып алуу милдеттенмеси менен сатуу бүтүмү («репо») баалуу кагаздардын камсыздоосу алдында каражаттарды тартуу боюнча операциялар катары каралат. Аларды кайтара сатып алуу милдеттенмеси менен сатуу бүтүмдөрү боюнча өткөрүлүп берилген баалуу кагаздар, баланста чагылдырыла берет, эгерде баалуу кагаздарды алышкан тараптар келишим же кабыл алынган макулдашуу боюнча ошол баалуу кагаздарды сатуу же кайра күрөөгө коюу укугуна ээ болгон болсо, анда ошол баалуу кагаздар кайтара сатып алуу милдеттенмеси менен сатуу бүтүмдөрү боюнча күрөөгө коюлган баалуу кагаздар категориясына кайра классификацияланууменен баланста өзүнчө сапта чагылдырылат. Тиешелүү милдеттенмелер «Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер» катары чагылдырылат. Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатылып алынган баалуу кагаздар («кайтарым репо») баланста тиешелүүлүгүнө жараша «Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер» катары баланста чагылдырылат. Ошондуктан, алар баалуу кагаз катары өзүнчө чагылдырылбайт.

Баалуу кагаздарды сатып алуу/сатуу баасы менен кайтара сатуу/сатып алуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык киреше/чыгаша катары эсепке алынат жана репо бүтүмү колдонулган бүтүндөй мөөнөт ичинде, эффективдүү пайыздык чен ыкмасында чегерилет.

**Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди таануунун токтотулушу**

*Финансылык активдер*
Финансылык активдердин чагылдырылышы (же колдонууга ылайыктуу болсо, финансылык активдин бөлүгүн) төмөнкү учурларда токтотулат:
- активден акча каражаттарын алуу укугунун аракети токтотулган болсо;
- Улуттук банк активден акча каражаттарын алууга өз укугун өткөрүп берсе же активден акча каражаттарын алуу укугун өзүндө калтырып, бирок «өткөрүп берүү» жөнүндө келишим боюнча үчүнчү тарапка көпкө кармоосуз аларды төлөп берүү милдеттенмесин алган болсо; жана
- Улуттук банк же (а) актив боюнча бардык тобокелдикти же пайданы иш жүзүндө өткөрүп берген, же (б) актив боюнча бардык тобокелдикти жана пайданы өткөрүп берген эмес, өзүнө калтырган эмес, бирок активдин үстүнөн контролдукту өткөрүп берген учурларда.

Финансылык активди таанууну токтотуу, ал өткөрүлүп берилген жана таанууну токтотуу үчүн талаптар аткарылган учурда токтотулат. Өткөрүп берүү Улуттук банктан же: (а) актив боюнча акча алууга контрактык укукту өткөрүп берүүнү; же (б) актив боюнча акча каражаттарына

укукту өзүндө калтырууну, бирок ошол акчаларды 3-жакка төлөп берүү боюнча контрактык милдеттенмени өзүнө алууну талап кылат. Өткөрүп бергенден кийин Улуттук банк, өзүндө тобокелдикти сактап калган абалга жана өткөрүлүп берилген активге ээлик кылуудан алынуучу пайдага кайра баалоону жүргүзөт. Эгерде, бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен, сакталган болсо, актив баланста калат. Эгерде, бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен, өткөрүлүп берилген болсо, анда актив эсептен алынып салынат. Эгерде, бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен калтырылбаган, өткөрүлүп берилбеген болсо, Улуттук банк активдин үстүнөн контролдук сакталып калынганбы, ошого баа берүүнү жүргүзөт. Эгерде ал контролдукту сактап калбаса, актив эсептен алынып салынат. Эгерде Улуттук банк активге контролдукту сактап калса, анда ал активди анын катышуусу кандай уланса, ошол чекте таанууну улантат.

*Финансылык милдеттенмелер*

Финансылык милдеттенмелер аткарылган, алынып салынган же мөөнөтү бүткөн учурда эсептен алынат.

Орун алган финансылык милдеттенмелер ошол эле кредитор алдында олуттуу башка шарттардагы башка милдеттенмеге алмаштырылса, же орун алган милдеттенменин шарттары олуттуу өзгөртүлсө, анда мындай алмашуу же өзгөрүү баштапкы жагдайда эсептен алып салуу жана жаңы милдеттенмени таануу катары эсепке алынуу менен тиешелүү балланстык нарктагы айрыма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

**Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер**

Амортизация, активдерди пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ичинде эсептен алып салуу максатында, негизги каражаттар менен материалдык эмес активдердин балланстык наркына чегерилет. Амортизацияны чегерүү төмөндө келтирилген ар жылы белгиленүүчү нормаларды пайдалануу менен түз линиялык ыкманын негизинде жүргүзүлөт:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 2% |
| Курулмалар | 5% |
| Эмерек жана жабдуулар | 20% |
| Компьютерлер | 20%-30% |
| Транспорт | 20% |
| Материалдык эмес активдер | 30% |

Эгерде капиталдаштыруу талаптарын канааттандырбаса, утурумдук ремонт боюнча чыгашалар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, алар келип чыккан мезгил ичинде операциялык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

Ар бир отчеттук күнгө карата Улуттук банк, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин балланстык наркы алардын калыбына келтирилүүчү наркынан ашпайбы же жокпу, ошого баалоону жүргүзөт. Калыбына келтирүүчү нарк – бул, сатуу боюнча сарптоолорду жана керектөө наркын эсептен алып салуу менен адилет нарктын ичинен чоң маани. Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин балланстык наркы алардын калыбына келтирүүчү наркынан ашкан учурда Улуттук банк, негизги каражаттардын балланстык наркын алардын калыбына келтирүүчү наркына чейин азайтат. Баанын түшүүсүнөн чыгым чагылдырылгандан кийин негизги каражаттар боюнча амортизациялык чегерүүлөр, кийинки мезгилде калдык наркты эсептен алып салуу менен активдин кайра эсептелинген балланстык наркын (эгерде бул болжолдонгон болсо) пайдалуу кызмат өтөөнүн калган мөөнөттөрүнө бирдей ченемде бөлүштүрүү максатында, корректировкаланат.

**Салык алуу**

Улуттук банк пайда салыгын төлөөчү болуп саналбайт. Улуттук банктын ишине карата колдонулуучу, бюджетке бардык милдеттүү салыктык төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык төлөнөт. Улуттук банк агент катары төлөөнүүчү салыктар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда операциялык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

**Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер**

Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер алгач эсепке алууда адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк мына ушундай операциялар боюнча милдеттенмелер амортизациялык наркы боюнча чагылдырылат, ал эми баланстык нарк менен төлөө наркынын ортосундагы тиешелүү айырма карыз алуу мөөнөтү ичинде, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, пайыздык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

**Уставдык капитал жана камдар**

Улуттук банк катталган өлчөмдөгү уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү же азайтуу «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Милдеттүү камдар аларды бөлүштүрүү учурунда пайдадан чегерүү аркылуу топтолот. Милдеттүү камдар баштапкы наркында эсепке алынат.

**Кирешелерди жана чыгашаларды таануу**

*Пайыздык кирешелерди жана чыгашаларды таануу*

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар чегерүү принциби боюнча чагылдырылат жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча эсептелинет. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы – бул, финансылык активдин же финансылык милдеттенмелердин амортизациялык наркын эсептөөнү, ошондой эле пайыздык кирешени же пайыздык чыгашаны тиешелүү мезгилге чегерүүнү түшүндүргөн ыкма. Эффективдүү пайыздык чен – бул, анын жардамы менен келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү финансылык активдин же финансылык милдеттенменин учурдагы таза наркына ылайык келтирилген пайыздык чен. Мында, дисконттоо финансы инструментинин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү аралыгында же, эгерде аны колдонууга боло турган болсо кыйла кыска мөөнөттө ишке ашырылат.

Эгерде финансылык актив баанын түшүүсүнүн натыйжасында алынып салынган (жарым жартылай алынып салынган) болсо, пайыздык киреше баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептөө максатында, келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Адилет наркы боюнча бааланган активдерден алынган пайыздар пайыздык киреше катары классификацияланат.

*Комиссиондук кирешелерди жана чыгашаларды таануу*

Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдү ишке ашыргандык үчүн комиссиондук кирешелер, ошондой эле банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча комиссиондук чыгашалар кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша таанылат. Башка комиссиондук төлөмдөр кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша чагылдырылат.

**Чет өлкө валюталарын кайра эсептөө ыкмасы**

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчету банк өз ишин жүргүзгөн негизги экономикалык чөйрөнүн валютасында (анын функционалдык валютасы) берилген. Функционалдык валютадан башка валюталарда келишилген бүтүмдөр, бүтүм ишке ашырылган күнгө карата алмашуу курсу боюнча эсепке алынат. Мына ушундай бүтүмдөрдүн натыйжасында алынган пайда жана чыгым баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайдага кошулат. Баалуу металлдарды, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоо саясаты 3-түшүндүрмөдө чечмеленген.

Консолидацияланган финансылык отчетту берүү максатында, Улуттук банктын чет өлкө операциялары боюнча активдери жана милдеттенмелери, консолидацияланган финансылык отчетту түзүү күнүнө карата алмашуу курсун пайдалануу менен сом түрүндө туюндурулган.

**Алмашуу курсу**

2010 жана 2009-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк тарабынан консолидацияланган финансылык отчетту түзүүдө колдонулган эсептик алмашуу курстары жөнүндө маалыматтар төмөндө келтирилген:

| | **2010-жылдын бештин айынын отуз бири** | **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** |
|---|---|---|
| сом/АКШ доллары | 47.0992 | 44.0917 |
| сом/евро | 61.7949 | 63.5229 |
| сом/атайы карыз алышуу укугу | 71.9011 | 69.1644 |
| сом/канада доллары | 46.6435 | 41.9901 |
| сом/австралия доллары | 47.2353 | 39.0167 |
| сом/швейцария франкы | 48.8843 | 42.5657 |
| сом/англия фунт стерлинги | 72.6077 | 70.4012 |

**Депозитарий функциясы**

Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине депо эсептери боюнча баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүнү камсыз кылуу аркылуу депозитарийдин кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштайт. Жогоруда аталган кызмат көрсөтүүнүн чегинде алынган активдер жана кабыл алынган милдеттенмелер Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна кошулбайт. Мына ушул операциялар боюнча кредиттик жана рыноктук тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлөт.

**Жетекчиликтин олуттуу баа берүүлөрү жана баа берүүлөрдүн белгисиздик булактары жагында**

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетун даярдоо жетекчиликтен отчеттук күнгө карата активдердин жана милдеттенмелердин отчетто берилген суммаларына, ошондой эле бүткөн мезгил ичинде кирешелердин жана чыгашалардын суммаларына таасир эткен баа берүүлөрдү жүргүзүүнү талап кылат. Жетекчилик өз ой-пикирлерин жана баалоолоруна баа берүүнү ишке ашырып турат. Жетекчилик өз ой-пикирлеринде жана баалоолорунда мурдатан бери топтолгон тажрыйбаларга жана ар кандай факторлорго негизденет жана алар ошол жагдайларда алгылыктуу деп эсептелинет. Айкын натыйжа ар кандай жол берүүлөр жана жагдайлар шартында берилген баа берүүлөрдөн айрымаланышы мүмкүн. Төмөндөгү баа берүүлөр жана ой-пикирлер Улуттук банктын финансылык абалын чагылдыруу үчүн маанилүү деп эсептелинет.

*Финансылык инструменттерге баа берүүлөр*
Сатуу үчүн колдо болгондор катары классификацияланган финансылык инструменттер адилет наркы боюнча эсепке алынат. Мына ушундай финансылык инструменттердин адилет наркы бааланган сумманы түшүндүрөт жана ал боюнча инструмент, мажбурлап же жоюунун негизинде сатуу учурларын эске албаганда, бүтүмгө келишүүгө ниеттенген тараптар ортосунда утурумдук бүтүмдөргө келишүүдө алмаштырылышы мүмкүн. Эгерде ошол инструмент боюнча котировкалык рыноктук баа орун алса, адилет нарк рыноктук баанын негизинде эсептелинет. Эгерде, рынокто баа берүү үчүн параметрлер жок болсо же аларды орун алган рыноктук баадан бөлүү мүмкүн эмес болбосо, адилет нарк баалуу кагаздар боюнча контрактылардын шарттарын, ошондой эле пайыздык чен, өзгөрүлмөлүүлүк, алмашуу курсу жана контрагенттин кредиттик рейтинги сыяктуу рыноктук баа берүү параметрлерин кошо алганда, ар бир продукт үчүн алгылыктуу болгон жана колдо болгон башка рыноктук маалыматтарга анализдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу аныкталат. Баа берүүнүн рыноктук параметрлери түздөн-түз байкалбаган учурда, жетекчилик рынок тарабынан ошол инструмент боюнча аныкталышы мүмкүн болгон бааны так чагылдырган мына ошондой параметрге алгылыктуу баа берүүнү белгилейт. Мындай баа берүүнү ишке ашыруу учурунда алдын ала алынган маалыматтарды, мурдатан бери топтолгон маалыматтарды жана экстраполяция ыкмасын кошо алганда, ар кандай инструменттер колдонулат. Эгерде, инструменттин наркы рынокто орун алган маалыматтар менен салыштыруу аркылуу тастыкталбаса, бүтүмдүн баасы баштапкы таануу учурунда финансылык инструменттин адилет наркын эң мыкты тастыктоочу болуп саналат. Баа берүү ыкмасын колдонуу аркылуу алынган бүтүмдүн баасы менен наркынын ортосунда келип чыккан кандай болбосун айрыма, баштапкы таануу учурунда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылбайт, кийинчерээк пайда же чыгым, рыноктун катышуучулары баа түзүү учурунда кароого алган фактордун өзгөрүүсүнө байланыштуу болгон чекте гана таанылат.

**Күчүнө кире элек жана Улуттук банк тарабынан алдын ала кабыл алынбаган жаңы стандарттар жана түшүндүрмөлөр**

Мына ушул консолидацияланган финансылык отчетту бекитүү күнү азырынча күчүнө кире элек стандарттарга карата колдонулуучу бир катар жаңы стандарттар, түзөтүүлөр жана чечмелөөлөр жарыяланган. Жетекчилик, бардык жаңы стандарттар жана чечмелөөлөр күчүнө киргенден кийинки мезгилде эле Улуттук банк тарабынан кабыл алына тургандыгын болжолдоодо. Жаңы стандарттар, ошондой эле учурда колдонулуп жаткан стандарттарга карата азырынча колдонула элек, бирок келечекте Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчету үчүн колдонулушу мүмкүн болгон түзөтүүлөр жана комментарийлер төмөндө келтирилген. Айрым башка жаңы стандарттар, түзөтүүлөр жана чечмелөөлөр жарыяланган, бирок азырынча Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчету үчүн колдонула элек.

ФОЭС7 (түзөтүү) *Финансылык активдерди которуу*

Түзөтүүлөрдүн максаты – финансылык отчетторду пайдалануучуларга, финансылык активдерди кыйла кыйынчылыкка турган которууларга тиешелүү келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдикке жана ошол тобокелдиктин компаниянын финансылык абалына таасир этүүсүнө баа берүүсүнө жардам берет. Кошумча чечмелөөлөр пайдалануучулардын төмөнкүлөрдү түшүнүп алуусу үчүн маалыматтарды камсыз кылуу үчүн зарыл:

- толугу менен алынып салынбаган, өткөрүлүп берилген финансылык активдер менен тиешелүү милдеттенмелер ортосундагы байланышты түшүнүү.
- ошол уюмдун толук эсептен алынып саланган активдерге узак убакыт катышуусунун маңызына жана андан келип чыккан тобокелдиктерге баа берүү.

Жылдык отчеттук мезгилдер үчүн түзөтүүлөр 2011-жылдын теке айынын биринен тартып же андан кийин күчүнө кирет

**2010-жылдагы жылдык реформалар (2010-жылдын кулжа айынан тартып жана андан кийин күчүнө кирген)**

2010-жылдын бугу айында Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш «ФОЭСти 2010-жыл ичинде реформалоо» басылмасын чыгарган. Реформалардын олуттуу бөлүгү 2010-жылдын кулжа айынан же 2011-жылдын үчтүн айынан тартып башталган жылдык мезгилдерде күчүнө кирет. «ФОЭСти 2010-жыл ичинде реформалоо» ФОЭС1, ФОЭС 3R ФОЭС7, БЭЭС1, 27, 34 жана КИМФО 13 айрым пункттарын өзгөрткөн. Улуттук банктын алдын ала баа берүүсү боюнча ФОЭСти 2010-жылдагы реформалоо төмөнкүлөр үчүн талаптарды четтеткен ФОЭС7ге түзөтүүлөрдү эске албаганда, Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу деле таасир эткен эмес:

- эгерде, алардын шарттары кайрадан каралып чыкпаган болсо, мөөнөтү өткөрүлүп же баасы түшүшү мүмкүн болгон финансылык активдердин баланстык наркы;
- баланстык наркы кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушар болушу ыктымал болгон финансылык инструменттер үчүн кредиттик тобокелдикке максималдуу дуушар болуу;
- мөөнөтүндө төлөнбөгөн же баасы түшкөн финансылык активдер үчүн кармалып турган күрөөнүн адилет наркын чагылдыруу же баа берүү;

ФОЭС 9. *Финансылык инструменттер*

Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш «Финансылык инструменттер: таануу жана баа берүү» деп аталган БЭЭС 39ду алмаштыруу токтомун чыгарган. Алмаштырылган стандарт (ФОЭС 9) этап-этап боюнча чыгарылат. Учурда финансылык активдерди жана милдеттенмелерди таануу, классификациялоо, баа берүү жана токтотууга тиешелүү главалар басып чыгарылган. Бул главалар 2013-жылдын үчтүн айынын биринен тартып башталган жылдык отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Баанын түшүүсү методологиясына жана хеджирлөө объектерине тиешелүү калган главалар иштелип чыгууда.

Жетекчилик, бул түзөтүүлөр Улуттук банктын финансылык отчетуна толук таасир этишине баа берүүгө да тийиш. Бирок, алгачкы баа берүү боюнча, түзөтүүлөр сатуу үчүн каралган финансылык активдерге тиешелүү бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө таасир этиши ыктымалдыгын болжолдоого болот, анткени ФОЭС9 адилет нарктын өзгөрүүсүнөн кирешелерди жана чыгашаларды, эгерде алар соода жүргүзүү үчүн каралбаган үлүштүк салымдарга кирсе, башка чогуу алгандагы кирешеде гана таанууга уруксат берет.

Ошентип, сатууга каралган инвестициялар үчүн адилет нарктын өзгөрүүсүнөн кирешелер жана чыгашалар, түздөн-түз түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Ушул отчеттук мезгилде Улуттук банк 755 миң сом суммасындагы мындай чыгымды башка чогуу алгандагы кирешеде таанылат. Мындан тышкары, амортизацияланган наркы жана адилет наркы боюнча гана бааланган финансылык активдердин эки категориясы болот.

## 5. БААЛУУ МЕТАЛДАР

Баалуу металлдар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2010-жылдын бештин айынын отуз бири | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| Депозиттердеги алтын | 5 500 385 | 4 002 460 |
| Депозиттердеги күмүш | 527 | 280 |
| | 5 500 912 | 4 002 740 |
| Баанын түшүүсүнө кам | - | - |
| **Жыйынтыгында, баалуу металлдар** | **5 500 912** | **4 002 740** |

Алтын жана күмүш физикалык салмагында 2010 жана 2009-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата өзгөргөн эмес жана тиешелүүлүгүнө жараша 83 090 троян унциясын жана 364 троян унциясын түзөт.

2010 жана 2009-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн баалуу металлдар боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат 21-түшүндүрмөдө берилген.

## 6. БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕГИ КАРАЖАТТАР

